**Токоева Г.А., Аматова Г.У.**

**Ош мамлекеттик университети**

**Философия жана политология кафедрасы**

# *Философия боюнча лекциялар курсу (онтология, гносеология)*

**“Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жогорку окуу жайлардын студенттери үчүн окуу куралы катары уруксат кылынган” деген грифи менен басып чыгарууга уруксат берилген.**

**Ош – 2023**

**Жооптуу редактор:** Философия илимдеринин кандидаты,
доцент В.Б.Джанибекова

**Рецензенттер:** Философияилимдерининдоктору, профессор, Кыргыз
Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген ишмер
Т. Аттокуров
Философия илимдеринин кандидаты, доцент К.А.Матаев.

Колуңуздагы китепте философиянын негизги бөлүктөрү болгон онтология жана гносеология боюнча маалымат берилип, философиянын адамдын жана коомдун жашоосундагы ролу, дүйнөнү философиялык түшүнүү: бытие, материя категориялары, жаратылыш, аң сезим, философиядагы адам проблемасы, таанып-билүү жана илимий таанып-билүүнүн өзгөчөлүктөрү ачылып берилет.

Китеп жогорку жана орто окуу жайларынын окутуучуларына, аспиранттарына, студенттерине, жалпы эле философия илимине кызыккандарга арналат.

## Кириш сөз

Философия предметин окутуу жогорку билим берүү системасында салттуу түрдө фундаменталдуу орунду ээлейт. Жеке илимдерге карата философия жалпы мүнөздөгү билим болгондуктан, ал методологиялык негизди түзөт: конкреттүү илимдер философиянын категориялдык – түшүнүк аппараты гана аркылуу өздүк корутундуларды жасашат. Ал эми философия – жаратылыш, коом жана аң сезимдин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп үйрөтүүчү илим болуп саналып, анын мыйзамдары бардык чөйрөлөргө таандык экендиги менен башка предметтерден өзгөчөлөнүп турат.

Белгилүү болгондой, философия предмети бардык адистиктердеги студенттер үчүн окутулган сабак. Ошондуктан бул окуу куралынын максаты – келечектеги адистерге философиялык түшүнүк категорияларды, мыйзамдарды өздөштүрүүсүнө жардам берүү.

Колуңуздагы окуу куралы жогорку окуу жайларындагы билим берүүнүн мамлекеттик стандартынын негизиндеги программасына ылайык түзүлүп, анда философиянын негизги бөлүктөрү болгон онтология жана гносеология терең ачылып берилет. Бул бөлүктөр дүйнөнү, коомду таанып-билүү жана чагылдыруу, диалектикалык-материалисттик түшүнүү теориясынын проблемаларын чечүүдө кызмат аткарышат.

Философия предмети боюнча кыргыз тилиндеги адабияттардын жетишсиздигинен улам, окуу куралы авторлор тарабынан мамлекеттик тилде жазылган.

Философия боюнча лекциялар курсунун материалдары Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин, аспиранттарынын арасында лекциялык жана семинардык сабактарында апробацияланган. Окуу куралы окурмандардын кеңири чөйрөсүнө: окутуучуларына, аспиранттарына, студенттерине, жалпы эле философия илимине кызыккандарга арналат. Авторлор окуу куралы боюнча өз сунуштарын, сын-пикирлерин айткан

окурмандарга алдын-ала ыраазычылык билдирүү менен айтылган сунуштарды кийинки чыгарылышта эске аларын билдиришет.

Авторлор.

## Тема: Философиянын адамдын жашоосунда жана коомдогу ролу

1. Дүйнөгө болгон көз караш түшүнүгү. Дүйнөгө болгон көз караштын тарыхый типтери.

2. Дүйнөгө болгон көз караш жана философия. Философиянын негизги маселеси жана анын эки жагы.

3. Философия жана башка илимдер. Философиянын социалдык функциялары.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
3. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.
4. К. Маркс жана Ф.Энгельс. Чыгармалар 20-том, 545-бет.
5. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций. М., 2003.
6. Кохановский В.П. Философия.-М., 2010.
7. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.
8. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.


**Дүйнөгө болгон көз караш** – адамдардын дүйнөдө ээлеген орду жана алардын курчап турган дүйнө жөнүндөгү элестөөлөрү, түшүнүктөрү жана көз караштарынын жыйындысы.

Дүйнөгө болгон көз караш кең жана тар мааниде берилет. Кең маанидеги дүйнөгө болгон көз караш өзүнө жаратылыштын, коомдун көрүнүштөрүнө жалпы көз караштардын жыйындысы (философиялык, коомдук-саясий, этикалык, эстетикалык, табигый жана илимий көз караштар).

Тар маанидеги дүйнөгө болгон көз караш – философиялык гана көз караштар.

Дүйнөгө болгон көз караштын объектиси – бүтүндөй дүйнө. Ал эми предмети болсо – объектиден дүйнөгө болгон көз караш эмнени бөлүп караса ошого жараша болот, б.а жаратылыш дүйнөсү, коом ж.б.

Дүйнөгө болгон көз караштын тарыхый типтери:

1. Мифология (уламыш)
2. Религия (дин)
3. Философия

**Мифология** – бул коомдук аң сезимдин формасы, байыркы коомдук көз караш. Ал өзүнө курчап турган чындыкты фантастикалык же реалисттик кабыл алууларды камтыйт. Мисалы, эки баштуу ажыдаар, байыркы Грециядагы кудайлар, Акбара менен Ташчайнар ж.б.

Төмөндөгү суроолорго жооп табуу максатында уламыштар жаралган.

1. Ааламдын пайда болуусу, жаралышы, жер жана адам;
2. Жаратылыштагы көрүнүштөрдү түшүндүрүү;
3. Адамдардын турмушу, тагдыры жана өлүмү, адамдардын ишмердүүлүгү жана жетишкендиктери;
4. Этикалык – нравалык маселелер.

Жогорудагы суроолорго жооп берүүдө байыркы адамдар өздөрүнүн түшүнүк деңгээлине жараша ар түрдүү мифтерди жаратышкан. Мисалы, алар күндүн күркүрөшүн, чагылгандын чагылышын, жердин титирешин ж.б. жаратылыш кубулуштарын көркөм фантазиянын кубаты менен таанып-билүүгө, түшүндүрүүгө аракеттенишкен.

Мисал катары алсак, булуттардын орун которуп тынымсыз жылышын, жамгырдын жаашын перинин кийлигишүүсү менен болуп жаткан окуя катары баяндашкан. Ал колуна камчы алып башкарып турат деп түшүнүшкөн. Ошол теске алып туруу процессинде перинин кыйкырганы күндүн күркүрөшү, камчы чапканы асмандагы чагылгандын жаркылдашы деп кабылдашкан. Ошондой эле, жердин титирешин да өздөрүнүн деңгээлинде, жерди өгүз бир мүйүзү менен көтөрүп турат, анысы талып кетип экинчи мүйүзү менен алмаштырганда жер титирейт деп түшүндүрүшкөн. Ал эми табияттагы

көрүнүштөрдү түшүндүрүү боюнча “Айдагы кыз” уламышын, этикалык – нравалык маселелерди чечүү туралуу “Күкүк жана Зейнеп” сыяктуу уламыштарын атоого болот.

Уламыштын белгилери:

1. Жаратылышты адамдаштыруу;
2. Фантастикалык кудайлардын болуусу, алардын адамдар менен болгон мамилеси;
3. Конкреттүү турмуштук маселелерди чечүүдө мифтин практикалык багыттуулугу;
4. Мифологиялык сюжеттердин окшоштугу же үстүртөн экендиги.

Демек, уламыштарды эң байыркы мезгилдеги адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, дүйнө түшүнүүсү, дүйнө кабылдоосу катары карасак болот. Байыркы адамдар дүйнөдөгү болуп жаткан процесстерди түшүндүрүүдө, атайын мифтерди жаратышып, ошолордун негизинде түшүндүрүүгө аракет кылышкан.

Тарыхтан белгилүү болгондой, орто кылымдарга келгенде диний көз караш үстөмдүк кыла баштаган. Дүйнөнү түшүндүрүүдө диний көз караш пайда болду.

**Дин -** дүйнөгө болгон көз караштын формасы, ал фантастикалык, табияттан сырткаркы күчтөрдүн адамдардын турмушуна, курчап турган дүйнөгө таасир этүү ишенимине негизделген. Диний дүйнөгө болгон көз караштa курчап турган чындыкты сезимдик, образдык – эмоционалдык формада кабыл алуу мүнөздүү.

Дүйнөгө болгон көз караштын экинчи тарыхый тиби болгон диний көз караш жогорудагы уламыштар чечүүгө аракет кылган суроолорго эле жооп издейт. Ал суроолорго жооп берүүдө уламыштан айырмаланып, дүйнөдөгү нерселердин жаратуучусу (табияттан сырткаркы күч) жана болуп жаткан процесстер да ошол күчтүн таасири менен болот деп жооп беришкен.

**Негизги дүйнөлүк диндер:**

**1. Христиан**

**2. Ислам**

**3. Буддизм**

Дүйнөдөгү таралган улуттук диндер: синтоизм, индуизм, иудаизм ж.б. Диндин негизги аткарган кызматтары:

**1. Дүйнөгө болгон көз караштык** – адамдардын дүйнөгө болгон көз карашын диний негизде калыптандырат.

**2. Бириктирүүчүлүк** - коомду кандайдыр бир идеянын айланасында бириктирүү. Мисалы, ислам динине ар кайсы улуттар бириккен. Ошондой эле христиан жана буддизмде да түрдүү улуттар бар.

**3. Культурологиялык** – белгилүү бир диндин таркалышы жана анын маданиятка таасир этиши. Мисалы, ислам дининин кириши менен жоолук салынуу маданияты, жууну маданияты ж.б. пайда болду десек болот.

**4. Нравалык – тарбиялык функциясы.** Динде коомдо жакын адамдарын сүйүүгө, боорукердикке, чынчылдыкка, милдеттүүлүк идеяларын иштеп чыгуу менен жоопкерчиликке тарбиялайт. Адамдарды жаман сапаттардан алыс болуп жакшы сапаттарга чакырат.

**5. Регулятордук кызматы** – адамдардын жүрүш турушун жөнгө салат. Коомчулукка эмне жаман, эмне жакшы экендигин көрсөтүп берүү менен жүрүм турум эрежелерди иштеп чыгат. Алсак, ислам converged дининде уурулук кылба, ушак сүйлөбө, адам өлтүрбө, ата-энеңи жана улууларды урматта ж.б. толуп жаткан эрежелер бар. Эгерде туура эмес иштерди жасап, жүрүм турум эрежелерди бузсаң күнөөгө батасың деп айтылат. Күнөөгө батып Аллахтын каарына калган адам тиги дүйнөдө тозокко түшөт деп белгиленет.

**6. Тарыхый маданияттык кызматы** – муундан-муунга диний үрп адаттар диний көз караштар өтүп турат.

Ошентип, дин адамдардын дүйнөгө болгон көз карашын эле калыптандырбастан жогоруда белгиленгендей бир топ маанилүү кызматтарды да аткарат.

Дүйнөгө болгон көз караштын үчүнчү тарыхый тиби **философиялык** көз караш болуп саналат. Алгач философия деген сөз эмнени түшүндүрөт ошого кыскача токтололу. **Философия** – термини грек тилинен которгондо “philio”- сүйүү, “sophia”- акылмандуулук дегенди түшүндүрөт. Сөзмө сөз которгондо “акылмандуулукту сүйүү” деп аталат. Байыркы Грецияда турмуш тарабынан коюлган ар түрдүү суроолорго акылдуу жана маанилүү жооп бергендерди философтор деп атаган.

**Философия** – дүйнөгө болгон көз караштын өзгөчө илимий – теоретикалык тиби, ал дүйнөгө болгон көз караштын эң жогорку деңгээли болуу менен өзүнүн рационалдуулугу, системалуулугу жана логикалуулугу менен айырмаланат.

Философиялык дүйнөгө болгон көз караштын уламыш жана диний көз караштан айырмасы:

- Философиялык дүйнөгө болгон көз караш билимге негизделет. Ал эми дин ишенимге, уламыш ойлоп чыгууга негизделет.
- Философиялык дүйнөгө болгон көз караш логикалуу б.а. ички бirimдик же система бар.
- Философиялык дүйнөгө болгон көз караш түшүнүктөргө же категорияларга таянат.

Философиянын дүйнөгө болгон көз караш болуп калыптануусундагы негизги эволюциялык стадиялары: **космоцентризм, теоцентризм, антропоцентризм**.

**Космоцентризм** – философиялык көз караш, анын негизинде курчап турган дүйнөнү жана жаратылыштагы көрүнүштөрдү тышкы күчтөрдүн таасир этүүсү аркылуу түшүндүрүү. Ал күч Космос, бар болгон нерселердин бардыгы космос жана космостук циклге көз каранды деп каралат. Мындай көз караш байыркы Индия, байыркы Кытай жана байыркы Грецияга таандык.

**Теоцентризм** – бардык нерселер түшүнүксүз, табияттан тышкары турган жогорку күчкө Кудайга көз каранды деп түшүндүрүлөт. Бул көз караш орто кылымдагы Европага тиешелүү.

**Антропоцентризм** – бул философиялык дүйнөгө болгон көз караштын борборунда адам проблемасы турат. Аталган көз караш кайра жаралуу мезгилинде пайда болгон о.э. жаңы мезгилдеги философияга жана бүгүнкү күндөгү философиялык мектептерге таандык.

Философия илими жана анын мыйзамдары бардык чөйрөлөргө тиешелүү б.а. жаратылышка, коомго, аң сезим чөйрөсүнө. Ошондуктан, **философия – жаратылыштын, коомдун жана аң сезимдин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп үйрөтүүчү илим болуп саналат.** Эгерде жеке илимдердин предмети болуп дүйнөнүн белгилүү гана чөйрөлөрү эсептелсе, философиянын предмети болуп жалпы дүйнө жана адамдардын ошол дүйнөгө болгон катышы саналат.

Жеке илимдердин мыйзамдары дүйнөнүн белгилүү гана чөйрөлөрүнө таандык болсо, философиянын мыйзамдары бардык чөйрөлөргө таандык.

## Философиянын предмети жана методдору.

Философиянын предмети негизинен 4 бөлүктөн турат:

1. **Онтология (бытие жөнүндөгү окуу)**
2. **Гносеология (таанып-билүү жөнүндөгү окуу)**
3. **Адам**
4. **Коом**

Ушул бөлүктөрдүн айланасында төмөндөгү маселелер козголот:

Бытие жана анын маңызы, материя анын формалары, түрлөрү, түзүлүшү. Кыймыл материянын жашоо жолу катары, кыймылдын формалары, аң сезим, анын келип чыгуусу, аң сезим менен материянын өз ара катышы, адам деген ким, анын жашоосунун маңызы, адамдардын рухий дүйнөсү, жаратылыш философиялык ой-жүгүртүүнүн объектиси катары, глобалдуу экологиялык проблемалар жана аларды чечүүнүн жолдору, жаратылыш менен коомдун ортосундагы байланыштар жана каршылыктар, диалектика жана анын

мыйзамдары, категориялары, таанып-билүү, илимий таанып-билүү, коом, коомдук турмуштун чөйрөлөрү, экологиялык проблемалар ж.б. суроолор.

**Философиялык методдор** – философиялык изилдөөлөрдү ишке ашырууда колдонулуучу жолдор же каражаттар. Философиянын негизги методдору:

**Диалектика** (Платон, Гераклит, Гегель, Маркс) – философиялык изилдөөнүн методу, мында нерсе жана көрүнүштөрдү карама-каршылыкта, өзгөрүүдө, өнүгүүдө, себеп натыйжада деп кароо жана изилдөө жүргүзүлөт.

**Метафизика** (Гольбах, Фейербах, Гоббс) – каралуучу объект өз алдынча байланышсыз каралат.

**Догматизм** – курчап турган чөйрөнү догма аркылуу, али такталбаган жогорудан берилген абсолюттук мүнөздөгү ойлор аркылуу кабыл алуу.

**Эклектика** (Бухарин, Джемс) – мында бөлүнгөн, бирдиктүү чыгармачылык башаты жок фактыларды, түшүнүк категорияларды жасалма түрдө бириктирүү жана үстүртөн чындыкка окшогон жыйынтык чыгаруу.

**Философиянын аткарган кызматтары:**

1. **Дүйнөгө болгон көз караштык кызматы** – дүйнөгө көз караштын бүтүндүгүн, калыптануусун дүйнөдөгү адамдардын ордун, курчап турган дүйнө менен болгон байланыш принциптерин жөндөйт. Дүйнөнү абстрактуу, теориялык мүнөздө түшүндүрүү менен байланышкан. Адамдардын дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандырат.
2. **Методологиялык кызматы** – мында философия курчап турган чындыкты таанып-билүүнүн методдорун иштеп чыгат. Ошол методдорду пайдаланып обьективдүү дүйнөнү таанып-билүү ишке ашат.
3. **Гносеологиялык** – объективдүү чындыкты туура так таанып-билүү максатын коет. Таанып-билүүнүн негизги максаты акыйкатка жетүү болуп саналат. Акыйкатка жетүү жолдору аныкталып берилет.
4. **Сындоо кызматы** – таанып-билүүнүн чектерин кеңейтүү, догмаларды жок кылуу, эски билимди модернизациялоо жана анын туура экендигин аныктоо.

5. **Аксиологиялык** – нерселерди, курчап турган көрүнүштөрдү ар кандай баалуулуктардын чегинде баа берүү. Бул кызматтын негизги максаты керектүү баалуу, пайдалууларын алып калып керексиздерин алып таштоо.
6. **Социалдык кызматы** – коом анын келип чыгуу себебин, эволюциясын, бүгүнкү күндөгү абалын, структурасын, элементин, кыймылдаткыч күчтөрүн түшүндүрүү, о.э. коомдогу карама-каршылыктарды ачып көрсөтүп, аны жок кылуу жана жеңилдетүү жолдорун издөө.
7. **Тарбиялык-гуманитардык кызматы** – гуманисттик баалуулуктар жана идеалдарды адамдарга жана коомго сиңирүү, адамдардын курчап турган чөйрөгө ыңгайланышына, жашоосунун маңызын издөөгө жардам берүү.
8. **Прогноздоо же алдын ала айтуу кызматы** – мында курчап турган дүйнө жана адамдар жөнүндөгү философиялык билимдердин негизинде таанып-билүүнүн жетишкендиктеринин жардамы менен өнүгүүнүн тенденциясын, жаратылыштын, коомдук жана аң сезимдин келечегин алдын ала айтуу.

***Философиянын негизги маселеси жана анын эки жагы.***

Философиянын негизги маселеси болуп ойлоонун бытиеге, аң сезимдин (рухий дүйнөнүн) материяга (материалдык дүйнөгө) болгон катышы.

**Философиянын негизги маселесинин эки жагы бар.**

1. **Онтологиялык жагы** – эмне алгачкы? Материябы же аң сезимби?- деген суроого жооп берет.
2. **Гносеологиялык жагы** – дүйнөнү таанып-билүүгө болобу же жокпу? Таанып-билүү процессинде эмне алгачкы? - деген суроого жооп издейт.

Философиянын негизги маселесинин биринчи жагына жооп берүүдө төмөндөгүдөй философиялык багыттарга бөлүнгөн.

1. **Материализм** (Демокрит, Гераклит, Бэкон, Гоббс, Дидро, Фейербах, Маркс, Энгельс, Ленин).

2. **Идеализм** (Платон, Аквинский, Юм, Беркли, Кант, Гегель, Шопенгауер, Ницще, Соловьев, Флоренский).
3. **Деизм** (Чербери, Гоббс, Локк).
4. **Дуализм** (Декарт, Рибо, Вундт, Липпс).

Материализм жана идеализм багыттарына биринчи жолу классикалык аныктаманы немец философу Фридрих Шлегель берген.

“Материализм, - деп жазган ал, - бардыгын материянын негизинде түшүндүрөт, материяны бардык нерселердин башаты, булагы катары кабыл алат. Идеализм бардыгын бир рухтан чыгарат, материянын рухтан пайда болушун түшүндүрөт же материяны ага баш ийдирет”.

Материализмдин негиздөөчүлөрү – материалисттер. Алар материя алгачкы жана дүйнөнү таанып-билүүгө болот деп эсептешет.

**Материализмдин тарыхый формалары:**

1. **Наристе материализм** – бул байыркы грек философиясына таандык. Байыркы грек ойчулдары дүйнөнү жана нерселерди конкреттүү материалдык заттан пайда болгон дешет. Мисалы, Фалес дүйнө суудан пайда болгон десе, Гераклит дүйнө оттон жаралган дейт. Ал эми Анаксимен абадан, Анаксимандр апейрондон, Демокрит атомдон пайда болгон деп эсептешет. Бул көз караштар божомолдоо ой жүгүртүү түрүндө болгон. Аларды илимий түрдө ал кезде аныктоого мүмкүн эмес эле.
2. **Метафизикалык материализм** – дүйнөнү жана нерселерди кыймылсыз, өзгөрүүсүз карайт. Ал өз алдынча үчкө бөлүнүп кетет.

а) Механикалык материализм – механиканын мыйзамдарынын ачылышы менен байланыштуу. Бул материализм Ньютондун мыйзамдарын механикалык түрдө бардык чөйрөлөргө колдонуудан улам келип чыккан. Булар Ньютондун мыйзамдары белгилүү гана чөйрөлөргө, атап айтканда макро дүйнөгө гана таандык экендигин эске алышкан эмес.

б) Вульгардык материализм – (Бэкон, Локк, Спиноза, Дидро, Бюхнер) булардын оюу боюнча боор өттү кантип бөлүп чыгарса, ошондой эле мээ да ойду бөлүп чыгарат дейт, башкача айтканда аң сезимди материалдык нерсе катары карайт.

в) Антропологиялык материализм – негиздөөчүсү Л.Фейербах. Ал адамдарды материалистик көз караш менен караган. Бирок аны жалаң гана биологиялык нерсе катары караган, социалдык же коомдук жагын эске алган эмес. Башкача айтканда адамдардын жаныбарлардан айырмасын түшүнгөн эмес.

**3. Табигый илимдик материализм** – бул материализмдин позициясында стихиялуу түрдө көптөгөн табият таануу илимдеринин өкүлдөрү турган. Физиктер, химиктер, биологдор, географтар ж.б.

**4. Диалектикалык же тарыхый материализм** – негиздөөчүлөрү К.Маркс, Ф.Энгельс жана В.И.Ленин. Мында, диалектиканы – жаратылыштын, коомдун жана аң сезим чөйрөлөрүнүн жалпы өнүгүү мыйзамдары жөнүндөгү окуу деп карайт.

**Идеализм** багыты (Платондун линиясы) – аң сезимди (духту, идеяны) алгачкы деп эсептешет. Ал экиге бөлүнөт. **Субъективдүү жана объективдүү.**

**Субъективдүү идеалисттер** биринчи деп адамдардын аң сезимин, туюуларын эсептейт. Булардын оюу боюнча дүйнө бул туюулардын суммасы дейт. Субъективдүү идеалисттер дүйнөдө адам жана анын туюулары гана жашайт деген ойго келишет б.а. дүйнөдөгү нерселердин реалдуу жашагандыгын четке кагат. Мындай субъективдүү идеализмдин ашынган формасы **солипсизм** деп аталат. Солипсизмге ылайык, мен жана менин туюуларым жөнүндө гана туура айта алам.

**Объективдүү идеализм** – биринчи деп адамдардан сырткары жашаган кандайдыр бир абсолюттук дух же идеяны эсептейт. Ошол идея бүт дүйнөнү, коомду жана адамдарды жаратуучу дешет. Мисалы, дин объективдүү идеализмдин бир түрү.

Дуализм – Негиздөөчүсү Р. Декарт. Дүйнөнүн негизинде эки нерсе жатат дейт. Материя жана аң сезим. Бирок булардын ортосунда эч кандай байланыш жок жана булар өз алдынча жашайт деп эсептейт.

Деизм – негиздөөчүлөрү XVIII к. Француз агартуучулары. Булардын көз караштары дуализмдердин көз караштарына окшош болгон, бирок дүйнөнү эң алгач Кудай жараткан да, адамдардын андан кийинки турмушуна кийлигишпейт деп түшүндүрүшөт.

**Философиянын экинчи жагына жооп берүүдө төмөндөгү багыттарга бөлүнгөн:**

1. **Гностицизм** – өкүлдөрү материалисттер, алар дүйнөнү таанып-билүүгө болот адамдын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрүнө чек жок дешет.
2. **Агностицизм** – негизги өкүлдөрү И.Кант жана Д.Юм. И.Кант жарым материалист, жарым идеалист. Себеби, ал дүйнөдөгү нерселер аң сезимге көз карандысыз жашайт б.а. материя алгачкы деп материалист катары жооп берсе, экинчи жагына дүйнөнү таанып-билүүгө болбойт деп идеалисттердей жооп берет. Юм субъективдүү идеалист. Дүйнөнү таанып-билүүгө мүмкүн эмес, адамдардын таанып-билүү мүмкүнчүлүктөрү чектелген дейт.
3. **Эмпиризм** – негиздөөчүсү Ф.Бэкон. Ал таанып-билүүнүн негизинде сезимдик таанып-билүү турат дейт.
4. **Рационализм** – таанып-билүүдө акыл ой гана жетиштүү деп, рационалдык таанып-билүүнү негизги орунда карайт.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Дүйнөгө болгон көз карашка аныктама бергиле.
2. Дүйнөгө болгон көз караштын тарыхый типтерин бөлүп көрсөткүлө.
3. Дүйнөгө болгон көз караштын тарыхый типтеринин айырмачылыктарын тапкыла.

4. Философиянын негизги маселесин көрсөткүлө.
5. Философиянын башка илимдер менен болгон байланышына токтолгула.
6. Философиянын аткарган функцияларын атап бергиле.

**Тема: Дүйнөнү философиялык түшүнүү: бытие,**

**материя баштапкы категория катары.**

1. Бытие категориясы, анын маңызы өзгөчөлүгү.
2. Бытиенин негизги формалары, алардын диалектикасы.
3. Философияда субстанция проблемасы. Монизм жана дуализм.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно – политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии.- Фрунзе: Илим, 1985.
3. Введение в философию: Учеб. пособие для вузов. - М., 2002.
4. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
5. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.


**Онтология –** бытие проблемасын изилдеген философиянын борбордук бөлүктөрүнүн бири. «Онтология» грек тилинен алынып (ontos – бар нерсе, ал эми logos – окуу, түшүнүк, ой) бар болуу дегенди түшүндүрөт. Ал түшүнүк дүйнөдө бар болгон нерселерди, кубулуштарды өз ичине камтыйт. Ошондуктан бытиеге материалдык дүйнө, рухий дүйнө (аң сезим чөйрөсү) жана турмуштун ар түрдүү абалдары кирет.

**Бытие** - бул реалдуу жашаган, стабилдүү, өз алдынча, объективдүү, түбөлүк бар болгон нерселердин баарын өз ичине камтыган субстанция.

Бытие проблемасы философиядагы негизги проблемалардан болуп саналат. Ошондуктан философиянын калыптануусу да бытие проблемасын изилдөөдөн башталган. Дүйнөнү философиялык түшүнүүнүн мааниси да ушул бытие, материя категорияларынын мазмуну аркылуу ачылат. Анткени бул категориялар коомду таанып-билүү жана чагылдыруу, диалектикалык,

материалисттик түшүнүү теориясынын проблемаларын чечүүнүн алгачкы түйүнү болуп кызмат кылышат.

Бытие проблемасы башка философиялык маселелер менен бир катарда Байыркы Индия, Байыркы Кытай, антикалык философияда каралып, бытиенин маңызын түшүнүүгө аракеттенишкен.

Байыркы Грек философиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири Пармениддин оюу боюнча, бытие мындай мүнөзгө ээ: ал жаралбайт да, жок болбойт, аз же көп болушу мүмкүн эмес, эч качан өзгөрбөйт, өспөйт, чексиз. Бул ойго Гераклиттин көз карашы карама-каршы. Ал бытиени өзгөрүлүүчү, тынымсыз орун алмашуучу бытиенин бытие эместикке өтүү жолу аркылуу «жердин өлүмү - суунун жаралышы, суунун өлүмү - абанын жаралышы, абанын өлүмү - оттун жаралышы жана бул көрүнүштүн тескерисинче кайталанышы» деп түшүнгөн. Демек, бул ой жүгүртүүдө Парменид метафизик, Гераклит диалектик. Демокрит бытиени атомго – бөлүнбөс бөлүкчөгө окшоштурат, ал боштук менен бөлүнгөн атомдордун сансыз көп түрүнүн жашашын айтат. Демокриттин оюу боюнча бытиени, б.а. атомдорду таанып - билүүгө болот, ал эми боштукту таанып-билүү мүмкүн эмес. Ал эми Платон Парменид сыяктуу бытие түбөлүк, өзгөрбөс нерсе деп эсептеген, бытиенин көп түрдүүлүгүн таануу менен бытиени так чектейт:

1) Өзгөрүлбөс жана түбөлүк идеялар дүйнөсү;
2) Сезгич заттардын орун алуучу (өтмө дүйнө) дүйнөсү.

Анын оюу боюнча чыныгы бытие – бул түбөлүктүү, денесиз идеялар.

Ошентип, байыркы ойчулдардын бытие проблемасына карата көз караштары өзүнчө өзгөчөлөнүп турат, алар бытиени жана бытие эместикти чектешет жана дүйнө жөнүндөгү өздөрүнүн концепцияларын дал ушул категорияларга таянуу менен түзүүгө аракеттенишет.

Орто кылымда диний көз караштар үстөмдүк кылган жана бытие Кудай жараткан дүйнө катары каралган (Ф.Аквинский, А.Блаженный).

Кайра жаралуу доорунан жана Жаңы мезгилден тартып илимдер тез өнүгө баштаган (механика, математика, физика, астрономия). Бул мезгилде бытие физикалык реалдуулук катары каралган.

Немец классикалык философиянын өкүлдөрү бытиени көбүнчө рухий – идеалдык өңүттөн карай башташкан. Немец классикалык философиясынын негиздөөчүсү И.Кант онтологиянын өнүгүшүн жаңы нукка бурган. Онтологиянын милдети адам дүйнөнү, болмушту кандайча көрүп билет - ошонун түпкү жол-жоболорун аныктоо деп эсептеген.

Ал эми Гегель көңүлүн бытиенин жаңы деңгээлине, башкача айтканда мааниси субъекттин ишинин ар түрдүү формалары аркылуу ачыла турган объективдүү - идеалдуу бытиеге бурган.

Демек, бытие – бул философиялык категория болуп саналып, ал ар түрдүү кубулуштарды, нерселерди жана процесстерди өз ичине камтуу менен, аларды жашоо белгилери боюнча бириктирип турат. Бытие – реалдуу жашаган бар болгон нерселердин баары болуп саналат.

**Бытиенин негизги формалары.**

Бытиенин төрт формасы бар:

1. **Заттардын жана процесстердин бытиеси.**

а) табигый жаратылыш бытиеси - бул адамдарга көз карандысыз жашаган табигый жаратылган нерселер, процесстер жана кубулуштар. Мисалы, тоолор, токойлор, дарыялар ж.б.

б) жасалма жарытылыш бытиеси - адам аркылуу пайда болгон нерселер процесстер жана кубулуштар. Мисалы, суу сактагычтар, имараттар, жасалма көлмөлөр, жасалма бактар ж.б.

2. **Рухий бытие.**

а) индивидуалдаштырылган (жекелештирилген) рухий бытие - жеке адамдын аң сезиминин бытиеси.

б) объективтештирилген рухий бытие – коомдук аң сезимдин бытиеси.

Коомдук аң сезимге жалпы коомдун же ар түрдүү коомдук группалардын, таптардын аң сезими кирет. Коомдук аң сезим жана жеке

адамдын аң сезими дайыма байланышта турат. Башкача айтканда жеке адамдын аң сезими коомдук аң сезимге айланышы мүмкүн же тескерисинче болот. Мисалы, окумуштуу илимде ачылыш жасайт, ал коомдук аң сезимге айланат.

3. **Адам бытиеси.**

а) Адамдын нерсе катарында башка нерселердин арасындагы бытиеси. Дүйнөдөгү бардык нерселер бири-бири менен тыгыз байланышта болуп ошол аркылуу өзүнүн жашоосун өткөрөт. Дүйнөдөгү башка нерселер коом, жаратылыш болбосо адам жашай албайт;

б) Өзгөчө адамдардын жан жана дене биримдиги катарындагы бытиеси (материалдуулук менен идеалдуулуктун биримдигинде жашоосу). Адамдарда дене биринчи болуш керек, б.а. дене биринчи ролду жан экинчи ролду ойнойт. Денеде бардык органдар жакшы иштесе гана жан пайда болот. Мында дене материалдык, жан идеалдык катары каралат жана экөө сөзсүз биримдикте жашайт.

4. **Социалдык бытие.**

а) коомдогу адамдын бытиеси;

б) коомдун өзүнүн бытиеси.

Бытиенин бардык формалары бири-бири менен тыгыз байланышта, алар бири-бирисиз жашай албайт же бири-бирине таасирин тийгизип турат. Жаратылыш коомдун үйү, жаратылыш бытиеси болбосо коомдук бытие дагы болбойт.

## Философияда субстанция проблемасы. Монизм жана дуализм.

Бытиенин үч башкы чөйрөлөрү: коом, жаратылыш жана аң сезимдин жалпы бытиесинин биримдиги эмнеде деген суроо келип чыгат. Ар түрдүү заттардын объектердин биримдигин табуу үчүн алардын жалпы негизин же субстанциясын табуу керек.

***Субстанция*** – бул өз алдынча жашаган, өзүнүн бар болгондугуна башка нерселерге көз каранды болбогон, бардык заттардын, көрүнүштөрдүн түпкү

негизи же маңызы. Субстанция - бул айкын заттардын жана кубулуштардын көп түрдүүлүгүнүн ички биримдигин түшүндүргөн категория. Субстанция экиге бөлүнөт: монизм жана дуализм. ***Монизм*** - бул дүйнөнүн негизин бир гана нерсе түзөт деген философиялык агым. Ал өз ара материалисттик монизм жана идеалисттик монизм болуп бөлүнөт. Материалистик монизм дүйнөнүн негизин материя түзөт дейт (Гераклит, Спиноза). Идеалисттик монизм көрүнүштөрдүн же кубулуштардын башатын идея же дух деп эсептейт (Платон, Гегель).

***Дуализм*** - бул дүйнөнүн негизинде бири-бирине көз каранды болбогон эки башталма материя жана идея жатат деп эсептеген философиялык окуу.

Демек, **бытие** – бул философиянын түгөнгүс проблемасы, бул туурасында илимпоз – философтор гана ой жүгүртүп, талашып-тартышат деп ойлоо туура эмес, бул маселе баарыбызга тиешелүү. Адам өзү аңдабашы, билбеши мүмкүн, бирок ал дайыма бытиенин жанына, тегерегинде, арасында, ошондуктан «бытие» түбөлүк сыр, табышмак деп бааланат.

Мына ушул сыяктуу түшүнүксүз сыр аркылуу, аны түшүнөм деп алек болуу аркылуу адам өзүнүн адамдыгын түшүнөт, өзү жашап турган дүйнөнүн маани-маңызын түшүнөт.

## Тема: Материя жөнүндө философиялык окуу.

1. Материянын илимий – философиялык түшүнүгүнүн калыптанышы. Материянын түрлөрү жана формалары. Азыркы илим материянын түзүлүшү жөнүндө.
2. Кыймыл материянын жашоо жолу катары. Кыймылдын формалары. Азыркы илим кыймылдын формалары жөнүндө.
3. Мейкиндик жана убакыт материянын жашоо формалары катары, алардын касиеттери, өзгөчөлүктөрү.

**Адабияттар:**

1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.

2. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно – политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии.- Фрунзе: Илим, 1985.
3. Байбосунов А.А. Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек: Элпек, 2001.
4. Введение в философию: Учеб.пособие для вузов .- М., 2002.
5. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
6. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М., 2000.

Байыркы мезгилдерден бери материалисттер материяга өзгөчө маани берип, ага аныктама берүүгө аракеттенишкен. Байыркы Индиядагы философтор материяны бирден-бир реалдуулук деп таанышып келишсе, байыркы Грек философтору сууну, отту, абаны эң алгачкылар деп жарыялашкан.

Ал эми орто кылым доорунда дин үстөмдүк абалды ээлеп, философияны да өзүнө багындырган. Бирок, исламдын кысым көрсөткөнүнө карабастан, чыгыш ойчулдарынын бүтүндөй бир тайпасы материя проблемасын иштеп чыгууга аракеттенишкен. Мисалы, Абу-Рай хан Беруни «материя бардык заттардын негизинде жатат» деп белгилейт. «Материя, - дейт ал – айкындуулуктун кийимин киет, бул же тигил зат түрүндө көрүнөт». Ибн Сина материянын объективдүү түрдө жашагандыгына, анын чексиздигине, жаратылбагандыгына жана түбөлүктүүлүгүнө ишенет.

Орто кылымдын атактуу философу «Чыгыштан Аристотели» - Аль-Фараби. Ал материянын соолбостугу жөнүндө материалисттик тыянак чыгарган жана ал материя жандуу, ал эми денелүү заттарга жаңылануу, б.а. өзгөрүү, өнүгүү жөндөмдүүлүгү таандык дейт. Ал материянын ар түрдүүлүгүн ачкан жана материяга сапат, сан таандык, ал форманын негизи болуп кызмат кылат деп эсептейт, ошондой эле материянын жана форманын ажырымсыздыгына такай көңүл бурат, анын түбөлүктүүлүгүн, бузулбастыгын жана таанып билүүчүлүгүн баса белгилейт. Фарабинин ою боюнча бардык

заттар өз ара байланышта болушат. Ошентип, Чыгыштын ойчулдары Орто кылым доорунда материя проблемасын иштеп чыгууга зор салым кошушкан.

Жаңы мезгил доорунда материя түшүнүгүнүн негизинде көп учурда алгачкы материалдык башталма түшүнүгү эмес, бардык материалдык заттар (узундук, өткөрбөстүк, инерция) үчүн жалпы тийиштүү болгон негизги, алгачкы, өзгөрүлбөс касиеттердин түшүнүгү жаткан. Ушул эле доордо материалисттик философияда материяны түшүнүү боюнча башка тенденция да келип чыккан. Мисалы, Дж.Бруно жана Б.Спиноза үчүн материя жалпысынан бүткүл материалдык дүйнөнү түшүндүргөн. Идеализмге жана дуализмге карама-каршы алар өзүнө-өзү себепчи болуп саналган табият гана анык жашайт деп эсептешкен.

XVII кылымдан тартып материалисттик окууларда материяны учурдагы түшүнүүнүн жалпы теориялык философиялык өбөлгөлөрү калыптанат. Ушул мезгилде математика, табият таануу, коомдук илимдер өз алдынча тармактар катары философиядан бөлүнүп чыккандыгын жана өнүгүүгө ээ болгондугун белгилеп кетүү керек. Бирок, бул мезгилде механика бир кыйла өнүккөн илим болот.

Материя жөнүндө философиялык түшүнүктөрдү өнүктүрүүгө Л. Фейербах маанилүү салым кошкон. Ал материянын «бизден тышкары», ой жүгүртүүлөрдөн тышкары жашагандыгын баса белгилеген. Ошентсе да ар түрдүү себептердин натыйжасында белгилүү ишмердигине карабастан, марксизмге чейин материя жөнүндө ырааттуу окууну иштеп чыга алган эмес. Бул ишти белгилүү деңгээлде марксизм-ленинизм классиктери атап айтканда Ф. Энгельс жана В.И.Ленин жүзөгө ашырган.

К.Маркс жана Ф.Энгельс «материя» категориясын философия илиминин алгачкы, баштапкы категориясы катары карашкан жана «материя» категориясы алар тарабынан өтө эле абстракциялык философиялык категория катары каралган. Ф.Энгельс өзүнүн «Дюрингге каршы» жана «Табият диалектикасы» аттуу эмгектеринде бул проблеманы караган «дүйнө, курчап турган чөйрө, табият, бытие, объективдүү чындык» сыяктуу түшүнүктөргө

талдоо жүргүзөт. Ал үч улуу ачылыштарга клеткалар теориясы, энергиянын сакталуу жана айлануу мыйзамы, Дарвиндин эволюциялык теориясы менен таанышып, аларга карата ошондой эле жаңы атомистикага карата өзүнүн философиялык мамилесин иштеп чыгып, материянын өтө эле жалпы түшүнүгүн берген. Энгельс бүткүл дүйнө дайыма жана мыйзам ченемдүү түрүндө өзгөрүлүп жана кыймылдап туруучу материя жана мындан тышкары эч нерсе жок деп жазган. Материянын чексиздиги жана бүтүндөй жалпылаш, жок болбостугу жана жаратылбастыгы – жалпысынан, жалпы көрүнүшүндө бардык жашап жаткандардын негизи катары табияттын, дүйнөнүн, объективдүү чындыктын субстанциялык мүнөзү ушундай. Ал «Табият диалектикасы» эмгегинде материянын түпкү касиеттерин, белгилерин жана ар тараптан ачууга аракеттенген, анын ою боюнча, материянын эң маанилүү сапаттарынын бири объективдүүлүк жана чексиздик, жаратылбастык жана жоготулбастык, өз ара аракеттенүү жана кыймыл, тартуу жана түртүү, мейкиндик жана убакыт, өнүгүүгө жана өзүн-өзү өнүктүрүүгө жөндөмдүүлүгүн эсептеген.

Демек, марксизмге чейин материализм материя деп конкреттүү затты түшүнгөн, же нерселер заттан түзүлөт ошол зат материя деген. Идеализм материя деген түшүнүккө каршы чыккан. Субъективдүү идеализм материя - бул жок нерсе, ал идеялардын суммасы деп материя түшүнүгүн четке каккан. Ал эми объективдүү идеализм материянын жашагандыгын мойнуна алган, бирок материяны кандайдыр бир абсолюттук идеянын чыгармасы деп түшүнгөн. Мындай түшүнүктөр XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында физикада ж.б. табигый илимдерде бир катар конкреттүү түрдүү ачылыштарга болгонго чейин жашаган. Ал ачылыштар материяга болгон көз карашка төңкөрүш жасап, материя кеңири түшүнүк экендигин көрсөтөт. Анын зат катары түшүнүк эместигин далилдейт. Бул ачылыштарга электрондун ачылышы, радиактивдүү элементтердин ачылышы, рентген нурларынын ачылышы ж.б. кирет. Бул ачылыштарды анализдеп «Материализм жана

эмприокритицизм» аттуу эмгегинде В.И.Ленин материяга төмөндөгүдөй классикалык аныктама берген:

**Материя – бул объективдүү дүйнөнү чагылдырган философиялык категория, ал дүйнө биздин туюуларыбыз аркылуу копияланат, сүрөттөлөт, чагылдырылат жана көз карандысыз жашайт.**

Бул аныктаманын мааниси төмөндөгүдөй:

1. Материяны конкреттүү зат менен чаташтыруу керек эмес экендигин белгилейт.
2. Бул аныктама философиянын негизги маселесинин эки жагына тең оң жооп берет, башкача айтканда материянын биринчилигин белгилейт жана аны таанып-билүүгө мүмкүн экендигин көрсөтөт.
3. Бул аныктама жалпы идеализмге каршы багытталган жана материянын реалдуу түрдө жашагандыгын белгилейт.

**Материянын 3 формасы бар:**

1. Жансыз материя - органикалык эмес дүйнө.
2. Жандуу материя- органикалык дүйнө (өсүмдүктөр, жаныбарлар).
3. Социалдык же коомдук материя ( адам жана коом).

**Материянын 2 түрү бар:** 1) зат; 2) талаа. Зат экиге бөлүнөт: органикалык жана органикалык эмес. Талаа дагы төмөндөгүдөй болуп бөлүнөт: электрдик - магниттик, гравитациялык. Зат жана талаа материянын түрлөрү катары өзүнүн өзгөчөлүгүнө ээ. Заттык бөлүкчөлөргө жана денелерге кыймылсыздыктын массасы таандык, алар үзгүлтүктүү жана мейкиндикте чектелүү, ал эми физикалык талаалар жана алардын эң майда бөлүктөрү тескерисинче кыймылсыздыктын массасына ээ эмес, алар мейкиндикте туташ бөлүштүрүлгөн. Зат жана талаа ар түрдүү касиетке ээ болушса да, аларды бири-бирине карама каршы коюуга болбойт, алар өз ара байланышкан жана бири-бирине өтүп турушат. Талаалар заттардын түзүлүшүнө кирет, ал эми бөлүкчөлөр талаалардан ажырагыс болуп, аларды түзүшөт.

Биз күндөлүк турмушубузда материянын формалары же түрлөрү жана алар аркылуу материяны өзү менен түздөн-түз байланышта болобуз. Анткени, биздин сезүү органдарыбызга материянын өзү эмес, анын айкын формалары же түрлөрү таасир тийгизишет. Материяны философиялык түшүнүгүн жеке илимдердин кандайдыр бир түшүнүктөрү менен чаташтырууга болбойт, табият таануунун ар кандай ачылыштарында өзүнүн күчүн сактайт, эч кандай илимий ачылыштар объективдүү реалдуулук адамдын аң сезиминен сырткары жашабайт жана материянын алгачкылыгын жана аң сезимдин экинчилигин төгүнгө чыгарууга мүмкүн эмес.

## Материянын түзүлүшү

Материя жандуу жана жансыз заттардан түзүлөт. **Жансыздарга** (метагалактика, галактикалар системасы, галактика, планеталар системасы, планета, макротело, молекула, атом, вакуум (боштук), элементардык бөлүкчө кирищет).

Бүгүнкү күндө эң майда бөлүкчөлөр болуп элементардык бөлүкчөлөр саналат. Мисалы, фотон, позитрон, электрон, протон, нейтрон ж.б. бардык элементардык бөлүкчөлөрдүн антибөлүкчөлөрү белгилүү. Бүгүнкү күндө элементардык жана антиэлементардык бөлүкчөлөрдүн саны 300 дөн ашык.

Атом – химиялык элементтин касиетин сактаган, анын эң майда бөлүкчөсү. Ал ядродон жана электрондон турат. Ядро протон жана нейтрондон турат.

Молекула – химиялык байланыш менен бириккен, эки же андан көп атомдордон турган электрдик талаасы нейтралдык бөлүкчө.

Планеталар – Күндүн айланасында элипс боюнча кыймылдаган күн системасынын чоң массадагы телосу. Планеталар жер тибиндеги жана гигант планеталар болуп бөлүнүшөт.

Галактика – жүздөгөн млрд. жылдыздарды өз ичине камтыган жылдыздар системасы. Биздин галактика болуп саманчынын жолу саналат. Ал өз ичине 100 млрд.дан ашык жылдыздарды камтыйт.

Элементардык бөлүкчөлөрдөн баштап метагалактикага чейин жансыз материя болуп саналышат. Метагалактика деген эң чоң аалам же бүтүндөй дүйнө десек болот.

**Жандууларга** (адам жана коом, биоценоз, популяция, организм, клетка, ДНК жана РНК кирет). Жандуу материялар туралуу биология предметинен белгилүү.

## Кыймыл материянын жашоо жолу катары. Кыймылдын формалары. «Энергетизмди» сындоо

Кыймыл деген эмне? Адам баласы өз турмушунда дайыма кыймыл менен жашап келет. Материя эч ким тарабынан жаратылбаган сыяктуу эле кыймыл да эч ким тарабынан жаратылган эмес. Гераклит, Аристотель, Аль-Фараби, Ибн-Сина, Гоббс, Кант, Гегель, Ломоносов ж.б. кыймылдын табияты тууралуу терең ойлорду айтышкан, мисалы, Ибн-Сина «материянын абалынан ар түрдүүчө, б.а., сандык жана сапаттык жактан өзгөрүшү- кыймыл»,- деп түшүндүрүүгө аракеттенет. Ал эми Гоббс: «кыймыл орунду тынымсыз алмаштыруу, б.а., бир орунду калтырып, башка орунга баруу»,- дегендик дейт.

Ф. Энгельс өзүнүн «Табият диалектикасы» эмгегинде мындайча жазат: «Телолордун бири-бирине өз ара таасир тийгизишине аларды кандайдыр бир өзгөрүүгө алып келет. Материяга карата колдонулган кыймыл жалпысынан бул өзгөрүү».

Кыймылды билдирүү материяга тийиштүү болгон касиет дегендик, демек материя дайыма кыймылда болот, кыймылдан сырткары материя жок, болууга мүмкүн эмес. Кыймыл материяга тийиштүү, ошондуктан эч качан материяны кыймылдан, кыймылды материядан бөлүп кароого, аны материясыз ойлоого мүмкүн эмес, аларды дайыма биримдикте кароо керек, материя бар жерде кыймыл, кыймыл бар жерде материяны көрүүгө болот.

Кыймылды материядан ажыратууга болбойт, XIX-XX кылымдарда бул «энергетизм» окуусунун чыгышына алып келген. Ал физикалык идеялардын

түрлөрүнүн бирине кирет, мунун негиздөөчүсү Вилгельм Фридрих Оствальд (1853-1932), аны Ленин «Ири химик, майда философ» деп аталган. Ал энергиянын материалдык алып жүрүшүнө ээ болушу сөзсүз эмес деп ырастаган «Табият ээден жана баяндоочтон турууга милдеттүүбү? – деп суроо койгон. Оствальд боюнча ээ б.а. кыймылдоочу заттын болушу сөзсүз эмес, ал эми баяндоочтун же кыймылдын болушу сөзсүз эле. Ленин буга табияттагы бар нерсе болуш керек, ал эми кыймыл материясыз жашай албайт дейт.

Оствальд дүйнөдө жашагандардын баарын: рухту да, материяны да «энергия» деп жарыялаган, энергия таза кыймыл, б.а. материядан ажыраган кыймыл катары карайт, бирок энергия телонун же материалдык тутумдун кыймылын сандык өлчөмүн түшүндүрөт, ал телонун белгилүү ишти жасай ала турган жөндөмдүүлүгүнө көңүл бөлөт. Чындыгында рух жана материя кыймылда турушат, бул жалпы кабыл алынган факт, эгерде биз (кыймылдаган же) кыймылды материядан ажыратып салсак анда рух жана материя – бул кыймыл жана энергия деген тыянакка келебиз.

В. И. Ленин материалисттер Оствальдды идеализмге кирип кеткендиги үчүн, материализмди идеализм менен табыштырууга аракеттенгендиги үчүн сынашкандыгын да белгилеген.

Материя энергияга айланат деген ырастоо негизинен туура эмес, себеби, материя эч кандай айланууга дуушар болбойт, айлануу процесси материянын формаларына жана түрлөрүнө тийиштүү. Ошентип, материяны кыймылдан ажыратууга жана энергияны – кыймыл катары кароого болбойт.

«Энергетизмди» сындоосун жыйынтыктоо менен Ленин «физикалык идеализмдин» табият таануудагы төңкөрүш менен байланышына шилтеме жасайт.

Материалдык дүйнө соолгус болгондуктан, бул дуйнөнүн Объектилеринин кыймылынын формалары да чексиз көп. Энгельс мындай деп көрсөтөт: Жердеги бардык кыймылдын негизги көпчүлүгү кыймылдын бир формасынан экинчи формасына, мисалы, механикалык кыймылдын жылуулукка, электр

энергиясына, химиялык кыймылга ж.б. бир форманын ар кандай башка формага айланып кетишин түшүндүрөт.

**Кыймыл** – бул ар кандай өзгөрүү, ал эми өнүгүү – белгилүү багытта жүргөн кыймыл. Бул дүйнөдө бардык нерселер, элементардык бөлүкчөлөрдөн баштап, метагаллактикага чейин тынымсыз кыймылда болот жана ошол кыймыл аркылуу жашайт. Ошондуктан кыймыл– материянын жашоо жолу болуп эсептелет.

Кыймылдын 5 негизги формасын Фридрих Энгельс өзүнүн "Табияттын диалектикасы" деген эмгегинде бөлүп көрсөткөн:

1. **Эң жөнөкөй кыймыл, механикалык кыймыл.**

   Механикалык кыймыл – бир телонун экинчи бир телого салыштырмалуу абалынын өзгөрүшү. Мисалы, адам кандайдыр бир телого карата алыстап же жакындап абалын өзгөртсө бул механикалык кыймыл болот.

2. **Физикалык кыймыл –** жылуулук кыймылы, магниттик энергия, электр энергиясы ж.б. Мисалы, катары сууга жылуулук таасир этсе, акыры барып ал кайнайт. Бул деген муздак кезине караганда суунун молекулалары тез кыймылдай баштады натыйжада кайнады деп түшүндүрсөк болот. Мындагы молекулалардын кыймылы физикалык кыймылга мисал болот. Ошондой эле электр тогу деген заряддалган бөлүкчөлөрдүн бир багытты көздөй агышы болуп саналат. Мында да заряддалган бөлүкчөлөрдүн кыймылын көрүүгө болот.

**3. Химиялык кыймыл** – химиялык реакциялар, молекулалардын ажырашы, иондордун ажырашы ж.б.

**4. Биологиялык кыймыл** – (фотосинтез, зат алмашуу, өсүмдүк жана жаныбарлардын кыймылы).

**5. Социалдык кыймыл** – коомдогу жана адамдардагы болгон процесс. Мисалы, митинг, революция ж.б.

Коомдо болуп жаткан көп түрдүү кубулуштарды, алардын ичинде өндүрүш тармагындагы өзгөрүүлөрдү, таптык жана улуттук мамилелерди,

материалдык жана рухий маданияттын өнүгүшүнүн кубулуштарын, коом менен табияттын өз ара катнаштарын өзүнө камтыйт.

Илимдин өнүгүшү менен бирге материянын формалары дагы ачылып, ошону менен бирге кыймылдын формалары дагы ачылууда. Мисалы, геологиялык, космологиялык, ядролук кыймыл ж.б. Бирок канча кыймылдын жаңы формасы ачылбасын бардыгынын негизинде жогоруда берилген 5 кыймылдын формасы жатат.

## Мейкиндик жана убакыт

Ар кандай процесстер кандайдыр бир жерде болуп өтүп белгилүү орунга жана жашоонун созулмалуулугуна ээ. Бул эки бөлүк мейкиндик жана убакыт менен мүнөздөлөт. Мында мейкиндик орунду, ал эми убакыт кыймылдын болуп өтүшүнүн узактыгын белгилейт.

Ар кандай айрым алынган материалдык билим менен анын айрым үзүндүсү мейкиндикте чектелип, убакытта башталышка ээ болуп, аягына да ээ болот. Ошондой эле жөнөкөй бөлүкчөлөр пайда болот, атомдук жана молекулярдык тутумдарды түзөт жана бөлүнөт, галактикалар, жылдыздар, планеталар келип чыгат жана жоголот. Адамдардын, айбанаттардын жана өсүмдүктөрдүн дагы ушул сыяктуулардын мууну алмашат. Бирок айрым телолордун бузулушу менен тирүү жандыктардын өлүмү кыймылды токтотуп, материяны жок кыла албайт.

Философиянын тарыхында мейкиндиктин жана убакыттын эки концепциясы - **субстанциялык** жана **реляциялык** концепциясы түзүлгөн. **Субстанциялык концепциясы** (Демокрит, Эпикур, Ньютон) мейкиндикти чексиз орун аралык, ал эми убакытты тынымсыз, узактык катары карайт. Мейкиндик менен убакыт-материя менен бир катарда жашаган анык формалар. Мейкиндик материя менен толтурулушу ыктымал, бирок ансыз да жашай албайт, убакыт материалдык кубулуштар менен байланышсыз эле өзүнөн өзү агат, мейкиндик үч өлчөмдүү, чексиз убакытка баш ийбейт, убакыт

бир өлчөмдүү мейкиндикке, кыймылга жана материалдык объектилердин болушуна көз карандылыктан тышкары жашайт.

**Реляциялык концепция** (Аристотель, Лейбниц, Гегель ж.б.) мейкиндикти жана убакытты өзгөчө субстанциялык мазмун катары эмес, материянын жашоо формасы катары карайт. Мисалы, Лейбництин ою боюнча телолордун жайгашуу мүнөзүн, ал эми убакыт алардын абалынын өзгөрүшүн мүнөздөйт. Ушул концепцияга ылайык мейкиндик, убакыт жана материя бири-бири менен өз ара байланышкан. Гегелдин ою боюнча мейкиндик жана убакыт өз алдынча субстанция эмес, мейкиндик да убакыт да объективдүү түрдө жашайт, бирок дүйнөлүк рухтун белгиси болуу ири жаратылыш сырткы нерсенин ичинде жатат – деп божомолдойт. Бирок Ф.Энгельс Гегелдин оюуна сындоо жүргүзүү менен мейкиндик жана убакыт мамилелерин идеалисттик түшүнүүнү толук төгүнгө чыгарат.

Азыркы учурда материализм реляциялык концепциянын көптөгөн идеяларын өнүктүрөт жана мейкиндик менен убакытка төмөндөгүдөй аныктама берет.

**Мейкиндик**–философиялык категория, ал материалдык объектилердин аралыгын өз ара жайгашкандыгын, алардын элементтерин түзүүчү жашоону жана өз ара аракеттенүүнү мүнөздөйт. б.а. мейкиндик бул – материянын жашоо орду болуп саналат.

**Убакыт** - философиялык категория, ал ар кандай объектилердин жашоосунун узактыгын, алардын абалдарынын алмашуу ырааттулугун билдирет.

**Мейкиндик жана убакыттын касиеттери.**

1. Убакыт жана мейкиндик объективдүү б.а. дүйнө жана нерселер белгилүү бир мейкиндикте жана убакытта аң сезимге көз карандысыз жашайт.

2. Убакыт бир өлчөмдүү, мейкиндик үч өлчөмдүү. Убакыт бир өлчөмдүү дегенде убакыт кайрадан өзүнүн мурдагы калыбына келбейт, ал дайыма бир багытка – алдыга карай кайталангыс «агат». Ал эми мейкиндик үч өлчөмдүү болгондо ар кандай объектинин абалы үч кординаттын жардамы менен

аныкталышы мүмкүн. Ар кандай процесстер жана окуялар үч өлчөмдүү мейкиндикте жасалат.

3. Убакыт эч качан артка кайрылбайт, ал эми мейкиндик артка кайрылат. Мейкиндиктин кайра өзүнүн мурдагы калыбына келүүсү бул мейкиндиктин ар кандай чекитине кайрадан кайтып келүүгө мүмкүн жана башка убакытта гана кайтып келүү мүмкүн дегендикти түшүндүрөт.

4. Мейкиндик менен убакыттын эң манилүү касиетине алардын чексиздигин жана салыштырмалуулугун кошууга болот, алардын чексиздиги төмөндөгүдөн турат: алар материянын жашашынын жалпы жана зарыл формалары болуп саналат. Мейкиндиктен жана убакыттан сырткары материалдык кубулуштар жок жана болушу да мүмкүн эмес. Башкача айтканда мейкиндик менен убакыттын касиеттери материалдык объектилердин өзгөчөлүктөрүнө, алардын кыймылына жана өз ара аракеттенүүлөрүнө байланыштуу. Бул жобо А.Эйнштейндин (1879-1955) салыштырмалуулуктун атайын жана жалпы теориясы менен мүнөздөлөт.

1905-жылы 25 жаштагы Эйнштейндин “Кыймылдоочу телолордун электр динамикасына карай” аттуу эмгеги жарыяланган. Анда салыштырмалуулуктун атайын теориясы баяндалган. Бул теория мазмуну боюнча материянын, кыймылдын, мейкиндиктин жана убакыттын биримдиги жөнүндө идеяны ырастаган. Салыштырмалуулуктун атайын теориясынын мазмуну төмөнкүдө турат. Жарыктын ылдамдыгына жакын ылдамдык менен кыймылдоодо, кыймылсыз турган тутумга салыштырмалуу кыймылдагы телонун көлөмү өзгөрүлөт, ошондой эле ушул тутумга салыштырмалуу убакыттын өтүшү өзгөрүлөт. Телонун көлөмү азайып, агым убактылуу акырындайт. Мунун өзүнүн математикалык формалары бар.

Ошентип, азыркы учурдагы илим мейкиндиктин, убакыттын жана кыймылдагы материянын биримдигин жөн гана белгилебестен, мейкиндик менен убакыттын касиеттери кыймылдагы материяга жана бири-бирине көз каранды экендигин белгилеген.

**Убакыт жана мейкиндиктин 3 формасы бар.**

1. Жансыз материянын убакыт жана мейкиндиги. Мында жансыз жаратылыштын жашоо узактыгы жана орду.
2. Биологиялык убакыт жана мейкиндик. Бул өсүмдүк жана жаныбарлардын мейкиндиги жана убактысы. Кандай гана өсүмдүк же жаныбар болбосун белгилүү бир мейкиндикте жашап, жашоо узактыгы да ар түрдүү. Бири узак жашаса, башкалары кыска, тез эле убакытта өздөрүнүн жашоосун токтотот.
3. Социалдык же коомдук убакыт жана мейкиндик. Буга адам жана коом ошондой эле адам иштеп чыккан нерселер, мисалы, адам жасаган буюмдардын, имараттардын, техникалардын ж.б. убакыт жана мейкиндиги кирет.

**Биологиялык убакыт жана мейкиндиктин өзгөчөлүгү**

Биологиялык мейкиндик асимметриялык касиетке ээ б.а. бардык организмдин оң жана сол жактарынын ортосунда билинер билинбес айырмачылыктар бар. Оң жана сол жак бири-бирине так дал келбейт.

Биологиялык убакыт – көп шарттарга көз каранды болот. Ар бир организмдин жашоо убактысы ар түрдүү ички жана сырткы факторлорго байланыштуу болот жана ошого жараша өзгөрүп турат.

**Социалдык убакыт жана мейкиндиктин өзгөчөлүгү**

Булардын мүнөзү конкреттүү, тарыхый болот. Себеби, коом бир тепкичтен башка тепкичке өткөн сайын социалдык убакыт жана мейкиндик өзгөрүп турат. Мисалы, азыркы имараттардын, техниканын, адам пайдаланган буюмдардын формалары жана көлөмдөрү өткөн кылымдагыларга караганда өзгөчөлөнүп турат. Демек, социалдык убакыт жана мейкиндик коом өнүгүп өзгөргөн сайын өзгөрөт.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Бытие жана материя категорияларынын айырмачылыктарын көрсөткүлө.

2. Бытиенин негизги формаларын белгилегиле.
3. Бытиенин негизги формаларынын диалектикалык байланышын аныктагыла.
4. Материянын түрлөрүн жана формаларын атап бергиле.
5. Кыймылдын формаларын салыштыргыла.
6. Мейкиндик менен убакыттын негизги касиеттерин ачып бергиле.

**Тема: Жаратылыш - философиялык ой жүгүртүүнүн Объектиси катары.**

1. Жаратылыш түшүнүгү, анын коомдун жана адамдардын турмушундагы орду, коом жана жаратылыштын өз ара мамилесиндеги өзгөчөлүктөрү.
2. Глобалдуу экологиялык проблемалардын келип чыгуу себептери, маңызы, аларды чечүүнүн жолдору.
3. В.И.Вернадскийдин «ноосфера» жөнүндөгү окуусу жана анын мааниси.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
3. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.
4. К. Маркс жана Ф.Энгельс. Чыгармалар 20-том, 545-бет.

5. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций. М., 2003.
6. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
7. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.
8. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.

**Жаратылыш түшүнүгү, анын коомдун жана адамдардын турмушундагы орду, коом жана жаратылыштын өз ара мамилесиндеги өзгөчөлүктөрү.**

Философияда жаратылыш эң негизги, башкы чөйрөлөрдүн бири, философиялык ой жүгүртүүлөрдүн Объектиси катары каралат.

Жаратылыш деген эмне? Бул эң кеңири түшүнүктөрдүн бири. Жаратылышты материянын түрдүү формаларынын баары десек да болот. Бирок бул түшүнүк учурда бир аз чектелген мааниде колдонулат. Жаратылыш адамдын жана коомдун жашоосунун табигый шарттарынын жыйындысын белгилейт.

Жаратылышты чексиз, учу кыйрысыз материалдуу реалдуулук катары түшүнүүнү конкреттештирүү зарыл. Ушуга байланыштуу «табигый чөйрө» жана «географиялык чөйрө» деген түшүнүктөр колдонулат. Табигый чөйрө деген биздин жашообузга шарт түзгөн табигый нерселердин жыйындысы, башкача айтканда, адамдардан көз каранды болбогон, убакыттын өтүшү менен адамдардын чыгармачылыгынын объектиси болуучу материалдык системалар. Ал эми географиялык чөйрө – адамдардын иш аракеттери, практикалык ишмердиги аралашкан, алардын таасирлери тийген жаратылыштын бөлүгү (негизинен жердин үстүнкү бети). Ал кээде табигый чөйрө катары каралат, аны адамдар өздөштүрүп, кайрадан өзгөртүп, жасалма жаратылышты жаратат.

**Табигый чөйрө эки түрдүү объектилерден турат:**

1. Жашоого, тиричиликке зарыл болгон каражаттардын булактары – жапайы өсүмдүктөр, жаныбарлар ж.б.
2. Эмгек предметтери болуучу табигый байлыктар – таш көмүр, газ, нефт, минералдык ресурстар, суунун, шамалдын, күндүн энергиясы ж.б.

Материалдык өндүрүштүн өндүргүч күчтөр менен өндүрүштүк мамилелердин диалектикасынын предметтик – практикалык ишмердигинин негизинде адамдар табигый чөйрөдөгү түрдүү нерселерди, керектөөлөрүнө ылайык жасалма жаратылышты түзүшөт жана аны улам кеңейтип барышат. Жасалма жаратылышка – табиятта кездешпеген адам өзү жасаган предметтер, жасалма тандалуу, гендик инженерия аркылуу түзүлгөн өсүмдүктөр, жаныбарлар, техникалык материалдар, жасалма энергетикалык процесстер ж.б. кирет.

Табигый жана жасалма жаратылыш бири-бири менен тыгыз байланышта болуп турат, башкача айтканда жасалма жаратылыш табигый жаратылыштан келип чыгат. Ошондуктан да, коом өнүккөн сайын жасалма жаратылыш чөйрөсү кеңейет да табигый жаратылыш чөйрөсү тарыйт.

Табигый чөйрө менен адамдардын байланышын түшүнүү үчүн, жаратылыш менен коомдун ортосундагы жалпылыкка жана айырмачылыктарга көңүл буруу зарыл.

**Алардагы жалпылыктарга**:

- табият, коом адамзат жашаган реалдуулуктун табигый жана социалдык жагы;
- жеке адамсыз коомдун өнүгүшү мүмкүн эмес, биосоциалдык жандык иретинде адамдын генезиси, эволюциясы жаратылыштын тарыхынын генетикалык уландысы, экөө тең жалпы байланыштарда, универсалдуу өз ара аракеттенишүүлөрдө, себеп-натыйжалык мамилелерде турушат;
- жаратылыш жана коом субъективдүү диалектикага көз каранды болбостон, Объективдүү мыйзамдарга баш ийишет.

**Ошондой эле алардын ортосунда айырмачылыктар да бар:**

а) табиятта стихиялдуу күчтөр өкүм сүрсө, ал эми адамдар аң сезимдүү максат коюп, керектөөлөрүн канаттандыра алышат;

б) табияттын мыйзамдары түбөлүктүү болсо, коомдогу мыйзамдар тарыхый - конкреттүү мүнөзгө ээ, салыштырмалуу убактылуу;

в) коомдогу мыйзамдар адамдардын предметтик-практикалык ишмердиги, социалдык мамилелердин өнүгүшү, калктардын кызыкчылыктары менен тыгыз байланышкан, табиятта мындай мыйзам ченемдүүлүк жок ж.б.

Коом менен жаратылыш жогорудагыдай жалпылыктарга жана айырмаларга ээ болуп, бири-бири менен тыгыз байланышта болуп турушат, ошондой эле бири-бирине таасирин тийгизишет. Алсак, табият коомго төмөндөгүдөй таасирин тийгизип турат; биринчиден, жаратылыш коомдун негизги жашоо шарты же чөйрөсү, башкача айтканда коомдун үйү, табияттан сырткары коом жашай албайт, экинчиден, жаратылыш коомдун өнүгүшүнө белгилүү таасирин тийгизет. Ал коомдун өнүгүшүн ылдамдатышы же акырындатышы мүмкүн. Эгер коом жаратылыш шарты жакшы жерде жайланышса (жери семиз, кен байлыктары көп, климаты жакшы) бул шарттар коомдун өнүгүшүн ылдамдатат. Ал эми табияттагы стихиялык көрүнүштөр – жер титирөө, сел басуу, кен байлыктары аз же жок сыяктуу шарттар коомдун өнүгүүсүнө тоскоолдук кылып өнүгүүнү акырындатат.

Бирок, коомдун өнүгүүсүнө бир эле жаратылышты негизги ролдо ойнойт деп айтууга болбойт. Андан сырткары коомдун өнүгүүсүндө чечкиндүү ролду өндүрүштүк тармактар багыттайт. Мисалы, ар бир коом жаратылыш байлыктарына карап, климатты эске алып, ошого жараша өндүрүштүн түрүн өндүрөт.

Ошону менен бирге коом дагы жаратылышка белгилүү таасирин тийгизет. Ал таасир эки жактуу болот. Оң жана терс.

Коомдун жаратылышка тийгизген оң таасирлери катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот:

1) жаныбарлардын жаңы түрүн, өсүмдүктөрдүн жаңы сортторун өнүктүрүү менен коом жаратылыштын көп түрдүүлүгүн арттырат.

2) жасалма жаратылышты иштеп чыгуу менен коом жаратылышты кеңейтет же байытат.

Ал эми коомдун жаратылышка тийгизген негизги терс таасирлери болуп:

а) жартылыш байлыктарды тынымсыз иштетип, пайдаланып, түгөтүп жатат, ага байланыштуу жаратылыш байлыктарынын түгөнүү проблемасы келип чыгат;

б) өндүрүш өнүккөн сайын анын чыгымдары менен чөйрө булганып жатат; ошондуктан, жаратылыштын булгануу проблемасы пайда болот.

Мына ушулардын натыйжасында, табият менен коомдун ортосунда бүгүнкү күндө чоң карама - каршылык пайда болууда. Бир жагынан коом жаратылышсыз жашай албаса, экинчи жагынан коом аны жок кылып жатат. Бул карама - каршылык экологиялык проблеманын маңызында жатат.

## Глобалдуу экологиялык проблемалардын келип чыгуу себептери, маңызы, аларды чечүүнүн жолдору

«Экология» деген сөз «ойкос» - үй, «логос» - окуу, үй жөнүндө окуу. Экология илимине биринчи жолу аныктаманы 1886-жылы немец биологу Эрнест Геккель берген. Экология илими бул – тирүү организмдердин бири-бири менен жана курчап турган айлана чөйрө менен болгон байланышын окутуп үйрөтүүчү илим. Башкача айтканда, жаратылыш менен коомдун ортосундагы байланыштар жөнүндөгү окуу.

Жогоруда сөз болгондой, коомдун таасиринен пайда болгон жаратылыштын түгөнүү жана булгануу проблемалары экологиялык проблеманы түзөт.

Чындыгында, экологиялык проблема курчап турган чөйрөнү адамдардын кыйратуучулук таасиринен сактоо проблемасы десек болот. Бул проблема табигый жана жаратылышка антропогендик (адамдардын жана адам ишмердүүлүгүнүн таасири) таасир этүүдөн келип чыгары белгилүү. Себеби,

маданият өнүккөн сайын адамдардын талаптары өсүп, жаратылыш мүмкүнчүлүктөрүн чектегенге алып келет. Башкача айтканда, коомдо мамлекеттин түзүлүшү жана адамдардын илимий техникалык каражаттар менен камсыз болуусу, жаратылыштын адамдарга таасир этүүсүн төмөндөтүп, адамдардын жаратылышка таасир этүүсүн күчөтөт. Бүгүнкү күндө, табиятты адамдардын талаптарын канааттандыруучу сырьелук булак катары кароо, XX к. илимдин жана техниканын өнүгүүсү ИТР алып келүүсү, антропогендик таасир катастрофалык деңгээлге жакындатууда.

Экологиялык проблеманын маңызын жаратылыш менен адамдардын ортосундагы мына ушуга окшогон карама - каршылыктар түзөт. Табиятты «жеңген» сайын адам өз жашоо аракетинин негизине, талаптарына балта чаап жатат. Мисалы, акыркы 500 жыл ичинде адамдардын катышуусу менен жер бетиндеги токойдун үчтөн эки бөлүгү жок болду. Табият чөйрөсү булганган өлкөлөр жердин 63%ин түзөт, ага экономикасы өнүккөн өлкөлөр кирет. Мисалы, АКШда жыл сайын автомобилдерден абаны булгоочу заттардан 150 млн. тонна чыгып турат. XX к. башына караганда абадагы чаң 20%ке көбөйгөн. Мунун өзү планетадагы абанын температурасын жогорулатат да, кургакчылыкка, мөңгүлөрдөгү муздардын эришине, жерди суу каптап кетишине алып келет.

Жогоруда белгиленгендей, адамзат коомчулугу илимий-техникалык прогрессти пайда кылуу жана башка иш аракеттери менен экологиялык проблемаларды жаратты. Алар локалдык (жергиликтүү), регионалдык жана глобалдык (дүйнөлүк) болуп бөлүнөт.

**Локалдык же жергиликтүү экологиялык проблема** белгилүү бир аймакка таандык болгон проблема. Мисалы, кандайдыр бир айылда сел каптоо, бир аймактагы жаратылыштын булгануусу, жер көчкү же жер титирөө ж.б. болсо бул локалдык болот.

**Регионалдык** – бул кайсы бир регионго тиешелүү болгон экологиялык проблема. Алсак, Орто Азия жана Казакстан үчүн Арал деңизинин соолуп бара жатышы чоң көйгөйдү пайда кылууда же болбосо, аларда чөлгө айлануу

коркунучу турат. Учурда Арал деңизине агып келип, анын деңгээлин кармап турган Аму-Дарыя, Сыр-Дарыяларды эгиндерди сугаруу үчүн буруп кеткендиктен деңиз соолуй баштады. Же болбосо, Арал деңизинин деңгээли төмөндөп, Евроазия боюнча климаттын өзгөрүшүнө алып келди. Ошондой эле, соолуган жерлериндеги туздар, хлороорганикалык, фосфороорганикалык заттардын жылына 150 млн. тоннага жакыны шамал менен учуп чыгып, бир нечелеген аймактарга таралып, адамдарды ар түрдүү ооруларга (чалажан, кем акыл төрөлүү, рак оорулары ж.б.) чалдыктырып жатат.

**Глобалдуу экологиялык проблемалар болуп** бүткүл дүйнөгө таандык болгон проблемалар саналат. Азыркы мезгилде адам баласынын тиричилик аракетинин таасиринен төмөндөгүдөй глобалдуу экологиялык проблемалар пайда болууда.

## 1) Аба ырайынын жылышы (температуранын көтөрүлүшү же парниктик эффект).

Парниктик эффект – глобалдуу экологиялык проблема. Атмосферанын составында көмүр кычкыл газынын топтолушу – парниктик эффектин бирден бир негизги себеби. Атмосферада көмүр кычкыл газы көп топтолуп, газдардын экраны калыңдап жатат. Алар күндүн радиациясын өткөрүп, космоско чыгып кетип жаткан инфра кызыл (жылуулук) нурларынын көпчүлүк бөлүгүн кармап калып өткөрбөйт. Натыйжада, атмосферадагы температура көтөрүлүп жылый баштайт. Чынында, көмүртектин эки атомдуу кычкылы күндүн энергиясынан жылуулук энергиясына айланган инфра кызгылт көк нурларын кармап калуу менен атмосферанын жылуулугун камсыз кылат. Болбосо, тропосферадагы газдык экран жок болгондо, инфра кызыл нурлар толугу менен космоско чыгып кетип, жер шарынын орточо температурасы 30°C дан төмөн болмок. Себеби, инфра кызыл нурлардын 20% ин газдык экран кармап калып, 80% и чыгып кетип турган.

Ал эми азыркы учурда парниктик эффектин пайда болуу себептери, атмосферадагы газдардын концентрациясынын табигый тең салмактуулугунун бузулушу болуп эсептелет. Башкача айтканда, газдардын концентрациясы өсүп жатат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, тропосферадагы бир жылдын ичиндеги топтолуп жаткан метандын саны 1%ке, көмүр кычкыл газы 0,2%ке өсүп жатат. Аба ырайынын жылышына бул заттардын ичинен көмүр кычкыл газы негизги орунду ээлейт.

Фотосинтез көмүр кычкыл газынын азайышын жөнгө салат. Өсүмдүктөр абадан көмүр кычкыл газын сиңирип алып, андан өзүнүн биомассасын түзөт. Кургактагы бардык өсүмдүктөр атмосферанын 20-30 млрд. тонна көмүр кычкыл газын сиңиришет. Бир квадрат метрдеги тропикалык токойлор абадан 1-2 кг көмүртек алышат.

Мурдагы индустрияга чейинки доорго караганда атмосферадагы көмүр кычкыл газынын саны 28%ке көтөрүлдү. Эгерде чара көрүлбөсө XXI кылымдын ортосуна келгенде жер шарындагы атмосферанын температурасы 1,5-4,5°С жогорулайт. Натыйжада, уюлдук мөңгүлөрдүн эришине алып келип, дүйнөлүк океандардын деңгээли 2030-жылы 20 см көтөрүлүп, анын жээгинде жайгашкан аймактарды суу каптоо жүрөт. Ошондой эле климаттын өзгөрүүсү адамдардын ден-соолугуна да таасирин тийгизет башкача айтканда көптөгөн оорулар таркалат.

Атмосферанын булганып жатышы жылуулук - энергетикалык, нефтхимиялык, металлургиялык жана транспорттук өндүрүштүн таасиринен болуп жатат.

XX к. 80-жылдардагы акыркы маалыматтарга караганда түндүк жарым шардагы абанын орточо температурасы 0,5–0,6° С жогорулашы мүмкүн.

Климаттын өзгөрүүсү муздардын эришине, дүйнөлүк океандардын деңгээлинин көтөрүлүшүнө алып келет. Мындай коркунучтуу өзгөрүүнүн акыры эмнеге алып келээрин айтуунун өзү оор.

### 2) Озон катмарынын жукарып жатышы

Акыркы жылдарда окумуштуулар абдан тынчсыздануу менен ультрафиалет нурлардан коргоочу экран болгон атмосферадагы озон катмарынын жукарып бара жаткандыгын белгилешүүдө. Мындагы коркунуч ультрафиалет нурларынын тирүү организмдерге терс таасир эткендигинде.

Окумуштуулардын айтуусуна караганда, эгерде озон катмары 1%ке жукарса, анда теринин рак оорусу 5–7%ке өсөт. Ошондой эле, ультрафиалет нурларынын таасиринен өсүмдүктөрдөгү фотосинтез реакциясы акырындайт. Эгерде озон катмары жукарып, же таптакыр жоголуп кетсе, жер бетинде организмдердин жашоосу токтойт.

Озон катмарынын жукарышынын негизги себептери өнөр жайдан бөлүнүп чыккан фреон бирикмеси. Фреон көбүнчө муздаткычтардан, аэрозоль дезодоранттардан ж.б. муздаткыч аппараттардан бөлүнүп чыгат. Бул заттар тропосферада инерттүү жана туруктуу, күн нурунун таасири менен бузулбайт, кычкылданбайт жана жаан-чачын менен жуулуп кетпейт. Атмосферада жүрө берип, кийин акырындап атмосферанын жогорку катмарына чыгышы мүмкүн. Стратосферада фреон кыска толкундуу ультрафиалет нурлардын таасири менен молекулалары ажырап хлордун жана башка галогендердин атомдору бөлүнүп чыгат. Алар озон менен реакцияга кирип, аны жоготот.

Ошондуктан, 1990-жылы индустриялык өлкөлөр 2000-жылга чейин фреондорду пайда кылуучу технологияларды колдонууну токтотуу жөнүндөгү келишимге кол коюшкан. Бирок, көпчүлүк окумуштуулардын пикиринде фреондорду токтотуу менен гана озон катмарынын жукарышын токтотууга болбойт. Андан башкадагы озон катмарын сактап калу иштерин радикалдуу жүргүзүү зарыл.

### 3. Тирүү организмдердин түрлөрүнүн санынын азайып бара жатышы

Тирүү организмдерге өсүмдүктөр, жаныбарлар жана микроорганизмдер кирери баарыбызга маалым. Аталган проблема экологиялык проблемалардын ичинен эң коркунучтуусу болуп эсептелет. Анткени, организмдердин көп

түрдүүлүгүнүн азайышы тамактануу чынжырынын үзүлүшүнө, экологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келет.

Акыркы маалыматтар боюнча, антропогендик факторлордун таасиринин натыйжасында, көптөгөн түрлөр жок болууда. Акыркы эле доорлордо Америка континентинде мурда жер жайнаган бугулардан, жапайы жырткычтардан, далай канаттуулардан, балыктардан ажырап отурушат. Ансыз кырып, алардын жашаган чөйрөсүн бузуп, өрттөп отуруп бизондордон азыркы учурда бир он чактысы гана калган. Ал эми айрым түрлөр мисалы, көчмөндүү көгүчкөндөр, стеллер уйлары алда качан «тукум курут болуп», таптакыр жок болуп кетишкен.

Өсүмдүктөрдүн абалы да ушул эле сыяктуу. Бир мезгилде токойго бай келген Грецияны алсак, же башка жакынкы Чыгыш өлкөлөрүн карап көрсөк азыркы учурда чөлдү көрөбүз. Учу кыйры көрүнбөгөн Амазонканын тропикалык токойлорунун азыр үчтөн бири гана калган. Батыш Европа өлкөлөрүн (Англия, Франция, Германия) ж.б. көпчүлүгүндө токойлор кыйылып бүткөн. Бул жагынан Финляндия гана токойлуу өлкө болуп эсептелет.

Биздин Республикада да биотүрдүүлүктү сактоо проблемасы күн тартибинде турат. Себеби, коом өнүккөн сайын жаратылыш көз көрүнө жабыркап бара жатат. Алсак, мындан 200 жыл мурун эле Чүй өрөөнүндө калың арча токойлору өскөн. Бишкектин төмөн жагындагы камыштарда көптөгөн жырткычтар жашап, алардын ичинде жолборстор да жашаган. Ысык-Көлдүн айланасы чытырман токой болгон. Азыркы көрүнүшү өзүбүзгө белгилүү.

1978-жылы «Кызыл Китепке» кирген өсүмдүктөрдүн саны 444 түргө жеткен, алардын ичинен 15 түрү Кыргызстандын аймагында таралган. 1981-жылы Кыргызстандын өзүнчө «Кызыл Китебин» түзүү боюнча Өкмөттүн токтому кабыл алынып, ал китепке өсүмдүктөрдүн 65, сүт эмүүчүлөрдүн 13, сойлоочулардын 3, балыктын 1, канаттуулардын 20 түрү киргизилген. Бирок бул проблеманы «Кызыл Китепке» киргизүү менен эле чечилип калат деп айтууга болбойт. Аны чечүү үчүн бул иш чаралардан сырткары дагы мамлекеттер аралык деңгээлдеги экологиялык проблемаларды чечүүнүн жолдорун издеп табуу керек.

### 3) Жердин, суунун, атмосферанын ар кандай өнөр жай таштандыларынан булганышы

Илимий - техникалык революциянын (ИТР) натыйжасында жаратылышка антропогендик таасирлер күчөп экологиялык проблемалардын улам жаңысы пайда болууда.

Алдыңкы индустриялык өнүккөн өлкөлөрдөгү химия өнөр жайынын дүркүрөп өнүгүшү атмосферага көп көлөмдөгү ар кандай заттардын кычкылдарынын таралышына, натыйжада «кычкыл» жамгырдын түшүшүнө алып келип жатат. Алар болсо, топурак жана өсүмдүктөрдүн жапа чегишине алып келет. Топурактын түшүмдүүлүк касиети төмөндөйт, андагы азык заттар азаят, топурактагы микрофлора жана микрофауна жабыркайт. Токой өсүмдүктөрүнүн зыянкечтерге каршылык көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн азайтып, акырында токойлор куурап жок болууда. Кычкыл жаан ар түрлүү мрамордон, акиташ ташынан курулган имараттардын, ар кандай маданий байлыктардын (скульптуралар) талкаланып үбөлөнүшүнө алып келет.

Атмосферанын булганышы жана ага байланышкан экологиялык проблемалар адам баласынын чарбалык аракеттеринен чыгып жатат. Өнөр жайлык революция, токойлорду кыркуу, жерлерди айдоо, ага байланышкан эрозия, токойдун жана талаалардын өрттөнүшү атмосферанын булганышынын себептери.

Азыркы учурда таза суулар менен калкты камсыз кылуу проблемасы негизги орундардын катарында турат. Себеби, айыл чарба иштерин жүргүзүүдө (жер семирткичтер, гербициддер ж.б.) өнөр жайлардан, транспорттон ж.б. техногендик иш-аракеттердин натыйжасында гидросфера булганып жатат. Айрыкча, океандардын жээктеринен орун алган шаарлар ар кандай радиоактивдүү калдыктарды ташташат. Өнөр жайлардан чыккан ар кандай чыгымдарды океандарга, деңиздерге таштоонун натыйжасында анда жашаган балыктар, башка жаныбарлар өлүп жок болууда. Ошондой эле, жер алдындагы суулар да гербициддер, пестициддер менен өтө булганып жатат.

### 4) Кен байлыктардын жакырданышы

Өнөр жайдын өсүп өнүгүшүнүн натыйжасында адам коомунун жаратылыш чөйрөсүнө тийгизген таасири такыр башкача жаңы белгилерге ээ боло баштады. Кен байлыктарды казып алуу металлургия өнөр жайы дүркүрөп өсө баштады. Коомдун өндүрүштү кеңейтүү аракетинин жана жаратылыш ресурстарынын чектелүү экендигин эске албоонун натыйжасында, алардын кээ бирлеринин түгөнө баштагандыгына дуушар кылды.

Жартылыш ресурстарын пайдалануу жөн эле даяр кен байлыктарды алып иштетүү дегендикке жатпайт. Кайра калыбына келүүчү ресурстардын табигый мүмкүнчүлүгүнө зыян келтирбей, калыбына келбей турган ресурстарды сарамжалдуу пайдалануу ар бир өлкөнүн андан аркы өнүгүүсүн камсыз кылат.

Эгерде жогоруда биз сөз кылган, экологиялык проблемалар чечилбесе, жаратылыштын байлыктарынын түгөнүүсүнө жана булгануусуна тыюу салынбаса адамзаттын жана жалпы эле жер шарынын келечеги жок деп эсептесе болот. Ошондуктан, экологиялык проблемалардын чечилүүсү абдан чоң жана маанилүү маселе болуп, аны чечүүнүн үстүндө экологдор, окумуштуулар эле баш катырбастан, жалпы адамзат ойлонуп жапа тырмак киришүүлөрү керек. Антпесе, аталган проблеманын чечилип калуусу оңойго турбайт.

### Глобалдуу экологиялык проблемаларды чечүүнүн жолдору катары төмөндөгүлөрдү белгилөөгө болот

1. Эл аралык кызматташтык, башкача айтканда экологиялык проблеманы чечүүдө бардык элдер жана мамлекеттер бири-бирине жардам бериши жана тажрыйба алмашышы зарыл.
2. Бардык мамлекеттерде экологиялык пропагандалар (үгүттөөлөр) болушу зарыл жана ал иш жүзүнө ашырылышы керек.

3. Бардык өндүрүштү чыгым чыгарбай турган технологияга өткөрүү зарыл жана илим менен техниканы да ушундай технологияны иштеп чыгууга багыттоо.

4. Өндүрүшкө экинчи өндүрүштү өнүктүрүү, башкача айтканда жартылыштан алынган сырьелорду өндүрүштөрдө бир эле эмес бир нече жолу иштетүү.

5. Гигант өнөр жайлардын ордуна чакан ишканаларды уюштуруу.

6. Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу жана экологиялык маданиятты жогорулатуу ж.б.

**Вернадскийдин «ноосфера» жөнүндөгү окуусу жана анын мааниси.**

XX к. 20-жылдары француз окумуштуусу Э.Леруа «ноосфера» түшүнүгүн пайдаланууга киргизген. Ноосфера грек тилинен бизче которгондо «акыл эс чөйрөсү» деп которулат. Кийинки убактарда бул түшүнүктү Тейар де Шарден (1881-1955) жана орус окумуштуусу Вернадский (1863-1945) терең изилдеп толуктаган.

В.И.Вернадский эң эле көп илимдерди изилдеген энциклопедист окумуштуулардан. Ал табият изилдөөчү, минеролог, кристаллограф жана геохимия, биогеохимия, радиогеология жана биосфера жөнүндөгү илимдерге негиз салуучу болгон. В.И.Вернадскийдин көп эмгектери табият таануунун философиялык проблемаларына арналган. Азыркы учурда илимий техникалык революциянын өнүгүшү В.И.Вернадскийдин биосфера жөнүндөгү окуусунун чоң мааниси бар экендигин аныктап жатат. Илимий жетишкендиктер менен адам эмгегинин таасиринен биосфера акырындык менен жаңы абалга – ноосферага, башкача айтканда акыл-эс сферасына өтүшүн көрсөткөн. Ноосфера жөнүндөгү философиялык ири жалпылоого болгон В.И.Вернадскийдин идеясы, анын илимий ишмердигинин негизги эки багытынын (биогеохимиялык жана илимдер тарыхы) кошулган жеринде пайда болду.

Ар бир доордун өзүнө таандык революциячыл идеялары, илимий ачылыштары болуп келген. Алсак XVI кылымдын биринчи жарымында 1543-жылы поляк элинин окумуштуусу Н.Коперниктин күн системасы боюнча ачкан идеясы анык революциялык акт болуп эсептелет. Бул жөнүндө өз учурунда Ф.Энгельс «Табият диалектикасы» деген эмгегинде жазган. Ал эми XVII-XVIII кылымдарда да табият илимдеринде өтө манилүү ачылыштар болду. XVIII кылымда англис физиги, математик, механик И.Ньютон астрономиялык негизин түзүп, бүткүл дүйнөлүк тартылуу законун ачкан. Бул учурду Ньютондун кылымы деп аташкан. Ошол эле XVIII кылымда француз химиги А.Л.Лавуазье флогистон теориясын жокко чыгарып дагы бир илимий революцияны жаратты.

XIX кылымда биология илиминде революциячыл ачылыш болуп англис окумуштуусу Ч.Дарвиндин эволюциялык окуусу эсептелет. Ошондуктан окумуштуулар XIX кылымды Дарвиндин кылымы деп туура аташат.

XX кылымдагы табият таануу илими менен коомдук илимге болгон көз караштардын өзгөрүүсү алардын ортосундагы чегин бузууга алып келген ноосфера жөнүндөгү илим В.И.Вернадскийге таандык. Ошондуктан академик Н.Моисеев айткандай окумуштуулар XX кылымды В.И.Вернадскийдин кылымы деп туура аташкан. Окумуштуу өзүнүн эмгектеринде тирүү жандыктар менен жансыз жаратылыштын ар дайым болгон алакасын, бири-бирине келтирген таасирин жана биосферанын өнүгүшүнүн тарыхын изилдеген. Мындай учурда адам баласынын жалпы ааламга же жалпы планетага тийгизген таасири жөнүндө ой козголот. Акыл - эстүү адамдардын биосфераны түрдүү өзгөрүүлөргө учуратышып ноосферанын келип чыгышы В.И.Вернадскийдин окуусунун негиздеринин бири. Жер жүзүндө жүрүп жаткан эволюциялык процесстер ылдамдап жүрө баштады. Адам жаңы технологияларды ойлоп таап, өзүнүн тиричилигине керектүү болгон ресурстарды улам алып отуруп аны коромжуга учуратып жатат. Ошентип адамдар жердин геологиясына кийлигишип, планетанын өөрчүшүнө таасир көрсөтөт.

Биосферанын келечектеги абалы, анын өөрчүшү адамдардын колунда болгондон кийин ар бир адам өзү биосферанын бир бөлүгү болуп туруп, анын мындан кийинки эволюциясы жөнүндө кам көрүүсү зарыл. Биосфераны акыл-эс сферасына же ноосферага айландыруу адамдардын өз колунда. Мындай айландыруу оңой-олтоң жумуш көрүнбөйт, ал үчүн талапка ылайык бир топ иштердин аткарылышы керек: эң алды менен жаңы моралды тарбиялоо, элдин экологиялык жаңы адептүүлүгүн, аң сезимин жогору көтөрүү, үйрөтүү кыйынчылыгы турат. «Ноосфера дооруна өтүүчүн, -деп жазат академик Н.Моисеев - илгертен келе жаткан далай көнүмүш адаттарды (традицияларды) жана принциптерди жеке адамдардын, коомдордун, өлкөлөрдүн, региондордун бири-бирине болгон мамилелерин жана адам менен жаратылыштын ортосундагы карым-катнаштарды кайра карап чыгууга туура келет. Жаңы билим керек болорун жана ноосфера жөнүндөгү илимдин акырындык менен ноосферанын өөрчүшү жөнүндөгү теорияга айланышы айтылат. Андай теория табият илимдери менен коомдук илимдердин татаал бирикмесинен келип чыгат». Бул сыяктуу ойду К.Маркс мындан жүздөгөн жылдар мурун тарых илими менен жаратылыш илиминин биргелешип, адам жөнүндө бир илимдин пайда болушун айткан.

Ноосфера адам жөнүндөгү илимдин бир бөлүгү болуп, азыркы техника менен энергетиканын күчтүүгө өрчүп турган кезинде адамдардын бейкут жашап калышын изилдеген илим болот. Коомдун мындан аркы өрчүшүндө адамдардын иш аракети өздөрүнүн жыргалчылыгын көздөө менен бирге биосферанын мүмкүнчүлүгү менен да эсептешүүсү зарыл. Биосфера келтирилген таасирдин да чегин билүү керек. Ал чектен чыгып кетсе биосферада калыбына кайра келбес кыйроолор болушу мүмкүн. Ошондуктан алдыда, биотүрдүүлүктү сактоо, жаратылышты коргоо, жаратылыш байлыктарын үнөмдөп, сарамжалдуулук менен пайдалануу – бул бир глобалдык маселелердин бири. Жаратылышка кенебестик мамиле жасап жүрүп, жер шарынын айрым аймактарында далай өкүнүчтүү өзгөрүүлөр болуп келе жатат.

Вернадскийдин эмгектеринин эң негизги мааниси – ноосфераны кеңейтүү аркылуу гана адамзаттын жашоосу дагы уланышы мүмкүн деп белгилөөсүндө турат. Жогоруда сөз болгондой, ноосфера – бул адамдардын акылы менен камтылган биосферанын бөлүкчөсү. Бул сферада адам жаратылышка акылдуу мамиле жасайт.

Акылдуу деп жаратылышка гумандуу зыян келтирбей турган мамилени түшүнөбүз. Демек, биосферанын акырындап ноосферага өтүшүн адам баласынын жаратылыштын өсүп-өнүгүү мыйзам ченемдүүлүктөрүн жакшы үйрөнүшү, техниканы өнүктүрүшү жана жогорку деңгээлдеги уюштуруучулугу камсыз кылат. Ноосферада адам коому менен жаратылыш карама-каршылыксыз, үндөшкөн өсүп-өнүгүү жолунда болушуп, жаратылыш комплекстериндеги тең салмактуулук сакталат.

Биосфера акырындап барып ноосферага айланышы зарыл деген Вернадский. Бул айланууда 4 принципке таяныш керек дейт ал. Алар төмөнкүлөр:

1) **Бүтүнчүлүк принциби.** Бул боюнча жаратылышты коргоодо бардык элдер жана мамлекеттер аракетин бириктириш керек. Же болбосо, бүтүндөй нерсе катары иштеш керек.
2) **Цикилдик принцип**. Мында, жаратылыштан алынган байлыктарды өндүрүштө бир эле эмес, бир нече жолу иштетүү керек. Башкача айтканда, өндүрүштү цикл түрүндө иштетүү зарыл.
3) **Гуманизация принциби.** Бул боюнча бардык техникалык жана коомдук илимдерди жаратылышка зыян келтирбей турган багытта өнүктүрүү зарыл. Жаратылышка зыяндуу эмес илимий ачылыштарга гана жол ачуу.
4) **Экологизация принциби**. Мында бардык адамдарда экологиялык агартуу жана окутуу аркылуу экологиялык маданиятты калыптандыруу зарыл. Ошондой эле алардын экологиялык аң сезимин өнүктүрүү керек.

Бул Вернадскийдин 4 принциби азыркы күндө да абдан манилүү жана актуалдуу. Себеби, алар экологиялык проблемаларды чечүүнүн жолдорун көрсөтүп турушат.

**Кыргыз оозеки чыгармачылыгы – «адам-табият» системасын чагылтуунун өзгөчө формасы.**

Жаратылыштын тең салмактуулугунун бузулушунун негизги себеби – экологиялык ойлонуу жана маданияттуулук маселесинин өркүндөлбөгөнүнө келип такалат. Аларга жетишүүнүн бирден бир жолу катары ата мурастарыбыз болгон элдин оозеки чыгармаларды, ойчул данышмандарыбыздан калган накыл сөздөрдү чыгармачылык менен пайдалануу максатка ылайыктуу.

Элдик оозеки чыгармаларда, өткөн муундардын рухий жашоо турмушун аңдап билүүнүн негизги аспектилери катары «адам-жаратылыш-коом» түшүнүүсүнүн өнүгүшү берилген. Курчап турган дүйнөгө карата болгон түшүнүк те байыртадан келе жаткан, адам баласына мүнөздүү болгон өзгөчөлүктөрдүн бири болуп саналат.

Кыргыз оозеки чыгармаларындагы идеялар келечек муундарга экологиялык тарбия берүүгө, алардын экологиялык аң-сезимин калыптандырууга, экологиялык маданиятын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.

Элдик көз караш боюнча жердеги бардык жан - жаныбарлар бири-бири менен тыгыз байланышта болуп жана көз карандылыкта турушат. Адам менен табияттын ортосундагы гумандуулуктун жоголушу, шайкештиктин бузулушуна алып келет.

Башка элдер өзүнүн маданиятын, тарыхын жазма адабиятта, скульптурада, театр, сүрөт искусствосунда сактап келген болсо, кыргыз эли өзүнүн бүткүл аң-сезимин, ар намысын, күрөшүн, көздөгөн максатын оозеки эпикалык жанрда чагылдырган. Ошол элдик оозеки чыгармаларда кыргыздардын дүйнө түшүнүп кабылдоосу, жаратылыш жөнүндөгү билимдери берилген.

Чындыгында фольклордук чыгармалардын ичинен эпостун, таанып билүүнүн байыркы булагы, өзгөчө формасы катары белгиленгендиги мыйзам ченемдүү көрүнүш. Азыркы мезгилде эпостордун мазмуну, маани - маңызы элдин философиялык аң-сезимин, дүйнө кабылдоосун тереңдеп

өздөштүрүүгө, калктын жашоосун, айлана-чөйрөгө мамилесин, «түпкүрүнөн кайнап чыккан» мурастардын баалуулугун түшүнүүгө көмөк берет. Кыргыз эпикалык чыгармаларында жаратылыш чөйрөсүнүн асылдыгы, уникалдуулугу, кыймылдуулугу жана чексиздиги, экологиялык проблемалардын мааниси, жаратылышка болгон материалисттик көз караштар, реалдуулукту таанып-билүүнүн циклдик мүнөзү, табигый чөйрөнү кабылдоо маселелери камтылган.

Элдик оозеки чыгармачылыкта табият менен адамдын ортосундагы карама – каршылыктар ачып көрсөтүлүп, жашоодогу жамандык менен жакшылык, ыймандуулук менен кара ниеттик диалектиканын биримдиги жана күрөшүнүн мыйзамын стихиялуу туюнуу денгээлинде берилет.

«Элдин пейили оңолсо, заман да жер-суу да оңолот» - деген сөз бекерден айтылбаган чыгар. Ошондуктан ата бабаларыбыз жергемдин көркү эл менен дешип, дайыма элибиздин пейилинин түз болушун каалашып, табияттын ыйыктыгын накыл сөздөрү менен эскертип, өздөрүнүн жашоо тажрыйбаларынан улам «Күнөөсүз жандыктарды өлтүрбө, убалдан корк» - дешип, ал тургай малды да «сенде күнөө жок, менде үнөө жок, кечир мени жарыктыгым» - деп анан союшкан. Мунусу менен келечек урпактарын жаратылышты сүйүүгө, барктай билүүгө, коргоого, сарамжалдуулук менен пайдаланууга үндөшкөн. Алар жаратылышты жана андагы жандыктарды бийик тутуп, алардын көрүнүштөрүнө суктанышып, коздугун, сулуулугун жогорку көркөмдүктө даңазалашкан. Бул сыпаттоолор кыргыз рухунун туу чокусу болгон «Манас эпосунда абдан кеңири кездешет.

Кыргыздардын эпикалык чыгармаларында пайдалуу нерселер коздук, сулуулук катары берилет. Чыныгы дүйнөнү ушундай кабылдоо, жаратылыш менен жакшы мамиледе болууга түрткү болгон.

«Манас» эпосунда токойго өзгөчө мани берилип, анын абдан көп аянтты ээлеп жаткандыгы айтылат. Бул деген азыркы мезгилге салыштырганда жер бетинин көп бөлүгүн токойлор ээлегендигинен кабар берүү менен анын

табигый боюнча да сакталып тургандыгын ырастайт. Чыгармада токойдун ичиндеги флора жана фаунага сан жетпейт деп айтылат:

«Бугу оттогон жерлери, булуңдуу токой жерлери» - деген саптан кийин жаратылыш жандыктарына бай, абдан кооз жер болгондугуна, анын аянтынын кеңдигине, калыңдыгына эч шек калбайт; ошону менен бирге өсүмдүктөр таралыш маштабына, жашоо чөйрөсүнө жараша да өзгөчөлөнүп берилген.

Академик Ч.Айтматов: «Чындыгында да «Манас» эпосу өзүнүн кайталангыс көркөмдүк кубаты боюнча, нечен кылымдардын кайгылуу, оор окуяларын тулку боюна сиңирип, имандык, философиялык мазмундуу жыйынтыктоолору боюнча, элдин тагдырына ар тараптан: жашоо тиричилик, жоопкерчилик, үй-бүлө шарттары, ар түрдүү салт - санаасы, социалдык – коомду турмуш тарабынан кеңири жана толук камтышы боюнча, дүйнөдөгү эң сейрек кездешкен дүйнөлүк поэтиканын, эстеликтеринин үлгүлөрү жатат… Анда байыркы кыргыздардын география, астрономия, медицина, зергерлик, аскер өнөрү жөнүндөгү түшүнүктөрү мыскалдап жыйнаган маалыматтары топтолгон»[1] - деп белгилейт.

Адамдарды ар түрдүү дары өсүмдүктөр (көбүнчө чөптөр), минералдык заттар, айрым жаныбарлардын эти жана ички органдары жана башка дарылык касиеттери бар заттар менен айыктыруу жөнүндө эмприкалык түшүнүктөр кездешет.

Айрым чөптөрдүн дарылык шарапаты макал-лакаптар менен берилет. Мисалы, улжемил же уулжан аттуу чөптөрдүн дарылык касиети тууралуу «Улжемил деген дарысын, жутуп алды баарысын. Аккан каны басылып» - деп айтылат. Дастанда Сагынбайдын вариантында болсо «ийсең», «жуушаң» аттуу дары чөптөр кездешет.

«Ийсең, жуушаң чөбү бар,
Издегендин көбү бар.
Орол тоонун учу бар.

[1] Айтматов Ч. Мурас- биздин жалпы кенчибиз. Кожожаш. Бишкек.: Шам, 1996. 7-б.

Ойлонсоң сонун ушулар»[2]

Бул саптарда белгиленгендей, дары чөптөр (мээр чөп, апийим, уулжан, чар дары ж.б.), кээ бир жаныбарлардын эти (кашкулак өтү, момуя ж.б.) дары катары пайдаланылып, көп адамдардын өмүрүнө аралжы болгондугу, ошондой эле мазарларга баруунун себебинин бири да дарылануу максатында экендиги айтылат. Мунун өзү жаратылыштын дагы бир күчтүү касиеттеринин бири дабаагерлик (природотерапия) экендигин айгинелеп турат.

Адам баласынын табиятты таанып билүү аракеттери материалдык жана рухий прогресстин өзөгү болуп эсептелип, тарыхый өнүгүүнүн ар кандай этаптарында түрдүү жолдор менен ишке ашырылган. Бул болсо билимди өздөштүрүүнүн өзгөчө ыкмаларынын жаралышына шарт түзгөн. Кыргыздар көбүнчө мал чарбачылыгы менен тиричилигин өткөргөндүктөн жайлуу жайыт издеп, көчүп жүрүшүп, далай жолу нөшөрлөгөн жамгырга, мөндүрлөргө, кар аралаш бороон-чапкынга кабылышкан. Айрыкча эрте жазда боло калчу кара тоголок малдын көп кырылышына, ылаң оорулардын таралышына алып келген.

Мындай кыйын абалда калган эл табияттын стихиялуу ырайымсыз күчтөрүнө каршы турууга, башкача айтканда, анын дайыма болуп турууучу табышмактуу кубулуштарына көңүл буруп, алардын сырын ачууга аракеттенген. Дал ошол байкоолордун натыйжасында элдин арсынан чыккан «эсепчилер», «жылдыз санагычтар», «жайчылар» аба ырайынын бузулушун алдын - ала билишип, аларды жыйынтыктап, корутунду чыгарышкан. Алсак, эсепчилер алгач элдик жыл аттарына таянышып, ар бир жылдын өзүнө мүнөздүү белгилерин аныкташкан: жылаан, мечин жылдарында жай ысык, кургакчыл, кой, уй жылдарды жаанчыл болоорун, доңуз жылынын – кышы ызгаардуу, коен жылы мелүүн болорун айтышкан. Ал эми жылдыз санагычтар аба-ырайынын өзгөрүшүн жылдыздардын кайсы мезгилде кайсы тараптан, кандай абалда көрүнгөнүнө карай айтышкан.

[2]Орозбаков С. «Манас»

Эпосто жайчылык өнөрдүн чагылдырылышы табият кубулуштарынын ички сырларын үйрөнүүгө, аларды адамдардын эркине баш ийдирүүгө, болгон иш аракетинин көркөм көрүнүшү болуп саналат. Дааналап айтканда, дастанда жайчылык өнөрдүн күчү менен Алмамбеттин аба-ырайын өзгөртүп жиберүү кудурети баса көрсөтүлөт.

Чындыгында «Манас» эпосу башынан аягына чейин жаратылыш кубулуштары, дүйнөнүн көрүнүшү, элдин карым - катышы, географиялык кырдаал менен айкалышып жүрүп отурат.

Эпосто дүйнөнүн көп түрдүүлүгү жөнүндө да айтылат. Мисалы, «Алтымыш миң ааламдан, жети кабат кара жер», ошондой эле Ааламды түзүп турган кубулуш көрүнүштөр өз ара байланышта туруп, белгилүү тартипте жайгашканы туюнтулат, (Күн, Ай, Жылдыз, Көк, Жер, табият кубулуштары) анан калса аалам мейкиндигинин үч катмары тууралуу ой берилет: «Жогорку дүйнө», «Ортоңку дүйнө», «Жер алды дүйнө». Космогониядагы дүйнөнүнү белгилүү төрт тарабына ажыратылаары «Манаста» да кездешет.

Дүйнөнүн түзүлүшүн, табият кубулуштарында «оң» менен «сол» ажыратылат. Эпосто «Шымал» жагын сол, «Жануп» жагын оң деген деп айтылат. Парсыча «Шымал» - Түндүк, «Жануп» - Түштүк болот. Ушу сыяктуу Күн менен Ай, Жер менен Көк, Тоо менен Суу, Түн менен Күн карама - каршы коюлуп, кошмок мүнөздө сыпатталат. Бир сөз менен айтканда, мунун бары диалектиканын белгилүү мыйзамынын көрүнүшү.

«Манаста» жаратылыш кубулуштары, климат, суу, өсүмдүк, жаныбарлар дүйнөсүнүн өзгөчөлүгү, өзгөрүшү, таркалышы чагылдырылып, дүйнөнүн баары кыймылда, өзгөрүштө болот деген философиялык акссиоманы айкындап турат. Ушул эле идея «Семетейде» да кеңири чагылдырылат.

Кыргыз элинин эпосторунда, легендаларында азыркы замандын актуалдуу маселелерине үндөш, өзөктөш идеялар көп. «Булгап ичсе булак да түгөнөт», «ичкен сууңа түкүрбө», «чөптү кор тутсаң көзгө зыян» деген макалдардан баштап, «Кожожаш», «Карагул ботом» сыяктуу чыгармаларда

жаратылышты кыянаттык менен пайдалансаң, ал сенден өч (покояние, расплатие) алат деген идея айтылат. Демек, адам баласы жаратылышты бүлүндүрүүдөн сактап, ал турсун өзүнүн жашоо – тиричилик таламдары үчүн да жаныбарларды кырып – жоюуга батына алган эмес.

Байыртадан эле экология проблемасынын, бүгүнкү күндөгү биздин негизги түшүнүгүбүздүн аспектилери айкындала баштаган. Ошентип, адамдын прогматисттик, меркантилдик, «аш көп болсо, каада көп» принцибинде ашкере догматикалык таянышы айланып келип, коом менен жаратылыштын ортосундагы тең салмактуулуктун бузулушуна алып келет:

«Эчки зарлап ыйлады
Көзүнөн жашын тыйбады:
Балдарымдын бири жок,
Калган башым соо койбой,
Өзүмдү кууп кыйнады.
Барбаган тоом калбады,
Эчкинин берсе тилегин,
Мергендин аскада калсын жандары»

же болбосо,

«Тилегин берсе эчкинин,
Сенин да бир күн Кожожаш
Көзүңдүн жашы көл болоор
Жаратылыш айлана

Өзү сага жоо болор»[3] деген жаныбардын наалат - каргышы менен мерген аска зоого камалып, өлөт.

Анткени ал кандайдыр бир көз ирмемде өзү да табияттын бир бөлүгү экенин унутуп, жашоодогу жаратылыштын зарылдыгын тануага барды.

Революцияга чейин кыргыз эли мал чарбачылыгы жана аң уулоо менен тиричилигин өткөрүшкөн. Ошондуктан элибиз жерди жакшы билип, анын

---

[3]Кожожаш. Бишкек.:Шам, 1996. 51-б.

ыңгайлуу жактарын тез өздөштүрүшкөн жана жаратылыш чөйрөсүн сарамжалдуу пайдаланууга аракет кылышкан. Малга жайыттуу жерлерди издеп токойлорго, тоолорго көчүп – конуп жүрүшкөн. Тоо-таштарды кыдырып мергенчилерибиз аң уулашкан. Андыктан байыркы кыргыздар жаратылыш жашоонун негизи экенин сезишкен. Мунун өзү элибиздин аң сезиминде табиятка аяр мамиле жасоо керек деген түшүнүктөрүнүн пайда болушуна алып келет.

Жогоруда айтылып өткөндөй, кыргыз элинде аңчылык кылуу окат-тиричилик өткөрүүнүн негизи болгон «Карагул ботом» поэмасында да ушул эле ой, жаратылышка туура мамиле жасап, анын байлыктарын сарамжалдуу пайдалана албасак, адам жашоосу үчүн чоң апаат туулат деген идея айтылат. Тактап айтканда, көзүнө чалдыккан жан-жаныбарларды тирүү узатпаган мергендин, жан-жаныбарларды аео, алар да тирүү жандар экендигин сезүүсүнүн жоктугунан айланып барып табият аны жазалады, андан өч алды. «Баласынан ажыраган адамдын өзөгүнөөрт түшөт» - дегендей аңчы орду толгус трагедияга кириптер болду, көзгө сүртөөр кулунунан ажырады.

«Кайберенге кастыгып,
Кастарым тигип неге аттым.
Каргышы ката болбостон,
Каралдым жалгыз сени аттым.
Кайберен этин туураттың,
Карыганда атаңды,
Көк жыгачтай кууратгың»[4] - деп боздосо,

энеси: «Адырды, адырдай басып бугу аттың,
Адырдан аткан бугуңду.
Ак тескей ылдый кулаттың.
Ак кайыпка асылып,
Ардагым атып сулаттың.

[4]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Бишкек, 1999. 384-б.

Эчкисин аттың бооз деп,

Улагын аттың кооз деп.

Кысырын аттың семиз деп,

Экөөнү аттың эгиз деп.

Кайрыларым, Карагул,

Кайрылып таппайм мен издеп»[5] - деп зар какшап кала берди.

«Кожожаш», «Карагул ботом» чыгармаларынын сюжеттеринин философиялык мааниси мында жатат: мергенчилик кечирген трагедиядан адам баласын сактап калуу менен алардын башына түшкөн татаал мүшкүлдү кайталабоо же болбосо техникалык кудуретине сыйынып, жер бүткөндүн баарына падышамын деп ойлонгон адамзаттын өзүмчүлдүк пейилин оңдоосун талап кылуу.

Ата – бабаларыбыз өздөрүнүн жашоо тажырыйбаларынан улам: «Аң сезимдүү болуу, бул эпостордон жатка айтуу, комузда күү черте билүү гана эмес, жан жаныбарларга, суу токойлорго, адамгерчилик менен мамиле жасоодо» - деп айтышкан сөздөрүндө калет жок.

Кыргыз эли көчмөн турмушта болгондуктан алардын жашаган турак жайларынан тарта тамак ашы, кийген кийими, идиш аягына чейин табияттан алынган. Алсак, боз үйлөрүнүн структурасын жаратылыштын түзүлүшүнө ыңгайлаштырып ышкындын жана башка өсүмдүктөрдүн тамырлары менен боешкон. Ошондой эле жыгач өсүмдүктөрү менен короолорун тосуп, аларды отун катары дагы пайдаланышкан. Жайыттуу жерлерге көчүп-конуп, мал багышкан.

«Кыргыздардын дүйнөнү эпикалык өздөштүрүүсүнүн дагы бир көрүнүшү болгон «Эр Төштүк» эпосунда айлана - чөйрөнү таанып билүүнүн алгачкы формалары, адамдардын жаратылыш күчтөрүнө баш ийбей үстөмдүк кылуу идеясы, фантазиясы көрүнөт»[6]. Ушул өңүттө жаратылышты эне катары көрүп аны, сыйынуунун обектисине айландырган жөрөлгө – фактыларды

---

[5]Кыргыз поэзиясынын антологиясы. Бишкек, 1999. 386-б.
[6]Элдик мурастын философиясы. Бишкек, 2003, 141-б.

кыргыз элинин оозеки чыгармаларынан кеңири кездештирүүгө болот. Айрыкча, «Эр Төштүк» кенже эпосунда жер бетиндеги бардык тирүү жандыктар бири-бири менен байланышта болуп, ошол эле убакта бири-бирине көз каранды да болору чагылдырылып, адам менен жаратылыштын өз ара тыгыз байланышы берилип «ыйык» түшүнүгү келип чыккан. Ошол «ыйык» деп эсептелген жерлердин өсүмдүктөрүнө, жаныбарларына өтө этият мамиле жасашып, аларга кол тийгизишкен эмес. Ошондуктан элибиздин жаратылышы табигый боюнча сакталып, ан сайын көркүнө чыгып турган.

Элибизде айтылып жүргөн «жаратылышка кандай мамиле кылсаң, андан ошондой жооп аласың» же «бирөөгө жакшылык кылсаң, ал ал сага эки эселеп кайрылат» - деген терең философиялык маанидеги сөз «Эр Төштүктө» кеңири кездешет.  Мисалы, Төштүк жер алдына түшүп кеткенден кийин бутуна чөмөр кирип, өлүм алдында жаткан жолборско, орго түшүп калган аюга, уюгу менен өрттөнүп жаткан кумурскага жардам берип, алардын баарын өлүмдөн сактап калып, ар бирин жолдош кылат. Кийин Төштүккө Көк-Дөө жети шарт коюп, аны аткара албаса, өлтүрөөрүн жарыя кылат. Ошондо коюлган талаптарды аткарууда баягы курт – кумурскага, жан-жаныбарлардын баарынын жардамы тийип, баатыр аман калат.

Чыгармадагы каармандардын башына мүшкүл түшүп турганда жаратылыш жандыктарынын жардам берүүсү, башкача айтканда эпосто адамдардын табият менен болгон тыгыз байланышы берилет.

Жогоруда белгиленип өткөндөй, эпосто табияттын баалуулугу, асылдыгы, кайталангыстыгы, көп түрдүүлүгү, татаалдыгы, таанып билип бүткүстүгү жана башка маселелер козголот.

Жыйынтыктап айтканда, «кыргыз элинин эпикалык жанр системасы элдин философиялык аң сезиминин, адамдардын көз караштарынын калыптанышында чоң роль ойногон. Анткени, биринчи эле көзгө урунган нерсе, эпикалык чыгармаларда эң оболу адамдардын (элдин) акыл-эс туюму, ой-максаты, байыркы турмушу, коомдогу орду чагылдырылат эмеспи. Эпикалык чыгармалар, андагы түрдүү маңыз маанидеги ыр саптары

үстүртөдөн караганда жөнөкөй көрүнгөнү менен өздөрүнө терең философиялык мазмунду ичине камтыйт, көөнөрбөс элдик философия, мурастар, баалуулуктар жатканын айкындайт. Эпикалык чыгармалар кыргыз эли үчүн эпос эле болуп саналбастан, тарыхын, маданиятын чагылдырган руханий байлык болуп саналат жана дүйнөнү таанып билүү функциясын да аткарат.

Демек, жаратылышты коргоо жана сактоо идеялары эпикалык чыгармаларда өтө таамай, курч мүнөздө айтылган.

Аларды пайдаланып, азыркы учурдагы өтө глобалдуу болгон экологиялык проблеманы чечүүгө, экологиялык маданиятты жана аң сезимди калыптандырууга болору шексиз.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Жаратылыш түшүнүгүнө аныктама бергиле.
2. Коом менен жаратылыштын байланышын көрсөткүлө.
3. Глобалдуу экологиялык проблемаларды атагыла.
4. Глобалдуу экологиялык проблемалардын келип чыгуу себептерин тактагыла.
5. В.Н.Вернадскийдин принциптерин бөлүп көрсөткүлө.

## Тема: Диалектика жана анын альтернативалары

План:

1. Диалектика жана анын түрлөрү. Диалектиканын тарыхый формалары. Диалектиканын негизги принциптери.
2. Категория түшүнүгү. Диалектиканын категориялары.
3. Диалектиканын мыйзамдары, алардын дүйнө караштык, методологиялык жана практикалык мааниси.
4. Диалектиканын альтернативалары.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
3. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.
4. К. Маркс жана Ф.Энгельс. Чыгармалар 20-том, 545-бет.
5. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций. М., 2003.
6. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
7. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.
8. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.


**Диалектика** (грек тилинен которгондо) - баарлашуу, талаш-тартышты өткөрүү искусствосу дегенди түшүндүрөт. Диалектика - бул бытиенин калыптанышындагы, өнүгүшүндөгү эң жалпы байланыштар жөнүндөгү окуу жана ага негизделген ой жүгүртүү ыкмасы.

**Диалектика** – бул жаратылыштын, коомдун жана аң сезимдин жалпы өнүгүүсү жана байланыштары жөнүндө окуу.

Диалектика материянын, аң сезимдин, таанып-билүүнүн жана чындыктын башка аспектилеринин өнүгүшүн теориялык жактан:

• диалектиканын мыйзамдары;

• категориялары;

• принциптери аркылуу чагылдырат

Диалектиканын негизги проблемасы - бул өнүгүү деген эмне? Өнүгүү - бул материянын жалпы касиети жана негизги өзгөчөлүгү: материалдык жана идеалдуу объектилердин өзгөрүшү. Ал жөнөкөй (механикалык) өзгөрүү эмес, өз алдынча өнүгүү катары өзгөрүү, натыйжада материянын уюшулушунун жогорку деңгээлине өтүүсү.

Өнүгүү - кыймылдын эң жогорку формасы. Өз кезегинде кыймыл - өнүгүүнүн негизи болуп саналат.

Кыймыл материянын ички касиети жана ал курчап турган чындыктын уникалдуу кубулушу, анткени кыймыл бүтүндүгү, үзгүлтүксүздүгү жана ошол эле учурда карама-каршылыктардын болушу менен мүнөздөлөт (кыймылдуу тело мейкиндикте туруктуу орунду ээлебейт - кыймылдын ар бир мүнөтүндө тело белгилүү бир жерде болот жана ошол эле учурда анда жок болот). Кыймыл дагы материалдык дүйнөдөгү байланыштын бир жолу.

**Диалектиканын эки түрү бар:**

**Объективдүү диалектика** - бытиенин, объектинин жана объективдүү дүйнөнүн өнүгүшү (жаратылыштын диалектикасы); Же болбосо, бул - дүйнөдө болуп жаткан процесстер жана өзгөрүүлөр.

**Субъективдүү диалектика** - билимдин, ой жүгүртүүнүн өнүгүшү (рухтун диалектикасы). Бул адамдын аң сезиминдеги тигил же бул формада объективдүү диалектиканын чагылышы. Же бул адамдын аң сезиминин өнүгүүсү башкача айтканда ойлонуу процесси.

**Диалектиканын тарыхый формалары:**

1. **Стихиялык диалектика.** Бул диалектика байыркы Грек философиясына таандык. Негизги өкүлдөрү: Гераклит, Фалес, Демокрит ж.б. Алар дүйнөнү жана нерселерди тынымсыз өнүгүүдө жана бири-

бири менен байланышта караган. Бирок өздөрүнүн көз караштарын илимий түрдө далилдеп бере алган эмес. Ошондуктан стихиялык диалектика деп аталат.

2. Диалектиканын экинчи тарыхый формасы немецтик классикалык философиянын **идеалисттик диалектикасы** болгон. Ал Гегелдин чыгармаларында эң системалуу түрдө берилген. Бул диалектика абсолюттук идеянын өнүгүүсүн караган. Ошондуктан идеалисттик деп аталат.
3. Диалектиканын үчүнчү формасы - XIX - XX кылымдардагы **материалисттик диалектика.** Негизги өкүлдөрү К. Маркс жана Ф. Энгельс. Бул диалектика жаратылыштын, коомдун жана аң сезим чөйрөсүнүн өнүгүүсүн карайт. Маркс менен Энгельс бул диалектиканы Гегелдин идеалисттик диалектикасына таянып иштеп чыгышкан. Бирок Гегелдин иштеп чыккан закондорун жана категорияларын алар материалдык дүйнөгө жана аң сезимге байланыштырып иштеп чыккан. Ошондуктан бул диалектика материалисттик болот.

**Антикалык мезгилде** - дүйнө дайыма өнүгүп турган Космос катары көрсөтүлдү. Гераклит күрөш бардык нерсенин атасы, падышасы деп айткан. Сократ менен Платон карама-каршы көз караштар кагылышканда чындык талаш-тартышта жаралаарын далилдешти, чындык бүтүп калган жыйынтык эмес, ааламды жана адамды таанып - билүү процесси экендигине токтолушкан.

**Орто кылымдагы диний философияда** - Рух менен жан дүйнөнүн өнүгүшүнүн булагы болгон. Дүйнө Кудай тарабынан жаратылган жана ал анын өнүгүшүнүн туруктуу булагы болуп саналат деп каралган.

**Жаңы мезгилдеги философияда жана Агартуу доорунда** - жашоонун жана өнүгүүнүн негизги булагы катары механикалык кыймылдын өнүгүшү үстөмдүк кылган.

**Немецтик классикалык философияда** - Дүйнөнүн өнүгүшүнүн себеби абсолюттук рух идеясы болгон.

**XIX – XX кк.** - рухтун диалектикасынын (Гегель) жана жаратылыштын диалектикасынын (К. Маркс) өнүгүү синтези болгон.

Диалектика теориялык тутум болуп саналып, өз ичине принциптерди, мыйзамдарды жана категорияларды камтыйт.

**Принциптер** – бул жалпы жана универсалдуу идеялар, мамилелер, системада бардык элементтердин маанисин жана ролун аныктоочу критерийлер. Диалектиканын принциптери мыйзамдарды жана категорияларды бирдиктүү тутумга айландырат.

**Диалектиканын негизги принциптери:**

•объективдүү принциби;

• жалпы байланыштар принциби;

• системалуулук принциби;

• себептүүлүк принциби;

• тарыхый принциби;

• өнүгүү принциби.

**Объективдүү принциби** боюнча диалектика жалпы дүйнөнү жана нерселерди адамдардан тышкары алардын аң сезимине көз карандысыз жашайт деп эсептейт.

**Жалпы байланыштар принциби** - кандайдыр бир кубулуштун башка кубулуштарга көз карандылыгы "байланыш" түшүнүгүн билдирет. Бул мейкиндик - убакыт мамилеси, себеп-натыйжа байланыштары, генетикалык, ички жана тышкы байланыштар болушу мүмкүн.

Жалпы байланыш курчап турган дүйнөнүн бүтүндүгүн, анын ички биримдигин, өз ара байланышын, бардык компоненттердин - объектилердин, кубулуштардын, процесстердин өз ара көз карандылыгын билдирет.

**Байланыштар төмөнкүдөй болуп бөлүнөт:**

• тышкы жана ички;

• түз жана кыйыр;

• генетикалык жана функционалдык;

• мейкиндикте жана убактылуу;

• кокусунан жана мыйзам ченемдүү.

Байланыштын кеңири тараган түрү тышкы жана ички байланыш. Мисалы, адамдын денесинин биологиялык тутум катары ички байланыштары, адамдын социалдык тутумдун элементтери катары тышкы байланыштары.

**Системалуулук** курчап турган дүйнөдөгү көптөгөн байланыштар башаламан эмес, уюшкандыкта болот дегенди билдирет. Бул байланыштар иерархиялык тартипте жайгашкан системаны түзөт. Мунун аркасында курчап турган дүйнө ички максаттуулукка ээ.

**Себептүүлүк** - бири экинчисин жараткан жерде ушундай байланыштардын болушу. Курчап турган дүйнөнүн объектилери, кубулуштары, процесстери бир нерсе менен шартталат, башкача айтканда, алардын тышкы же ички себеби бар. Себеп өз кезегинде натыйжаны пайда кылат, ал эми жалпы байланыштар себеп-натыйжалык деп аталат.

**Тарыхый принцип** курчап турган дүйнөнүн эки жагын чагылдырат:

• тарыхтын, дүйнөнүн түбөлүктүүлүгүн, бузулбастыгын;

• анын дайыма бар экендигин жана өнүгүшүн. Тарыхый принципте нерселерди караганда же изилдегенде анын бардык өнүгүү тепкичтерин карап чыгуу керек деп эсептейт. Эң башынан баштап азыркы күнгө чейинки нерселердин тарыхын караганда анын өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгү бөлүнүп чыгат. Ал өз учурунда нерселердин келечегин алдын ала айтууга мүмкүндүк берет.

**Өнүгүү принциби.** Мында диалектика дүйнөнү жана нерселерди тынымсыз кыймылда, өнүгүүдө жана өзгөрүүдө деп карайт. Дүйнөдө кыймылсыз нерсе жок деп эсептейт.

**Диалектиканын категориялары:**

1. Жекелик, өзгөчөлүк, жалпылык.
2. Маңыз жана кубулуш.
3. Мазмун жана форма.

4. Себеп жана натыйжа.
5. Зарылдык жана кокустук.
6. Зарылдык жана эркиндик.
7. Мүмкүндүк жана чындык.
8. Бүтүн жана бөлүк. Система, структура, элемент.

**Диалектиканын категориялары** – бул жаратылыштын, коомдун, аң сезимдин жалпы байланыштарын чагылдырган түшүнүктөр. Диалектиканын категориялары бардык чөйрөлөргө таандык. Ал эми жеке илимдин категориялары белгилүү чөйрөлөргө гана таандык. Диалектиканын категориялары жуп категориялар болуп эсептелип бири-бири менен тыгыз байланышта болуп бири-бирисиз жашай албайт.

**1. Жекелик, өзгөчөлүк, жалпылык.**

«Жекелик» категориясы белгилүү бир объектинин, кубулуштун уникалдуу касиеттерин камтыйт.

Ар кандай материалдык түзүлүштүн өзүнө гана тиешелүү болгон нерселердин чөйрөсү бар, алар өз ара катышышат. Нерселердин өзүнө гана тиешелүү болгон кайталангыс башка экинчи нерседе жок болгон касиеттер болот. Материалдык түзүлүштүн бул касиеттери нерселердеги жекеликти түзөт. Демек, жекелик – бул нерсенин өзүнө гана таандык болгон жактары касиеттери. Мисалы, адамдын жеке мүнөзү, өңү түсү ж.б.

«Өзгөчөлүк" категориясы объектилердин ар кандай класстарына карата дифференциациялоо функциясын аткарат: объектилердин ар кандай класстарын салыштырып, адам бир класс үчүн жалпы нерсе башка класс үчүн бирдей эместигин байкайт.

Өзгөчөлүк – бул нерсенин өзгөчө касиеттери жана жактары. Бул жекелик менен жалпылыктын ортосунда болот. Ал жекеликке караганда кеңири, жалпылыкка караганда тар түшүнүк. Мисалы, Асан – студент – адам. Мында Асан – жекелик, студент – өзгөчөлүк, адам – жалпылык, аюу-жырткыч - жаныбар. Өзгөчөлүк жекеликке караганда жалпылык, жалпылыкка караганда жекелик болуп көрүнөт.

Нерсе материянын бөлүгү болуу менен материянын кыймылы жана өнүгүү мыйзамына баш ийет. Ошол эле мезгилде бир нерсе башка материалдык түзүлүштөрдө кайталануучу көптөгөн касиеттерге ээ болот. Демек, көптөгөн нерселерге таандык болгон, кайталануучу касиеттер нерселердин жалпылыгын түзөт. Жалпылык – бул нерсенин башка нерселерге окшош жактары жана касиеттери. Же, башка нерселерде кайталанган жактары.

"Жалпылык" категориясы өзүнчө объектилердин көптүгүндө белгилүү бир окшош, жалпы касиеттердин болушун аныктайт.

"Жалпылык" категориясы объектилердин баардык класстарына мүнөздүү жалпы категория.

**Маңыз жана кубулуш**

"Маңыз" категориясы нерсенин байланыштарынын ички жана керектүү жактарынын жыйындысын, анын иштешинин туруктуу, сакталган мыйзамдарын камтыйт. Маңыз – бул жаратылышта, коомдо жана аң сезимде болуп жаткан процесстер. Маңыз кубулуштун негизинде жаткан нерсе.

«Кубулуш" категориясы объектинин маңызынын айлана-чөйрөдөгү шарттарга байланыштуу белгилүү тышкы жагдайларда тышкы көрүнүшүн билдирет. Кубулуш – бул нерсенин ички жагын анын сырткы жагы аркылуу табуу. Нерселердин маңызы материалдуу, ал зарыл жактардын жана байланыштардын жыйындысы, адамдын аң сезимине көз карандысыз жашайт.

Демек, кубулуштар маңызга караганда бай. Маңыз кубулушка караганда тереңирээк. Мисалы, Адамды таанып - билүү сырткы көрүнүштөн маңызды таанууга өтөт.

Маңыз менен кубулуштун диалектикасы төмөндөгүдөй:

В.И.Ленин айткандай “маңыз кубулат, кубулуш маңыздуу”. Мында кубулат деген маңыз кубулуш аркылуу гана көрүнүп, билинип турат дегенди көрсөтөт. Ал эми кубулуш маңыздуу деген ар бир кубулуш сөзсүз белгилүү маңыздан келип чыгат дегенди билдирет. Маңыз менен кубулушту таанып-билүү кубулуштан маңызды карай жүрөт же болбосо нерселердин сырткы

жактарын, касиеттерин сезүү органдары аркылуу таанып билгенден кийин аң сезим менен маңызды таанып билебиз.

**Себеп жана натыйжа**

Себеп - бул нерсенин же кубулуштун маңызында жаткан нерсе.
Натыйжа - бул дагы бир кубулуштун себеби, анын натыйжасында татаал себептик чынжырлар пайда болот. Же болбосо себептен чыккан нерсе.
Бир эле себеп ар кандай натыйжаларды жаратышы мүмкүн. Мисалы, адам ооруса жөтөлүүшү, температурасы көтөрүлүшү мүмкүн ж.б. Тескерисинче, бир эле натыйжалар ар кандай себептерден улам келип чыгышы мүмкүн (М:, өрт чагылгандын, ширеңкенин сүрүлүшүнүн, электр зымдарынын кыска туташуусунун натыйжасы болушу мүмкүн).

**Кокустук жана зарылдык**

Зарылдык – бул нерселердин ички маңызынан чыккан сөзсүз түрдө белгилүү шарттарда боло турган нерсе.

Кокустук - бул тышкы себептерден улам чыккан боло турган же болбой турган нерсе.

Убакыттын өтүшү менен кокустук зарылчылыкка айланып, тескерисинче, өнүгүү процессиндеги зарылдык кокустукка айланышы мүмкүн. Мисалы, студенттердин сабакка баруусу – бул зарылдык, жолдо бара жатып жыгылып бутун сындырып алса – бул кокустук. Кайрадан бутун врачка көрсөтүп дарылатуу керек деген зарылдык пайда болду.

Дүйнөдө зарылдык менен кокустук бири – бири менен кошмоктошуп жүрөт. Бирок аларды ажыратып, бөлүп караган агымдар да бар. Алар: фатализм жана волюнтаризм. Фатализм – дүйнөдө зарылдыктар гана бар кокустуктар жок деп бардык нерселерди зарылдык менен болот дейт. Ал эми волюнтаризм зарылдыкты четке кагат. Бардык нерселер кокустуктардан улам болот дейт.

**Зарылдык жана эркиндик**

**Эркиндик –** бул каалаганды эле жасагандык эмес. К.Маркстын сөзү боюнча эркиндик – бул таанып билинген зарылдык. Зарылдыкты (жаратылыштын, ойлоонун, коомдун мыйзам ченемдүүлүктөрүн) канчалык адам таанып билсе, ошончолук анын эркиндиги кең болот. Канчалык адам илим билимдүү болсо ошончолук анын ишмердүүлүгүнө, жүрүш турушуна жол ачылат ж.о.э. ошончолук адам өзүн эркин сезет. Демек адамдын эркиндиги түздөн-түз зарылдык менен байланышта болот.

**Мүмкүндүк жана чындык**

Мүмкүндүк - али ишке ашырыла элек, бирок аны ишке ашыруу үчүн кубулуштардын өнүгүшүнүн ички мыйзам ченемдүүлүгүнөн келип чыккан кубулуш. Же чындыктан келип чыккан нерсе. Мүмкүндүктүн тамыры чындыкта жатат.

Чындык бул ишке ашкан мүмкүндүк. Же азыркы учурда болгон нерсе же кубулуш.

Мүмкүнчүлүктү чындыкка айландыруу үчүн белгилүү бир шарттар жана субъективдүү факторлор керек. Мисалы, учурда студент болуп окуп жаткан болсо – бул чындык. Андан окуп жаткан студент диплом алышы мүмкүн же диплом албай калышы мүмкүн деген мүмкүндүктөр жаралат. Демек, чындыктан бир нече мүмкүндүк келип чыгат. Ал мүмкүндүктөрдүн ичинен бирөөсү гана шарттары дал келсе чындыкка айланат. Ал чындык өз учурунда дагы бир нече мүмкүндүктү жаратат.

Мүмкүндүктүн эки түрү бар:

1. Реалдуу мүмкүндүк
2. Абстракциялык (формалдуу) мүмкүндүк.

Реалдуу мүмкүндүк – азыркы чындыктан келип чыккан мүмкүндүк. Ал эми формалдуу мүмкүндүктүн тамыры азыркы чындыкта жатпайт. Бул мүмкүндүк иш жүзүнө ашыш үчүн шарттар келечекте түзүлүшү мүмкүн.

**Мазмун жана форма**

Ар бир нерсе мазмун жана формага ээ. **Мазмун** - бул нерселерди жана кубулуштарды түзүүчү элементтердин жана процесстердин жыйындысы. Нерселердин мазмуну нерсенин ички структурасын гана эмес сырткы жагын, башка объектилер менен аракеттенүүсүн өзүнө камтыйт. Мисалы, атомдун мазмуну ага кирген ядро жана электрон алардын өз ара аракеттенишүүсү, сырткы аракети саналат.

**Форма** – бул нерселердин элементтеринин өз ара туруктуу байланышынын уюштурулушу. Мазмун менен форманын диалектикасы төмөндөгүдөй: мазмун менен форма биримдикте болгонуна карабастан экөө тең бирдей мааниге ээ эмес. Аныктоочу ролду мазмун ойносо, аныкталуучу ролду форма ойнойт. Башкача айтканда мазмун чечкиндүү ролду ойнойт. Форма андан келип чыгат, ага көз каранды. Бирок, форма да мазмунга таасирин тийгизет. Эгер форма мазмунга дал келбесе, анда мазмун иш жүзүнө ашпай калат, өнүкпөйт. Мисалы, самолёт квадрат формада болсо, анда ал уча алмак эмес.

**Бүтүн жана бөлүк. Система, структура, элемент.**

Бүтүн – деп ар кандай бүтүн нерсени түшүнөбүз. Мисалы, адам, дарак ж.б. Ар кандай бүтүн бөлүкчөлөрдөн турат.

**Бүтүн** – бул бири-бири менен белгилүү иретте системада байланышкан бөлүкчөлөрдүн жыйындысы. Бүтүн менен бөлүктүн диалектикасы төмөндөгүчө: кандайдыр бир бөлүкчө өзгөрсө, ал менен байланышта турган башка бөлүкчөлөр дагы өзгөрөт. Ошону менен бирге бүтүн да өзгөрөт. Тескерисинче, бүтүн өзгөрсө бөлүкчөлөр да өзгөрөт.

**Элемент** – татаал нерселердин, кубулуштардын, процесстердин бөлүнбөс бөлүкчөсү. Же бүтүндүн бөлүкчөсү . Бирок, бөлүнбөгөн жөнөкөй элементтер башка системага өткөндө бөлүнөт, татаал да көрүнөт. Мисалы,

нерсеге караганда атом бөлүнбөс, анын жөнөкөй бөлүгү, элементи. Бирок өзүнчө алганда татаал электрон жана ядродон түзүлгөн.

**Структура** – бул нерселердин же бүтүндүн ички түзүлүшү. Структура түзүлүш объекттин бүтүндүгүн жана өзүнө окшоштугун, ар түрдүү өзгөрүүлөрдөгү негизги касиеттеринин сакталышын камсыздоочу элементтеринин өз ара байланышы жана бири-бирин шарттап турушу.

**Система –** бул бүтүндүн ичиндеги бөлүкчөлөрдүн белгилүү иретте бири-бири менен байланышы.

Мыйзамдар, категориялар, принциптердин ичинен - диалектиканын мыйзамдары негизги орунду ээлейт.

**Мыйзам** - бул объективдүү (адамдын эркине карабастан), жалпы, туруктуу, зарыл, кубулуштардын ортосундагы кайталанып туруучу байланыштар.

Диалектиканын мыйзамдары жаратылыштын, коомдун, аң сезимдин жалпы байланыштарын жана жактарын чагылдырат.

Диалектиканын мыйзамдары башка илимдердин (физика, математика ж.б.) мыйзамдарынан универсалдуулугу менен айырмаланат, анткени алар:

• курчап турган чындыктын бардык чөйрөлөрүн камтыйт;

• кыймылдын жана өнүгүүнүн негиздерин, эскинин жаңыга өтүү механизмин, эски менен жаңынын байланышын терең ачып берет.

**Диалектиканын үч негизги мыйзамы бар:**

1. Карама-каршылыктардын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамы.
2. Сандан сапатка өтүүнүн жана өзгөрүүнүн мыйзамы.
3. Танууну тануу мыйзамы.

**Карама-каршылыктардын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамы** – дүйнөдөгү нерселердин бардыгынын бири-бирине карама-каршы келген башталыштардан турушат, алар табияты боюнча бирдей болуп, бири-бирине карама-каршы келет (мисалы: күн менен түн, ысык менен суук, ак-кара, кыш жана жай , жаштык жана карылык ж.б.).

Карама-каршылыктардын биримдиги жана күрөшү – бул жаратылыштын, коомдун жана аң сезимдин кыймылынын жана өнүгүшүнүн ички булагын көрсөтөт. Же болбосо, бул мыйзам коомдо, жаратылышта, аң сезимде эмнеге өнүгүү болот деген суроого жооп берет.

Гегелдин айтымында, ар бир нерсенин, кубулуштун эки негизги сапаты бар - окшоштук жана айырмачылык. Окшоштук кокустуктар менен мүнөздөлөт, бул мамилелердин тараптары, күчтөрү, касиеттери жана тенденциялары "тең салмактуулугу".

Айырмачылык - бул нерсенин өзүнө жана башкаларга болгон мамилесинин бир түрү, бул мамиленин тараптары менен тенденцияларынын дал келбестиги менен мүнөздөлөт.

Карама-каршылык, бирдей окшоштук менен айырмачылыктын ортосундагы күрөш, Гегелдин ою боюнча, объекттин өзгөрүшү кыймылдын өзгөрүшүнө (өзүн өзгөртүүгө) алып келет. Мисалы, өзүнө окшош идея болот, бирок ошол эле учурда анын айырмачылыгы бар.

Күрөштүн ар кандай түрлөрүн айырмаласак болот:

• эки тарапка тең пайдалуу болгон күрөш (мисалы, ар бир тарап бири-бирин "кууп", өнүгүүнүн сапаттуу деңгээлине өткөн туруктуу атаандаштык);

• бир тарап экинчи тарапты дайыма жеңип турган, бирок жеңилген тарап туруктуу бойдон кала берген жана жеңүүчү тарап үчүн "кыжырдантуучу" болуп турган күрөш, ошонун аркасында жеңүүчү тарап өнүгүүнүн жогорку баскычына өтөт;

• антагонисттик күрөш, мында бир тарап экинчи тарапты толугу менен жок кылуу менен гана жашай алат.

Күрөшүүдөн тышкары, өз ара аракеттенүүнүн башка түрлөрү бар:

• жардам (эки тарап тең бири-бирине уруш-талашсыз өз ара жардам көрсөткөндө);

• тилектештик, союздаштык (тараптар бири-бирине түз жардам көрсөтүшпөйт, бирок жалпы кызыкчылыктарга ээ жана бирдей багытта иш алып барышат);

• бейтараптык (тараптар ар кандай кызыкчылыктарга ээ, бири-бири менен кызматташпайт, бирок өз ара күрөшүшпөйт);

• мутуализм - толук өз ара байланыш (кандайдыр бир ишти жүргүзүү үчүн тараптар биргелешип гана иш алып барышы керек жана бири-биринен автономдуу иш-аракет кыла алышпайт).

**Карама-каршылыктардын биримдигинин жана күрөшүнүн мыйзамы.**

Ар бир объект жана кубулуш ички карама-каршылыктар менен мүнөздөлөт, алар биримдикте жана өз ара аракеттенүүдө, өз ара күрөшүүдө жашашат. Ички карама-каршылыктардын өз ара өтүшү өз алдынча кыймылдоонун жана өнүгүүнүн булагы болуп саналат.

**Диалектиканын экинчи мыйзамы - Сандан сапатка өтүүнүн жана өзгөрүүнүн мыйзамы**

Бул мыйзам өнүгүү кандай түрдө өтөт деген суроого жооп берет жана өнүгүүнүн мүнөзүн көрсөтөт.

Мыйзамдын мазмуну жана маңызы анын негизги категорияларын талдоо аркылуу ачылышы керек: "сапат", "сан", "чен", "секирик" ж.б. Ар бир нерсе сандык жана сапаттык мүнөздөөлөргө ээ.

**Сапат** - нерсенин негизги мүнөздөмөсү. Сапат - нерсенин салыштырмалуу туруктуулугу, анын түзүлүшү, бүтүндүгү, ички аныктыгы сыяктуу мүнөздөмөлөрдү чагылдырат. Сапат, нерсенин ички аныктыгы катары, касиеттер аркылуу көрүнөт. Сапат – бул касиеттердин жыйындысы.

Ошондой эле ар бир нерсе касиетке ээ. Касиет – бул нерсенин белгилүү гана жагы.

**Сан** - объектинин же кубулуштун эсептелген параметрлери (саны, көлөмү, салмагы, ж.б.). Сан - кандайдыр бир сапаттын көрүнүү интенсивдүүлүгүн чагылдырат, ошондой эле нерсенин көлөмүн, анын баалуулугун көрсөткөн касиеттердин жыйындысы катары аныкталат.

Ар бир нерсенин ченеми болот. **Чен** – бул нерсенин нерсе бойдон калуучу чек арасы. Чен - бул сан менен сапаттын биримдиги.Чен - бул сапаттык жана сандык ишенимдүүлүктүн биримдиги, ар кандай нерселер

сандык өзгөрүүлөргө карабастан, анын сапаттык ишенимдүүлүгүн сактап турган белгилүү бир интервал.

Секирик – нерсенин бир сапаттан башка сапатка өтүүсү аталат.

**Сандан сапатка өтүүнүн жана өзгөрүүнүн мыйзамы.**

Ар кандай объектинин абалындагы сандык өзгөрүүлөрдүн топтолушу табигый түрдө анын кескин сапаттык өзгөрүүсүнө алып келет, ал эми пайда болгон жаңы сапат өз кезегинде тиешелүү сандык өзгөрүүлөрдүн жүрүшүнө тескери таасирин тийгизет.

Сандык өзгөрүүлөрдүн сапаттык өзгөрүүлөргө өтүү мыйзамынын иштешине бир нече мисал келтирсек болот. Эгерде сууну бир цельсий градуска ырааттуу жылытып турса, башкача айтканда, сандык параметрлерин - температураны өзгөртсө, анда суу сапатын өзгөртөт - ысыйт (кадимки структуралык байланыштардын бузулушунан улам, молекулалар бир нече эсе ылдамыраак кыймылдай башташат).

Демек, өнүгүү кандай түрдө өтөт деген суроого, сандык өзгөрүүлөр топтолуп белгилүү ченемге жеткенде нерсе бир сапаттан башка сапатка секирик жасайт - дейт бул мыйзам.

**Тануууну тануу мыйзамы** өнүгүү кайсы жакка барат деген суроого жооп берет жана өнүгүүнүн багытын көрсөтөт.Тануууну тануу мыйзамы боюнча жаңы ар дайым эскини четке кагып, өз ордун ээлеп тургандыгында, бирок бара-бара ал өзү жаңыдан эскиге өтүп, жаңысы тарабынан четке кагылып жаткандыгында.

Мисалы,

• коомдук-экономикалык формациялардын өзгөрүшү (тарыхый процесстин формациялык мамилеси менен);

• тукумдун эволюциясы (балдар кийин ата-эне болот, бирок жаңы этапта);

• эски кан клеткаларынын күн сайын өлүшү, жаңыларынын пайда болушу.

Өнүгүү тануу түрүндө өтөт. Эскиден жаңыга, жөнөкөйдөн татаалга, төмөндөн жогоруга кайталануу түрүндө чексизге карай жүрөт дейт бул мыйзам.

Тануу – бул нерсенин бир сапаттан башка сапатка өтүүсү, эскинин ордуна жаңынын келүүсү.Тануунун эки түрү бар. Алар:

**Диалектикалык тануу** – бул эски сапаттан жаңыга өтүү, анын артында белгилүү сапаттар, мазмунунун элементтери жана функциялары жаңы сапаттын мазмунуна айланат.

**Метафизикалык тануу** - эскинин жоголгон учуруна көңүл буруп, жаңысын сактоо жана жаратуу процесстерин иш жүзүндө этибарга албайт. Натыйжада, метафизикалык четке кагуу, жок кылуу деген нерседен келип чыгат.

Тануну тануу мыйзамынын методологиялык мааниси төмөндөгүдөй: жаңыны курууда эскини түп тамыры менен танып салбай, анын керектүү баалуу жактарын сактап, жаңыга көчүрүш керек. Ошондо гана өнүгүү болушу мүмкүн дейт бул мыйзам.

Диалектика - бул бардык нерсенин өнүгүшү жөнүндө бирден-бир теория эмес. Аны менен катар философиялык кызыкчылыкка (өнүгүүгө) окшош башка теориялар бар, алар дагы философиялык методдор. Бул теориялар көбүнчө диалектикага карама-каршы келет.

**Диалектиканын альтернативалары төмөнкүлөрдү камтыйт:**

• метафизика;

• софистика;

• эклектика;

• догматизм;

• релятивизм.

**Метафизика -** диалектиканын негизги альтернативасы. Метафизика – бул ойлоонун жөндөмү дүйнөнү жана нерселерди кыймылсыз жана

өнүгүүдөн, байланыштан тышкары карайт б.а. өнүгүү жана байланыштар принцибин четке каккан.

• метафизика, диалектика сыяктуу, өнүккөн, баардыгын кучагына алган теория;

• метафизика көптөгөн маселелерди диалектикага каршы позицияда карайт.

Метафизика дүйнөнү түшүнүү жана ой жүгүртүү ыкмасы, анда кубулуштар менен объектилерди өз ара байланыштан жана өнүгүүдөн тышкары карайт. Башкача айтканда өнүгүү жана жалпы байланыштар принцибин четке кагат.

**Релятивизм** - таанып-билүүнүн даяр натыйжаларын чечмелөө.

**Эклектика** - толук эмес фактыларды айкалыштыруу, жасалма интеллектуалдык конструкцияларды түзүү, өзүм билемдик менен аралаштыруунун негизинде теориялык чындыкты куруу. Эклектика – бул ойлоонун жөндөмү. Бири-бирине түп тамыры менен дал келбеген карама-каршы болгон көз караштарды бириктирүүгө аракеттенет. Мисалы, философиянын тарыхында материализм жана идеализм багытын бириктирип булардын үстүндө турган кандайдыр бир үчүнчү багытты түзүүгө аракеттенген.

**Софистика** – туура эмес көз караштарды теорияларды атайын эле туура деп көрсөтүүгө аракеттенет. Бул байланыштар принцибин четке кагат.

**Догматизм** - курчап турган дүйнөгө болгон мамиле ар кандай жоболорду башында негизсиз, бирок абсолюттук чындык, ой жүгүртүүдөгү ийкемдүүлүк катары кабыл алуу.

**Тема: Философиядагы адам проблемасы**

1. Философиянын тарыхында адам проблемасынын каралышы.
2. Адам бытиеси философиялык проблема катары. Антропосоциогенез проблемасы.
3. Адамдагы биологиялык жана социалдык жактар. Биологизатордук жана социологизатордук концепциялар.
4. Адамдын рухий тажрыйбасындагы жашоо жана өлүм проблемасы.

**Адабияттар:**

1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
3. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.
4. К. Маркс жана Ф.Энгельс. Чыгармалар 20-том, 545-бет.
5. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций. М., 2003.
6. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
7. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.

8. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.

**Адам проблемасы** - философиядагы негизги жана орчунду темалардан. Ал проблема эң кызыктуу жана татаал проблемалардан болгондуктан аны илимдин ар түрдүү тармактары өздөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө жараша изилдешет. Философия башка предметтерден айырмаланып, адамдын бүтүндөй бир табиятына көнүл буруп, аны көп кырдуу жана универсалдуу жандык катары карайт.

Адам жөнүндөгү окуу – антропология, ал эми адам проблемасын караган философиянын бөлүгү - **философиялык антропология** деп аталат.

Байыртадан эле адамзатты "Адам деген ким?", "Ал кайдан пайда болгон?", "Башка жандыктардан эмнеси менен айырмаланат", "Адам түбөлүктүүбү?", "Адамзат жашоосунун маңызы эмнеде?" - деген сыяктуу суроолор кызыктырып, ага жооп издеп келишкен

Адам жөнүндөгү алгачкы көз караштар байыркы мифологияда кездешет. Байыркы философияда адам космос менен кошо каралып, космостук энергиянын коюуланышынан адам жаралган деп айтылат. Философиянын тарыхында да доордун мүнөзүнө, мазмунуна жараша адам проблемасын чечмелөөгө аракет жасалган.

**Байыркы Индияда** адам проблемасы Буддизмде каралып, анда адамдын кыйынчылыктардан кутулуунун жолдорун көрсөтүшкөн. **Байыркы Кытай философиясында** конфуцианство, легизм, моизм ж.б. философиялык окууларында адамдын коомдо өзүн алып жүрүүсү, коом менен жеке адамдардын ортосундагы мамиле, мамлекет башчыларынын ролу жөнүндөгү маселелер каралган.

**Байыркы Грек философиясында** космоцентрикалык көз караш үстөмдүк кылгандыктан, **Милет мектебинин өкүлдөрү** адам - өзүнө космостун стихиялык элементерин кармап турат деп белгилешкен. Демокрит кандайдыр бир деңгээлде аалам - макрокосмос болуп эсептелсе, анда адам

Космостун органикалык бир бөлүгү, микрокосмос деген. Демек, адам Космостун ичинде анын мыйзамдарына баш ийип жашаш керек, ал дүйнөдө эркин эмес, сырдуу дүйнө кези келгенде адамга карама-каршы турат деген идея жашаган. Ошондуктан, адам үчүн идеалдуу жашоо – дүйнө менен шайкеш чыныгы **акылмандуулук** менен жашоо деп эсептелинген.

Адамдын космостон өзүнчө турган жеке адам теориясына кайрылуу Сократка таандык. Ал адамды өзүнүн философиясынын борбордук проблемасы катары караган. Ошондуктан философиялык антропологиянын калыптанышынын башатын анын ысымы менен байланыштырышат. Сократ адамдарды Космосту, курчап турган дүйнөнү эмес өзүн таанууга чакырат: адамдын өзүнүн адеп ахлахтык позициясын аныктап алуусу анын жашоосунун мааниси деп түшүндүрөт. Платондун пикири боюнча адамды адам кылып турган субстанция – бул рух. Ошондуктан, рухтун сыпатынан адамдын жалпы мүнөзү, социалдык статусу байланыштуу деген.

**Орто кылым философиясында** теоцентрикалык көз караш үстөмдүк абалда болгондуктан, адамдын маңызы, келип чыгышы, жердеги тагдыры Кудай аркылуу аныкталып, бул дүйнөдөгү жашоосу аркы дүйнөгө болгон даярдык же сыноо экендигин белгиленген. Адам бардык башка жандыктардан жогору, бирок Кудайдан төмөн турары, өзүнүн жаратуучусуна баш ийүү, аны таануу аркылуу гана азаптардан кутулары айтылат.

Августин Блаженный Платондун адам жөнүндөгү идеасын жаңыртып “Адам - бул рух менен дененин карама-каршылыктары, рух гана адамды адам кылат”- деп эсептесе, Фома Аквинский Августун Блаженныйга каршы көз карашын билдирип, рух жана дененин биримдигин көрсөтөт, бирок дененин кыймылынын багытын Рух аныктайт деген пикирин билдирет.

**Кайра жаралуу доору** антикалык традицияны андан ары өнүктүргөн. Адам курчап турган чөйрө менен тыгыз байланышта гана болбостон, акырындык менен анын борборунда турган б.а адам негизги темага айланып, антропоцентрикалык көз караш үстөмдүк кылган. Адамдын акылмандуулугу,

сулуулугу, индивидуалдуулугу, башкаларга окшош эмес экендиги даназаланып берилген.

**Жаны мезгил доорунда** адам бүтүндөй адамзаттын өкүлү катары каралып, анын жалпы жаратылышына, социалдык маңызына, универсалдулуугуна көнүл бурулган. Ушул мезгилге тиешелүү болгон механицизмдин позициясында адам тышкы дүйнө сыяктуу татаал машина катары, ал машина жаратылыштын узакка созулган эволюциясынын мөмөсү катары түшүндүрүлгөн. (Ж. Ломерти "Адам машина" (саат механизми сыяктуу өз алдынча жүргөн машина). Капиталистик мамиленин калыптануусу, адамдардын ортосунда конкуренцияны жараткан. Ошондон улам Т. Гоббс "Адам адамга карышкыр", "Баарынан баарына каршы согуш" деп айкан. XVII к. жаны европалык философия акыл-эсти адамдын спецификалык өзгөчөлүгү катары карайт. Мисалы, Рене Декарт адамдын маңызын анын ойлоосу менен байланыштырган: "Мен ойлоп жатам, демек жашап жатам". Адамдагы башкы сапат акыл - эстин натыйжасы болгон билимдин жардамында адам дүйнөнү өзгөртүп түзүү анын негизги милдети катары эсептелинген. Мындай рационалистик көз караш француз агартуучуларына таандык (*Бенедикт Спиноза, Томас Гоббс, Де-ни Дидро, Клод Гельвеций, Жюльен Ламетри).* Адам акыл - эстин жардамы менен жаратылыштын сырларын үйрөнүү аркылуу аны өзүнө багындырат, муну менен коомдогу маселелер чечилет деген ишеним, менменсинүү пайда болгон. Бирок мындай түшүнүктөр XX кылымдын 70 жылдарына чейин жашап, качан гана экологиялык проблемалар пайда болгондо гана туура эмес экенин аңдап сезе баштаган. Жаны мезгил философиясында буга каршы көз караштар да кездешет. Мисалы, Б.Паскаль адам кең ааламда бар болгону бир "ойлоочу тростник", ал акыл эстүү болгондугуна карабастан, космостун күчтөрүнөн алсыз жана аянычтуу жандык деп мүнөздөйт. Чынында адам бытиеси карама-каршылыктуу, бир эле мезгилде улуу, күчтүү да, ошондой эле алсыз да.

**Немец классиктери** үчүн адам – дүйнөлүк маданияттын жаратуучусу, руханий ишмердүүлуктун субъектиси жана жалпы идеалдуу рухтун, акыл-

эстин башатын алып жүрүүчү катары каралат, б.а адамды анын ишмердүүлүгү аркылуу түшүнүү ишке ашкан. Кант антропологиянын философиялык багыт катары түптөлүп өнүгүшүнө зор салым кошкон. Ал адам табиятынын моралдык мүнөзүнө, Иоганн Фихте - адамдын ишмердүүлүгүнө, Георг Гегель - руханий дүйнөсүнө көңүл бөлгөн. Людвиг Фейербах - адамды философиянын жана башка илимдердин предмети катары карап, адамды толук бойдон биологиялык жандык катары түшүнөт.

**Марксистик философия** адамды коомдук-практикалык ишмердүүлүктүн субъектиси жана продуктусу катары карайт. Карл Маркс адамдын маңызын бардык коомдук мамилелердин жыйындысы деп эсептеген. Марксизимде адам тарыхтын контекстинде каралып, анын тиги же бул социалдык топко таандыктыгы аркылуу изилденет.

**XIX кылымдын аягы XX кылымдын** башындагы философия кайрадан антропологияга өзгөчө көңүл бөлөт. Себеби, бул мезгилде адам маселеси курч коюлуп, адам баласынын табияты, тагдыры философиялык татаал проблема катары борбордук орунду ээлейт. XX к. негизги багыттардын бири экзистенциализмде (жашоо философиясы) адам проблемасы өзгөчө өңүттө каралат. Экзистенциялисттер (Ж.Сартр, А. Камю, К. М. Хайдеггер ж.б.) үчүн башкы тема адамдын абсурдду (латын. адамгерчиликсиз, кайдыгер) социалдык дүйнөдөгү жашоосу эсептелинет. Мында адам эки жолдун бирин тандоосу керек: бул дүйнөнүн абсурдду менен келишип, же ага каршы туруп өзүнө күч топтоп, инсан катары жашоого умтулуусу керек.

3. **Адам бытиеси философиялык проблема катары. Антропосоциогенез проблемасы.**

Адамдын адамдыгы туурасында сөз кылганда “адам кантип жаралган?” деген суроону айланып өтүп кете албайбыз. Бул маселени чечкен антропологиянын бөлүмү **антропосоциогенез** деп аталат.

**Антропосоциогенез** проблемасы (грек-антропос-адам, латын социо-коом, генез-келип чыгуу) – адам менен коомдун келип чыгуу проблемасы. Адам менен коомдун келип чыгуусун ажыратып кароого мүмкүн эмес,

анткени алар бир бүтүндүктүн эки жагы. Бул проблема бир чети, ал абдан маанилүү болсо, бир чети, ал ошончолук татаал. Адамдын келип чыгышы бүгүнкү күнгө чейин табышмак жана сырдуу бойдон калууда. Себеби, бул фактылардын, билимдердин жетишкендигинде эмес, илимдин өнүгүшү менен жаңы ачылыштар ачылып, алар адамдардын калыптанып калган түшүнүктөрүнө, дал келбей, же таптакыр эле аларга карама – каршы болуп жаткандыгында. Ошондуктан адамдын калыптанышы жөнүндөгү азыркы учурдагы көз караштар негизинен күмөн саналган, божомолдонгон ойлорго (гипотезаларга) таянууда. Алардын ичинен төмөндөгү гипотезаларды бөлүп кароого болот:

**1.Теисттик же креационизм концепциясы -** адамды кудай жараткан деп түшүндүрөт;

**2. Космикалык же панспермия концепциясы -** адам баласынын түп теги башка планетадан келген деп эсептешет.

**3. Илимий концепция** – адамды жер шарынын шартында табигый абалда пайда болгонун ырастайт. Илимий концепцияга Ч.Дарвиндин эволюциялык теориясы - адам биологиялык түр, анын келип чыгуусу табигый жаратылыштык (табигый илимий) деген теорияны киргизүүгө болот:

Бүгүнкү күндө антропосоциогенез проблемасы ачык тема бойдон калууда.

## Адамдагы биологиялык жана социалдык жактар. Адам жөнүндөгү биологизатордук жана социологизатордук концепциялар.

Байыркы грек философу Аристотель “Адам – бул саясий жаныбар” – деген. Бул аныктама менен ал адамдын эки жагы бар экендигин белгилейт:

1. Анын жаныбардык, биологиялык жагы. Адам да жаныбарлар сыяктуу эле биологиялык организм. Жаныбарларга окшош жактары болуп: төрөлүүсү, өмүр сүрүүсү, өлүмү, азыктануусу, көбөйүүсү, зат алмашуу процесси, шартуу, шартсыз рефлекстердин болуусу, анатомиялык физиологиялык жактан түзүлүшү ж.б. саналат.

2. Социалдык же жаныбарлардан айырмаланган жактары болуп: акыл-эси, сүйлөгөнү, иштегени же белгилүү кесипке ээ болуусу, реалдуулукту таанып билүүсү, маданияттын түзүүчүсү экендиги ж.б. эсептелет.

Демек, адам биологиялык жана социалдык жактардын бирдиги катары жашайт б.а. **биосоциалдык жандык.**

Адамдын бул эки жагынын ортосунда тыгыз байланыш бар. Алар бири-бирине таасирин тийгизип турушат.

Адамдын биологиялык жагы анын социалдык жагына түздөн түз таасирин тийгизип турат. Мисалы, адамдардын биологиялык жагында кандайдыр бир тубаса таланттар берилсе, ошого ылайык адам кесибин тандап алган болсо коомдун жана өзүнүн өнүгүүсүндө белгилүү ролду ойношу мүмкүн. Демек, коомдо адамдардын биологиялык жагы, анын социалдык жагына оң таасирин тийгизет. Ошону менен бирге эле терс таасирин да тийгизиши мүмкүн. Мисалы, адамдардын биологиялык жагында кандайдыр бир кемчилдиктер болсо (майып, ден-соолугу начар ж.б.) адам өзүнүн социалдык же коомдук жагын толук өнүктүрө албайт ж.б.у.с.

Адамдардын социалдык жагы биологиялык жагына да таасирин тийгизет. Бул дагы оң жана терс болушу мүмкүн. Мисалы, адам өмүр бою белгилүү кесипте иштесе, анын ошол кесипке байланыштуу болгон сезүү органдары өнүгүп, күчөйт. Демек, биологиялык жактан адам өнүгөт. Бул адамдардын социалдык жагынын биологиялык жагына тийгизген оң таасири. Ошондой эле адамдардын социалдык жагы анын биологиясын терс жака карата өзгөртүшү мүмкүн. Мисалы, адам өмүр бою бир кесипте иштесе, ал кесиптик ооруларга кезигиши мүмкүн. Ар бир кесиптин өзүнө жараша кесиптик оорулары бар. Алсак, шахтерлордо кургак учук оорусу, айдоочуларда геморой оорулары көбүрөөк кездешет. Демек, адамдардын социалдык жагы анын биологиялык жагына терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Ошентип, адамдардын биологиялык жана социалдык жактары тыгыз биримдикте турушат жана бири-бирине таасирин тийгизишет.

Философияда адмдын ушул эки жагын ар түрдүү баалап, бир жагынын гана ролун эске алып, экинчи жагын четке каккан агымдар бар. Алар биологизатордук жана социологизатордук концепциялар.

**Биологизатордук концепция** – адамдын биологиялык жагын жогору коюп, социалдык жагын четке кагат б.а. алар адамдарды жалаң гана биологиялык жандык катары карашат. Бул концепцияга **расизм, социал-дарвинизм, социо-биология жана сексизмдер кирет.**

**Расизм** – бул адамдарды терисинин түсүнө карап ажыратышат б.а. бир расаны экинчи расадан жогору коет. Мисалы, ак терилүүлөрдү – акылдуу, маданияттуу дешсе, кара терилүүлөрдү – тескерисинче айтышат. Бирок бул агымга кошулууга болбойт, себеби адамдардын акылына, маданияттуулугуна теринин түсү эч кандай таасир эте албайт.

**Социал-дарвинизм** – коомдо дагы Дарвиндин табигий тандалуу мыйзамы иштеш керек дейт. Башкача айтканда биологиялык жактан гана күчтүү адамдар жашап калып, биологиялык жактан күчсүздөр жок болуш керек дейт. Ал үчүн коомдо согуштар болуп турушу зарыл. Ошол согушта алсыз адамдар жок болот да алдуу күчтүүлөр өздөрүн сактап калып жашап калышат деген жыйынтыкка келишет. Албетте, бул агымдын негизи жок. Коомдун өнүгүүсүндө алсыз бирок акылдуу адам миң эсе пайдалуу эмеспи.

**Социобиология** – бул агым илимдердин ичинен эң негизги ролду биология ойнойт дейт. Калган илимдерди биологиянын бөлүгү катары карайт. Булар коомду жаныбарлардын бирдиги катары карашат.

**Сексизм** – жынысына карап адамдарды ажыратат. Эркектер аялдарга караганда акылдуу күчтүү дешет. Адамдардын арасындагы эң эле негизги биологиялык айырмалар катарындагы жыныстык айырма коомдун социалдык мамилелеринде жана маданиятында түркүн түрдө чагылдырылат. Көптөгөн кылымдар бою бул айырма «жогорку» (эркектик) жана «төмөнкү» (аялдык) иреттеги категориялар аркылуу түшүндүрүлгөн. Азыркы күндөгү коомдук пикирде жыныстык карама – каршылыктарды түшүнүүдө аларды «жогорку», «төмөнкү» сыяктуу карама- каршылыкта

карабастан, бири-бирин толуктап тургандыгы жана адамдын табиятынын байлыгын камсыздоочу көп түркүмдүүлүгүнүн маанилүү башаты катары кароо зарыл.

**Социологизатордук концепция** – Бул концепциянын жактоочулары адамдагы биологиялык жактарды четке кагып, адамдардын социалдык жагын жогору коюшат. Бул концепцияга социоутопиялар киришет. Булар коом жакшы өнүгүшү үчүн адамдар адам роботторду жаратыш керек дешет. Андай адамдарды жаратууда атайын инкубаторго окшош шарттар болушу зарыл. Адам роботтор белгилүү гана кесипке ээ болуш керек. Ошол кесиптен тышкары эч кандай башка кесипке ээ болушу керек эмес деп белгилешет. Мисалы, куруучу адам, шахтер адам ж.б.

Чындыгында бул агымдын да негизи жок адамдын социалдык жагын эске алган менен ал биологиялык дагы жандык болуп эсептелет. Аларда биологиялык керектөөлөрү да болот.

Демек, адамдагы биологиялык жана социалдык касиеттери, бири-бирин толуктап турушат жана адамдын татаал биосоциалдык (табияттык, социалдык, психологиялык) өнүгүп турчу феномен экендигин билдирет.

“Адам” түшүнүгүнүн маанисин чечмелөөдө индивид, инсан, индивидуалдуулук түшүнүктөрүнө токтолуу максатка ылайык. **Индивид-** адам тукумунун жеке өкүлү, социалдык топтун, катмарлардын, жамаатын ажырагыс мүчөсү, көптүктөгү бир киши. **Индивидуалдуулук -** ар бир атуулга тиешелүү табигыйлуулукту, көп кырдуулуктун бүтүндүгүн, таланттуулукту, кайталангыстыкты, жеке дүйнөнүн бар экендиги же ар бир адамдын кайталангыс сапаттары. **Инсан** - социалдашкан индивид, коомдук баалуу иш-аракеттери менен мүнөздөлгөн аң сезимдүү ишмердиктин жана мамилелердин субъектиси катары каралган адам. Демек, адам инсан болуп калыптанышы үчүн эрктүү социалдык өнүгүү менен шайкеш келген, калк алдындагы парзын максатын, коомдук мамилелердин системасындагы алган ордун, ролун сезе билиш керек. Адам индивид болуп төрөлүп, инсан катары коомдук

мамилилелердин мейкининде калыптанат. Инсандын калыптануусуна төмөндөгү факторлор таасирин тийгизет:

- ✓ Индивиддин төрөлгөндө берилген генетикалык өзгөчөлүгү;
- ✓ Курчап турган физикалык чөйрөнүн таасири;
- ✓ Маданияттын таасири;
- ✓ Социалдык чөйрө;
- ✓ Адамдын жеке тажрыйбасы.

**Биринчиден,** инсандын калыптануусуна төрөлгөндө берилүүчү генетикалык өзгөчөлүгү таасирин тийгизет. Тукум куучулук мүнөз инсандын калыптануусундагы негизги база болуп эсептелет. Мындай тукум куучулук сапаттарга: жөндөмдүүлүк, мүнөз ж.б. кирет. Биологиялык тукум куучулугу инсандын индивидуалдуулугун, башка индивиддерден айырмачылыгын көрсөтүп турат.

**Экинчи фактор** адамды курчап турган физикалык чөйрө б.а. адамды курчап турган географиялык чөйрө, шарттар да инсандын калыптануусуна өз таасирин тийгизет. Мисалы, түрдүү климатта (шаарда, тоолуу аймакта, джунгилиде) жашаган элдер бири-биринен айырмаланып турушат. Жаратылыш дайыма бизге өз таасирин тийгизип турат, а биз ага өзүбүздүн инсандык структурабызды өзгөртүү менен жооп берип турушубуз керек.

**Үчүнчү фактор** болуп маданият эсептелинет. Ар бир коомдун же социалдык группанын өзүнө таандык болгон маданий норма жана баалуулуктары бар. Ошол коомдо, социалдык группада жашаган ар бир адам ошол маданий нормаларга, баалуулуктарга баш ийүү керек.

**Төртүнчү фактор** болуп инсандын социалдык чөйрөсү эсептелет. Бул факторду индивиддин инсандык сапаттарынын калыптануусундагы негизгиси деп кароого болот. Социалдык чөйрөнүн таасири социализация процесинин негизинде ишке ашат.

**Бешинчи фактор** болуп азыркы коомдо адамдын жеке тажырыйбасы эсептелет. Бул фактордун маңызы ар бир адам жогорудагы факторлордун негизинде түрдүү кырдаалдарга туш келет, ошол кырдаалдардан чыгуунун

жолдорун издөө менен тажырыйба топтоп келечекке багыт алат. Кайталангыс кырдаардарга туш болуу менен жеке, индивидуалдуу тажырыйбаларды топтоо да адамдын инсан болуп калыптануусундагы маанилүү факторлордун бири. (Убакыт өзү мугалим. Бүгүнкү акылым болгондо, кечээги каталарды кетирбейт элем, кечээги каталарды кетирбегенде бүгүнкүдөй акылга ээ болбойт элем)

Жыйынтыктап айтканда, "Инсан" категориясы адамдын кайталангыстыгын, өзүнчөлүгүн, бүтүндүгүн бекемдигин ырастайт. Биологиялык индивид социалдашып инсанга айланганда гана адам деген атка таттыктуу болот. Ошондуктан адамды биосоциалдык жандык катары карайбыз.

**Адамдын рухий тажрыйбасындагы жашоо жана өлүм проблемасы**

Жашоо жана өлүм проблемасы изилдөөчүлөрдүн көңүлүн дайыма буруп келген. Ал философиянын борбордук орунунда турат.

Философия тигил же бул түрдө жашоо жана өлүм проблемасын чечмелөөгө аракет кылган. Алардын көпчүлүгү (айрымдарын эске албаганда) жашоо жөнүндө терс пикирлерин белгилешкен: жашоо- бул азап (Будда, Шопенгауэр), адам турмушу ачынаарлык (Сенеке), жашоо-күрөш, бөтөн жерге болгон саякат (Марк Аврелий), жашоо – иллюзия (Паскаль), жашоонун баары – жалган, үмүттөрдүн баасы (Дидро), Жашоо канчалык ийгиликтүү болбосун, канчалык узакка созулбасын, өлүмдөн качып кутулууга мүмкүн эмес. Эпикур башкача ойлонот: "Өлүмдүн бизге эч кандай тиешеси жок: биз жашап жаткан чакта, али өлүм жок; ал эми өлүм келгенде биз жок болобуз". Бул жашоо менен өлүмдүн матералдык чечмелениши.

Материалисттик философияда адамдын өмүрү тууралуу чексиз, түгөнбөс деп курулай ишендирбейт. Илимий гуманизм өлүм алдында турган адам үчүн адеп-ахлактык таяныч издеп, "дүйнөдөн кайтуу маданият" жөнүндө ой жүгүртөт. Өлүм алдындагы катуу коркуу жана башка психикалык терс абалда болуу эмес, тескерисинче - сабырдуулук, ыймандуулук жолу менен

дүйнөдөн өтүү, калыстык жана эрктүүлүк менен өз өмүрүнө мамиле жасоо-бул реалдуулук гуманизм чындаган философиялык негиз, анын түпкү максаты - биологиялык (табигый) менен социалдыкты, учу-кыйырсыз менен түгөнүүчүнү жана өлүм менен түбөлүк жашоонун диалектикалык бирдиктүүлүгүн айкындап турат.

Ар бир адамдын жашоосунун маңызы уникалдуу жана кайталангыс. Адам өзүнүн жашоосун тандоодо жана аны ишке ашырууда дайыма эркин. Бирок эркиндикти өз билгенин жасоо менен алмаштырып албашыбыз керек. Аны жоопкерчиликтин чегинде кабыл алышыбыз зарыл. Адам өзү туш болгон жашоодогу түрдүү абалдарга, туура тандалган жашоосунун маңызын ишке ашырганга гана жоопкерчиликтүү болууга аракет кылуусу абзел.

Адамдын жашоо максаты философияда ар түрдүү каралат. Мисалы, экзистенциализм – адамдын жашоо максаты, бул өмүр бою өлүмгө даярдануу. Адам качан өлөөрүн билбейт, ошондуктан ал өлүмгө ар дайым даяр болуш керек. Ар бир жашаган күндү акыркы күнү жашагандай өткөрүш керек дейт. Бул философияда эң негизги түшүнүк - коркунуч түшүнүгү. Адамдын жүрүш - турушунун негизинде коркунуч жатат – дейт экзистенциализм.

Экзистенциализм менен макул болууга болбойт. Адамдардын жүрүш турушунун негизинде коркунуч да жатышы мүмкүн бирок адамдын өзү жасаган иштеринин негизинде коркунучту көрүүгө мүмкүн эмес. Демек, адамдардын көптөгөн жүрүш турушунда коркунучтун эч кандай орду жок.

Адамдын жашоо максаты эмне деген суроого философия мындай дейт: “Ар бир адамда белгилүү мүмкүнчүлүктөрү, таланттары, касиеттери бар. Адамдын жашоо максаты ошол өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн максималдуу түрдө ишке ашыруу”. Өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн иш жүзүнө ашыруу аркылуу адам коомдун өнүгүүсүнө дагы салымын кошот.

***Адамдын жашоосунун маңызын үч жаратылышка бөлүп алсак болот: биологиялык, социалдык, рухий.***

*Адамдардын биологиялык жаратылышы* – мында адам өзүнүн артынан туяк калтыруу үчүн жашайт. Өзүнүн артынан туяк калтыруу менен, аны

тарбиялап өстүрүп эрезеге жетирүүнү максат кылат. Ар бир адам өзүнөн кийинки муундарына орун бошотуп берүүсү абзел. Биз өлүмдү трагедия катары кабыл албашыбыз керек. Демек, биологиялык жаратылышындагы адамдын жашоосунун маңызы өзүнүн тукумун улоо максатында артында туяк калтыруу деп саналат.

*Социалдык жаратылышы* - мында адамдар коомго пайдасын тийгизүүнү максат кылат. Коомдун өнүгүүсүнө өзүнүн салымын кошот.

*Рухий жаратылышында* адамдардын жашоосунун маңызы жан дүйнөнүн эркиндигинде, адамдар эркин түрдө жашоосун, кесибин, динин ж.б тандай алуусу. Мисалы, кээ бир адамдар жашоо бир келет дешип, каалагандай өткөрүүнү каалашса, башкалары бул жашоо сыноо үчүн берилген деп акыретке кам көрүшөт жана ошого ылайык өздөрүнүн жашоодогу максаттарын белгилешет.

Эгер адамдын биологиялык жаратылышы жашоонун маңызын адам тукумунун уланышынан көрсө, социалдык жаратылышы адамдын коомдогу ордун белгилесе, рухий жаратылышы жан дүйнөнүн эркиндигинен көрөт.

Адамдын өмүрү чексиз улана бербейт. Жандуулардын арасында жалгыз адам гана муну түшүнөт дагы, бул жөнүндө ойлонот. Ошондуктан “туулдуң өлдүң”- деген сөз бекеринен айтылбаган чыгар.

**Өлүм** – бул өмүрдүн же жашоонун токтошу. Ал жашоонун негизин түзгөн белоктордун ажыроосуна байланышат. Кайсы гана организм болбосун, ал өзүнүн жашоосун өлүм менен аяктайт. Өзүн жараткан себептерге байланыштуу өлүм табигый (физиологиялык) жана мезгилсиз (патологиялык) бөлүп бөлүнөт. Табигый өлүм организмдин картайышынан, ал эми мезгилсиз өлүм ар түрдүү оорулардан, түрдүү кырсыктардан, же өзүн-өзү өлүмгө кыйуудан болот. Адам менен жаныбарлардын өлүмү дем алуу жана кан айлануу процессинин токтолушу менен байланышкан.

Акыркы убактарда адамдардын көңүлүн эвтаназия (грек. ”жагымдуу өлүм”) көбүрөөк буруууда. Бул адамдын өлүмгө укугу жөнүндөгү проблема. Эгерде адам айыкпас ооруга чалдыгып, дарыгерлер тарабынан андан ары

жашоого болбойт деп тастыкталса, оорулуунун өзүнүн же жакын туугандарынын макулдугу менен дарыгерлер тарабынан эфтаназияга учуратылат. Эфтаназиянын төмөндөгүдөй түрлөрүн айырмалоого болот: активдүү жана пассивдүү. Мыйзам аркылуу активдүү эфтаназияга Белгияда жана Нидерландияда уруксат берилген. Пассивдүү эфтаназияга Германияда, Швецияда, Швейцарияда, АКШнын айрым штаттарында уруксат берилген.

Бүгүнкү күндө эфтаназия гуманизмби же өзүн-өзү өлтүрүүбү деген суроо туулат. Бул боюнча ар бир адамдын пикири ар түрдүү.

Ошентип, адам проблемасы философияда өзүнүн ичине түрдүү проблемаларды камтып турат: антропосоциогенез, адамдын табияты, өмүрү менен өлүмүнүн мааниси, жашоонун маңызы ж.б. проблемалар. Биз жогоруда карагандай бул проблемаларды ар кайсы философиялык, диний жана башка концепциялар ар түрдүчө иликтейт. Адам баласы бул жашоодон түбөлүк жок болмоюнча бул проблемалар улана берет, аны чечүүнүн түрдүү жолдору жаңыланып, эскисин танып отурат. Бул теманын үстүнөн ой жүгүртүп өзүбүздүн дүйнөдөгү ордубузду, жашоо жолубузду аныктап алуубуз зарыл. Ошондо гана биз жашообуздун маанисин тапкан болобуз.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Философиянын тарыхында адам проблемасынын каралышын айтып бергиле.
2. Адамдын биосоциалдык жандык экендигин чечмелегиле.
3. Адамдагы биологиялык жана социалдык жактарын ажыратып карагыла.
4. Биологизатордук жана социологизатордук концепцияларды түшүндүргүлө.
5. Адамзат жашоосунун маңызын анализдегиле.
6. Жашоо, өлүм, өлбөстүккө түшүндүрмө бергиле.

**Тема: Аң сезим, анын келип чыгышы жана маңызы**

1. Философиядагы аң сезим проблемасы. Аң сезим чагылуунун эң жогорку формасы катары.
2. Чагылуу – материянын жалпы касиети катары. Чагылуунун формалары.
3. Аң сезимдин пайда болуусундагы жана өнүгүүсүндөгү эмгектин, тилдин ролу. Тил жана аң сезим.
4. Аң сезим жана мээ.

**Адабияттар:**


1. Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно – политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии.- Фрунзе: Илим,

1985.
3. Введение в философию: Учеб.пособие для вузов .- М., 2002.
4. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
5. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М.,2000.
6. Энгельс Ф. Диалектика природы.-М.: Госполитиздат, 1955.

Философиянын негизги проблемаларын – дүйнө жана адамды алардын түрдүү байланыштарын окуп үйрөнүүдө, адамдын биосоциалдык жандык катары иликтенишинде анын аң сезимине, ойломуна жана руханий дүйнөсүнүн маңызына көңүл буруу зарыл. Аң сезимдин келип чыгышы жана калыптанышы, анын алып жүрүүчүсү адамдын пайда болушу, коомдогу экономикалык, социомаданий шарттардын алкагында өнүгүшү, жарандардын “социалданышы” менен тыгыз байланышкандыгы мыйзамдуу көрүнүш.

Аң сезим проблемасы философиядагы негизги жана орчундуу темалардан. Аң сезим түшүнүгү философияда эң байыркы түшүнүктөрдүн бири. Бул түшүнүктүн жардамы менен адамдын баш мээсинде курчап турган чөйрө, ал чөйрөдөгү адамдардын өзүнүн ээлеген орду, өзүн өзү чагылдыруу жөндөмү ачылып берилет. Аң сезимдин маңызы татаал жана келечектүү, ошондуктан ал көптөгөн илимдердин (философия, психология, педагогика, физиология ж.б) изилдөө Объектиси болуп саналат. Аң сезимди көрүүгө жана туюуга мүмкүн эместиги анын – спецификалуулугу.

Антикалык мезгилдерде эле аң сезим менен материянын касиеттери бири биринен түп-тамырынан бери өзгөчөлүктүү экендиги белгилүү болгон. Алгачкы адамдар аң сезим - бул “жандын” касиети, жан денеден бөлөк жашай алат деген корутундуга келишкен. Ал адамдарда мындай көз караштар, мисалы, түш көрүү же оору-сыркоо сыяктуу кубулуштарды түшүндүрүүгө аракет жасоо учурунда пайда болгон. Алгачкы адамдар “адам уктап жатканда анын “жаны” денени таштап кетип калгандыктан, түш көрүү болот экен, ал эми оору-сыркоо болсо адамдын денесине “каардуу рухтун” киришинин натыйжасы болуп эсептелет экен”, - деп ойлошкон.

Философиялык идеализмдин көз карашы боюнча аң сезим дүйнөнүн башатындагы нерсе же процесстердин субстанциясы сыяктуу баштапкы берилгендик.

Ал эми философиялык материализмдин көз карашында же табият таануу илиминде аң сезим түшүнүгү эволюциялык өнүгүүнүн мыйзам ченемдүү көрүнүшү катары каралат. Ошондой эле, философиянын тарыхында ар кандай көз караштар бар. Мисалы, гилозоизм боюнча бүт материя туюу жана ой жүгүртүү жөндөмүнө ээ деген жаңылыш түшүнүктөрдү пайда кылган же аң сезимдин конкреттүү - тарыхый коомдук мамилелер менен шартталгандыгын эсепке албай туруп эле, адамдын аң сезимин жалаң гана анын биологиялык бөтөнчөлүктөрү менен түшүндүрүүгө аракет жасаган.

Кээ бир ойчулдар адамдын ойлонуу жөндөмдүүлүгү ал пайда болгондон баштап эле берилген деген ойду беришет. Мисалы, Декарт материя менен идеянын өздүк касиеттерин табуу менен аларды бири-биринен көз карандысыз жашаган субстанциялар деп атаган. Декарт материя менен идеянын ортосунда жалпылык жок, бирок аларды кудай гана өз ара бириктирип турат деген идея менен материянын ортосундагы жалпылыкты таба алган эмес. Анын замандашы Б.Спиноза материя менен идеянын ортосундагы жалпылык болуп жаратылыш эсептелет деген.

Вульгардык материалисттер аң сезим материянын өзгөчө бир түрү болуп эсептелет, боор өттү бөлүп чыгарган сыяктуу эле мээ ойду бөлүп чыгарат деп эсептешкен, б. а. алар аң сезимди материя менен тең маанилеш кубулуш деп түшүнөт. (Мисалы, Карл Фохттун, Якоб Молешоттун, Людвиг Бюхнердин материализми). Алар ой мээнин продуктасы катарында өзгөчө түрдөгү зат болуп эсептелет деп далилдешкен. Вульгардык материалисттер аң сезимдин мээде болуп жаткан физиологиялык процесстер менен байланышын туура белгилөө менен бирге, психикалык нерсени физиологиялык нерсе менен, ойду зат менен окшоштуруп одоно жаңылыштык кетиришкен. Анткени аң сезим менен материя тең маанилеш түшүнүктөр эмес алардын ортосунда айырмачылыктар бар.

Материалдуу нерсе менен идеалдуу нерсенин ортосунда жалпылык болбосо, анда алардын өз ара айкалышы, жуурулушу да мүмкүн эмес. Б.Спинозанын жаратылышты материя менен идеянын ортосундагы жалпылык деп атоосу аң сезим проблемасын чечүүнүн туура жолу болгон. Бирок марксизмге чейин философтор ой менен нерсенин бири-бирине дал келиши кандайча жүрөт деген суроого так жооп бере алышкан эмес.

**Аң сезим –** бул адамдын иш аракетинде негизги орунду ээлген, рухийлүүлүктүн жаралышын жана бардык таанып-билүүнүн түшүнүктөрүн белгилөөчү философиялык түшүнүк. Аң сезим кандай шарттарда пайда болгон жана өнүккөн деген суроо келип чыгат.  Бул суроого жооп берүү үчүн табигый илимий философия чагылуу түшүнүгүн киргизген.

Илим чагылууну материянын универсалдуу (жалпыга тиешелүү) касиети катары карайт.

***Чагылуу*** – материянын бардык формаларына таандык болгон касиет. Бул нерселердин сырттан тийген таасирлерге белгилүү түрдө жооп берип өзгөргөнү.  Чагылуу өз ара аракеттенишүүлөрдүн моменти, жагы, жыйынтыгы катары реалдуулуктагы нерселердин дифференцияланышына, татаалданышына, өнүгүү деңгээлине ылайык түрдүү формаларда байкалат.

**Чагылуу -** бул  материалдык предметтердин баарына тиешелүү болгон касиет же материалдык системалар өз ара катнашта болгон экинчи бир материалдык системалардын касиеттерин өзүндө калыбына келтирүү (копиялоо) жөндөмү.

Чагылуу жандуу жана жансыз жаратылышта, социалдык материяда орун алган.

Жансыз жаратылыштагы чагылуу пассивдүү мүнөзгө ээ. Башкача айтканда жансыз материя сырткы таасирлерге ар түрдүү механикалык, физикалык, химиялык өзгөрүүлөр менен жооп берет. Ушул өзгөрүүлөр - ***элементардык чагылуу*** деп аталат. Мисалы, Суу оттун таасирин кайнап чагылдырат. Термометрдеги сымап ысыкты же суукту көтөрүлүп же түшүп

чагылдырат ж.б.у.с. Демек, жансыз нерселердин ар түрдүү өзгөрүүсүн ошол нерселердин чагылуусу дейбиз.

Өсүмдүктөр дагы караңгыны жана жарыкты, ысыкты жана суукту, нымдуулукту жана кургакты белгилүү түрдө чагылдырат. Караңгыда түссүз болуп, жарыкта жашылданган, суукта соолуп, ысыктан гүлдөгөн сыяктуу ж.б. кубулуштардын баардыгы өсүмдүктөрдүн чагылдыруусу. Бул чагылуунун формасы – ***дүүлүгү*** деп аталат. Дүүлүгүдө дүүлүктүргүчтүн энергиясы дүүлүгүчүдөгү жооп реакцияны пайда кылат. Дүүлүгү жөндөмдүүлүгүнүн татаалданышы аркылуу жаныбарлар дүйнөсүнө таандык чагылуу – ***сезимдүүлүк*** (туюуга жөндөмдүүлүк) ар кандай көрүнүштөрдө байкалат.

Бир клеткалуу жаныбарлардын деңгээлинде чагылуунун сезимдүүлүк деген формасы болот. Бул чагылуу сезүү органдары менен байланыштуу. Алар сезген үчүн белгилүү жүрүш-туруш менен жооп берет.

Көп клеткалуу жаныбарларда нейрофизиологиялык чагылуу б.а. нерв системасы аркылуу чагылдыруу ишке ашат. Анда сырткы таасирдин натыйжасында организмдин ички ресурстарында өзгөрүү жүрөт, жүрүм-турум регуляцияланат. Нейрофизиологиялык чагылуунун андан-ары өнүгүшүнүн негизинде **психикалык чагылуу** (инстинкт-психика) жаралат, ал жаныбарларда да, адамдарда да болот. Жогорку түзүлүштөгү жаныбарлардагы чагылуунун бул формасы борбордук нерв системасынын же мээнин пайда болушу менен байланыштуу.

*Анын 3 формасы бар:*

1. ***Туюу***
2. ***Кабыл алуу***
3. ***Элестөө***

**Туюу** – таанып биле турган кубулуштун айрым касиеттерин, жактарын чагылдырган таанып-билүүнүн алгачкы формасы.

**Туюу** – бул нерселердин же дүйнөнүн белгилүү гана жагынын чагылуусу. Психикалык чагылууда түстү, температураны, форманы, жытты,

үндү нерселер менен предметтердин жактары жана касиеттерин белгилөөчү туюмдар өзгөчө ролду аткарат.

Туюмдар көрүү, угуу, жыт билүү, даам сезүү, жылуу-муздакты сезүүчү сезүү органдарынын жардамы менен калыптанат. Ар бир сезүү орган дүйнөнүн белгилүү гана жагын чагылдырат. Мисалы, мурун жытты, кулак үндү, тил даамды ж. б. Туюмдардын негизинде жогорку түзүлүштөгү жаныбарларда психикалык чагылуунун жогорку жана татаал формалары кабылдоо жана элестетүү пайда болот.

**Кабыл алуу** – бул нерселердин бүтүндөй чагылуусу же туюумдардын суммасы. Башкача айтканда, ар кандай сезүү органдарына предметтин таасири астында пайда болгон предметтин бүтүн образы. Кабыл алуунун туюудан айырмасы ал предметти толук чагылдырат.

**Элестөө** – бул биздин аң сезимибизде предметтин же кубулуштун чагылып көрсөтүлүшү же качандыр бир кабыл алынган нерсенин кайрадан чагылып көрсөтүлүшү. Элестөө кабыл алуу менен туюуга караганда туруктуу өз алдынча мүнөзгө ээ.

Кабыл алуунун жана элестөөнүн жардамында психика предметтин бүтүн образын түзүүгө жана бул образды узак убакытка чейин эсте сактоого жардам берет. Бул өз кезегинде адамдардын аң сезиминин келип чыгышына генетикалык өбөлгө болуп эсептелет.

Психикалык чагылуу жаныбарларга гана тиешелүү эмес адамдарга да таандык. Бирок адамдардын туюмдары, кабыл алуусу, элестөөлөрү бир нече тепкич жогору турат. Адамдардагы чагылуу жана чагылтуу процесстери өздөрүнө бири-бири менен тыгыз байланышкан төмөндөгүдөй кубулуштарды камтыйт.

*Биринчиден,* чагыла турган Объектилердин (табияттык, социалдык, адамдык бытиелер жана көрүнүштөр) адамдарга (субъектиге) таандык сезүү органдарына таасир тийгизүүсү.

*Экинчиден,* сезүү органдарынын реалдуу (оптималдуу) функцияланышы жана алар аркылуу алынган чагылуучу жөнүндөгү информациялардын нерв системасынын мээге “жеткирилиши”.

*Үчүнчүдөн,* адамдын мээсинде физиологиялык, биологиялык, анатомиялык, психологиялык ж.б. көп кырдуу процесстердин жүрүшү.

*Төртүнчүдөн,* ушундай татаал кубулуштардын натыйжасында курчап турган дүйнө объектинин копияланышы, сүрөттөлүшү жана чагылышы же субъективдүү образынын пайда болушу. Демек, адамдардагы аң сезимдин келип чыгышында жана функцияланышында зарыл түрдө адамдардын сезүү органдары, нерв системасы, мээси, чыгармачылыгы же иш-аракеттери катышат. Мындай жагдайда чагылуучу – материалдуу мээ, чагылуу – аң сезим болуп эсептелет.

Адамдарга таандык ажырагыс касиет иретинде анын табияты тарыхый комдук мүнөзгө ээ же социалдык чөйрөсүз, мамилелерсиз аң сезимдин калыптанышы мүмкүн эмес. Экономикалык, социомаданий шарттарга, кырдаалдарга жараша коомдогу жарандардын аң сезимдери өнүгөт.

Адамдар жаныбарлардан айырмаланып тил аркылуу чагылдырат. Тил аркылуу чагылуунун формалары болуп:

1. ***Түшүнүк***
2. ***Ой жүгүртүү***
3. ***Ой корутундулоо саналат.***

*Түшүнүк* – бул предметтин жалпы жана негизги белгилерин чагылдыруучу ой. Мисалы, адам, дарак, таш, доска, китеп ж.б. баары түшүнүктөр болуп саналышат.

*Ой жүгүртүү* - бул ойдун бекемделишин же таанылышын белгилөөчү форма. Ал түшүнүктүн мазмунун ачуу үчүн кызмат кылат. Мисалы, металл түшүнүгүнүн мазмунун ачуу үчүн биз бардык металлдар электр тогун өткөрөт деген ой жүгүртүүнү айтабыз.

*Ой корутундулоо* – бул белгилүү сандагы ой жүгүртүүлөрдөн корутунду же тыянак чыгаруучу ойлоонун формасы.

Демек, психикалык чагылуунун формалары жана тил аркылуу чагылуунун формалары биригип аң сезимди берет.

***Аң сезим – бул Объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы. Жогорку даражада уюштурулган материянын – адамдын атрибуттук касиети.*** Аң сезим адамдарга гана таандык болуп, социалдык чөйрөдө гана калыптанат.

Ф.Энгельс өзүнүн “маймылдын адамга айлануусундагы эмгектин ролу” деген эмгегинде аң сезимдин пайда болушуна себеп болгон 3 шартты айтат:

1. ***Биологиялык фактор***
2. ***Эмгек фактору***
3. ***Тил фактору***

*Биологиялык фактордо* эң жогорку деңгээлдеги жана татаал түзүлүштөгү мээнин бар экендигин, жер жүзүндө бардык жаныбарлардын ичинде эң татаал мээ маймылда гана болгондугу каралып, ошондой мээде гана аң сезим пайда болушу мүмкүн эле деп белгиленет.

Генезиси жана маңызы, мазмуну боюнча аң сезим материалдуу дүйнөдөн көз каранды, ошол реалдуулуктун өзү кандай болсо, ал жөнүндөгү аң сезим да ошондой экендиги талашсыз. Мисалы, азыркы илимий маалыматтарга таянсак органикалык эмес табияттын татаалданышынан органикалык бытие пайда болгондугу белгилүү, андан кийин жандуу жаратылыш уламдан - улам эволюциялык өнүгүүнүн натыйжасында жогорку түзүлүштөгү жаныбарлар (алсак, адамдарга окшош маймылдар) келип чыккан. Адам сымал маймылдардын жашоосундагы табигый шарттардын татаалданышы, тиричилик кылуунун кыйындашы, өөрчүшү алгачкы адамдардын (питекантроп, синантроп) пайда болушуна өбөлгө түздү. Адамдардын жана алардын аң сезиминин жаралышында, калыптанышында жана өнүгүшүндө эмгектин ролу зор.

*Эмгек факторунда* төмөндөгүчө каралат. Өнүгүүнүн белгилүү этабында маймылдар өзүн багыш үчүн, дарактардан жерге түшүп, арткы буттарына туруп, алдыңкы буттарын эмгектенүүгө бошотууга мажбур болгон. Алдыңкы буттары менен маймылдар эң жөнөкөй эмгек операцияларды жасай баштайт.

Ошол эмгектин негизинде ал буттар акырындап колго айлана баштайт. Эмгектин таасиринен мээсинде ойлор аң сезим пайда боло баштайт. Себеби, эмгек операцияларды жасаш үчүн ойлонуш керек болчу.

Эмгек феномени, анын татаалданышы, эмгек куралдарын, каражаттарын пайдалануу, колдун эмгек органы катары иштеши, андан ары өркүндөшү туюмдун, сезүүнүн күчөшүнө, байышына алып келди. Мындай өзгөрүүлөр жана биргелешип иштеген эмгек мээнин иштөөсүн жакшыртты, аткарган функцияларын кеңейтти, тилди өөрчүттү, практикалык кыймыл-аракеттин логикасы мээге "бекип", ырааттуу ой жүгүртүүгө айланды, адам ойлогонду үйрөндү.

Ошентип, эмгек аң сезимди жаратып калыптандырат. Эмгек операциялар татаалданган сайын аң сезим ошону менен бирге өнүгөт жана татаалданат.

Демек, аң сезимди калыптандырган эң негизги шарт бул – эмгек.

*Тил фактору.* Эмгек процессинде тажрыйба көбөйгөн сайын маймылдарда бири-бири менен информация алмашуу зарылдыгы келип чыгат. Мээдеги ойлор бири-бири менен бөлүшкүсү келет. Ошол зарылдыктан акырындап тил пайда боло баштайт. Тил жана эмгек биргеликте аң сезимди пайда кылат жана калыптандырат. Тил аң сезимдин жашоо формасы болот. Аң сезим тилден сырткары жашай албайт, ал тил аркылуу гана жашайт. Бир эле ойду ар түрдүү тил аркылуу билдирсе болот. Тилдин формалары түрдүүчө: оозеки жана жазма, сырткы жана ички, жасалма (илимий) мимика тили, символдор кирет. Адамдардын табигый тили экиге бөлүнөт: ички тил жана сырткы тил. Ички тил аркылуу ойлор, пикирлер, көз караштар, идеялар сөздөр, сүйлөмдөр түрүндө туюнтулат, тизмектелет. Ал эми сырткы тил аркылуу ички тилдин мазмуну же ой дүйнөсү башка адамдарга берилет.

Тил өнүккөн сайын аң сезим дагы өнүгөт. Тил канчалык бай болсо, ошончолук аң сезимдин өнүгүүсүнө жол ачылат. Тил жупуну өнүкпөгөн болсо, анда адамдардын аң сезиминин калыптанышына дагы тоскоолдук кылат.

Аң сезимдин бир бүтүндөй түзүлүшүнүн булактары болуп курчап турган реалдуулуктун предметтери, процесстери жана кубулуштары саналышат. Адамдардын башка бытиенин системасында алган ордун аныктоочу критерийи, материалдык мээнин функциясы иретинде аң сезим тил менен тыгыз байланышкан.

Ф.Энгельстин берген мүнөздөмөсү боюнча адамдар, алардын аң сезимдери кандай байыркы болсо, анын тили да ошондой эле байыркы. ***Тил*** – аң сезимдин (ойдун) материалдык оболочкасы, алып жүрүүчүсү, жашап туруу ыгы, "сандыгы", "тикеден-тике чындыгы". Тил өзүнүн идеалдык мазмуну боюнча табигый, сөздүн туюнтулушуна карата социалдык кубулуш (табиятта тил болбойт) ойдун мазмуну болбогон тил жөн эле көңдөй добуш, ошондой эле тилсиз ойдун функцияланышы мүмкүн эмес. Тилсиз ой, ойсуз тил болбойт, бири-бирине таасирин тийгизишет.

Демек, аң сезим узак калыптануучу процесс, адамдардын реалдуулуктун көрүнүштөрүнө карата мамилесинин өрчүшүн, активдүүлүгүнүн, чыгармачылыгынын, предметтик – практикалык ишмердигинин өсүшүн туюнтат. Аң сезимдин уламдан-улам байып, адамдарга таандык атрибуттук касиет катары ырааттуу функцияланышы дүйнө таанымдын ишке ашырылышын билдирет.

## Аң сезим жана мээ.

Аң сезим мээ менен тыгыз байланышта турат. Аң сезим мээнин продуктасы. Эгерде мээде кандайдыр бир биологиялык өзгөрүүлөр болсо, ал сөзсүз келип аң сезимге таасирин тийгизет. Аң сезимдин материалдуу негизи болуп мээ эсептелет.

Мээ адам менен жогорку түзүлүштөгү жаныбырлардын нерв системасынын борбордук бөлүгүн түзгөн татаал түзүлүштөгү материя болуп саналат. Ал жогорку нерв ишин, адамдын психикалык жана жашоо функцияларын жөнгө салат. Адамдардын мээси омурткада (жүлүн) жана баш

сөөк көңдөйүндө (мээ) орун алган. Адамдардын баш мээси бири-бири менен байланышкан бөлүктөрдөн: чоң жарым шарлардан, кара куш мээ жана мээ сөөгүнөн (аралык, ортоңку, сүйрү мээ) турат. Мээнин ар бир жарым шары бир нече катмардан турган мээ кыртышы менен капталган. Мээ кыртышында 14 млрд.дан ашык нейрон (нерв; нерв клеткасы) бар. Булар бири-бири менен мээнин башка бөлүмдөрү, жүлүн менен афферент (борборго умтулуучу) жана эфферент (борбордон таркалуучу) талчалар аркылуу байланышкан. Мээ кыртышынын астында тал-тал жипчелерден турган ак зат бар. Булар өткөргүч жолдорун түзүшөт. Ушул жолдор аркылуу мээ кыртышы ар бир орган менен байланышып, алардан кабар алып жана башкарып турат.

Демек, аң сезим – объективдүү дүйнөнүн субъективдүү чагылышы, образы, жогорку даражада уюштурулган материянын адамдык атрибуттук касиети. Идеалдуулук (субъективдүү формада гана болот) – аң сезимдин мүнөздүү белгиси. К. Маркс көрсөткөндөй, идеалдуулук дегендик адамдардын башына көчүрүлгөн, анда өзгөрүлгөн эле материалдуулуктун нукура өзү. Эгерде материалдуу нерсе болбосо, анын идеалдуу образы да болбойт. Аң сезимге ээ болуу реалдуулукту сезүүнү, ал жөнүндөгү ойлонууну билдирет.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Философиянын тарыхында аң сезим проблемасынын каралышына токтолгула.
2. Чагылуу жана анын формаларын анализдеп көрсөткүлө.
3. Аң сезимдин калыптанышында жана өнүгүшүндө тилдин, эмгектин ролун белгилегиле.
4. Аң сезим жана мээнин байланышын аныктагыла.

## Тема: Таанып-билүү философиялык анализдин предмети катары

1. Таанып-билүү объективдүү чындыктын чагылуусу катары. Таанып-билүүнүн объектиси жана субъектиси.
2. Билимдин структурасы. Рационалдык жана сезимдик таанып-билүү.
3. Акыйкат түшүнүгү. Акыйкаттын объективдүүлүгү. Абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттар, алардын диалектикасы.
4. Практика жана анын формалары, функциялары.

**Адабияттар:**


1.Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.
2.Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
5. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.
6. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций. М., 2003.
7. Кохановский В.П. Философия-М., 2010.
8. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. М., 2000.
9. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.
10. Аматова Г.У. Таанып-билүү философиялык анализдин предмети катары. Ош, 2014.

***Таанып-билүү*** – бул дүйнөнүн чагылуусу, адамдардын ошол дүйнөгө болгон активдүү мамилеси. Таанып-билүүнүн негизги максаты – акыйкатты табуу.

Таанып-билүүнүн бардык формалары практика процессесинде, адамдардын биргелешкен эмгектик ишинде иштелип чыгылат. Адам коомдо жашап туруп жана мурдагы муундар иштеп чыккан, өндүрүш куралдарында бекемделген, тил, илим, маданият ж.б. аркылуу биротоло аныкталган тажрыйбаны пайдалана отуруп, дүйнөнү таанып билет.

Таанып-билүү процесси кандайча болуп ишке ашырылат? Бул суроого жоопту марксизмдин негиз салуучулары берген. “Жандуу баамдоодон абстрактуу ойлоого карай *жана андан практикага карай*, - деп жазган В. И. Ленин, - чындыкты таанып-билүүнүн, объективдүү реалдуулукту таанып-билүүнүн диалектикалык жолу мына ушундай”. Демек, таанып-билүү процесси сезимдик таанып-билүүнү (жандуу баамдоо) жана рационалдык таанып-билүүнү (абстрактуу ойлоону) өз ичине алат. Таанып-билүүнүн негизи практика болуп саналат.

Ал эми философиянын тарыхына кайрыла турган болсок, таанып-билүүнүн негизи антикалык философияда башталат. Мында таанып-билүү адамдын ишмердүүлүгүн жаратуучу өзгөчө процесс катары каралган. Демокрит сезимдик жана рационалдык билимдерди бөлүп караган. Анын пикири боюнча тажрыйбада такталган жана текшерилген нерселер гана акыйкат болуп эсептелет.

Таанып-билүүнүн материалисттик теориясын өнүктүрүп, Демокрит адамдын аң сезими объективдүү жашап турган нерселердин сезүү органдарына тийгизген таасиринин натыйжасы болот деп эсептеген. Бул таасир этүүнү ал үстүртөн жана бир жактуу түшүнгөн. Анын пикири боюнча ар бир заттан бардык тарапты көздөй атомдордун агымы тарайт, ал агымдар сезүү органдарына барып жетип, туюуну пайда кылат. Ошону менен бирге бул жөнөкөй көз караштa материалдык жаратылыш Объективдүү түрдө жашап

турат, биздин ойлорубуз болсо объективдүү дүйнөнү чагылдырып көрсөтөт, деген терең идея бар болгон.

Демокрит биздин сезүү органдарыбыз – көрүү, угуу, даам сезүү, жыт билүү, сезүү ж.б. – деги эле бардык заттарды жана кубулуштарды кабылдай албай тургандыгын түшүнгөн. Дүйнөдө чексиз кичине заттар бар жана аларды адам көрбөйт, сезбейт, даамын биле албайт, деп айткан ал. Буларды адам кандайча таанып-билет? Бул суроого жооп берүүдө Демокрит акылдын күчүнө таянган. Сезим аркылуу таанып-билүүгө мүмкүн болбогондордун бардыгы акыл аркылуу байкалышы мүмкүн жана байкалууга тийиш. Мисалы, атом жөнүндөгү билимге ойлоонун, акылдын жардамы аркасында гана ээ болууга болот. Табияттын жашырын сыры, Демокриттин пикиринче, ойлоонун жардамы аркылуу ачылат.

Гераклит дүйнөнү таанып-билүү мүмкүндүгүнө бекем ишенген жана адамдын акылы үчүн тоскоол жок деп эсептеген. Ошону менен Гераклит чындыкты таанып-билүүнүн татаалдыгын жана кыйынчылыгын белгилеп, табият «жашынып алууну» жакшы көрөт деп айткан. Ошондуктан, ал акылман жана билерман болуу үчүн көздү жана кулакты ачуу жетишсиздик кылат деп баса белгилейт. Анын оюу боюнча табиятты акыл менен, ойлоо менен таанып-билүү керек, мунун өзү адамдын ири артыкчылыгы болот.

Байыркы Грециядагы идеалисттик философиянын ири өкүлү Платон мындай деп эсептейт: сезим жашап турган нерсе жөнүндө адамга маалыматтарды бербейт, түшүнүктөр сезимдик маалыматтарды корутундулоонун, жыйынтыктоонун натыйжасында пайда болбостон, адамдын жаны аны денеси менен байланыша электе эле сезимден жогору дүйнөдө бир кездерде жай баракат байкалган идеяларды эске түшүрүүнүн натыйжасында пайда болот. Платондун пикиринче, чыныгы билим түбөлүк идеялардын сезимден жогору турган дүйнөсү жөнүндөгү билим болуп эсептелет. Жалпы түшүнүктөрдүн тегин изилдөө менен, Платон сезимдик таанып-билүүнүн, байкоолордун, тажрыйбанын ролун кемсинтүүгө умтулган,

алар бизге чындыкты бере албайт, деп айткан. Мына ошентип, Платон таанып-билүүнүн реалдык процессин бурмалаган.

Ал эми Сократ чыныгы билимге жетүүнүн методдору жөнүндөгү маселеге өзгөчө көңүл бурган. Аристотель таанып-билүүнүн теориясын түзгөн жана логиканы туура ой жүгүртүүнүн формасы жана жолу жөнүндөгү илим катары иштеп чыккан. Ал таанып-билүүнүн объектисин жана субъектисин бөлүп караган. Платонду сынга алуу менен, Аристотель жалпы түшүнүктөрдү сезимдик нерселерден, заттардан ажыратууга жарабайт, себеби идеялар нерселерден, заттардын өзүнөн сырткары жашап тура албайт, деп туура белгилеген.

Байыркы грек философтору дүйнөнү таанып-билүү мүмкүндүгүн негиздешкен, сезимдер менен акылдын, туюулар менен ойдун өз ара мамилесинин кээ бир өзгөчөлүктөрүн белгилешкен, бир катар философиялык түшүнүктөрдү жана категорияларды бөлүп көрсөтүшкөн.

Орто кылым философиясында гносеологиянын негизги күчү Кудай жөнүндө тактоолорго багытталган (Ф.Аквинский) жана таанып-билүү теориясына чатышкандыкты киргизген. Кайра жаралуу доорундагы философияда таанып-билүү учу-кыйырсыз процесс катары каралган (Д.Бруно, Н.Кузанский). Бул мезгил Батыш Европанын өлкөлөрүндө табиятты таанып-билүүгө умтулуунун, Байыркы Грециянын тажрыйбалык билимине жана алдынкы философиясына кызыгуунун кескин түрдө жанданышы менен мүнөздөлөт.

Жаңы мезгил философиясында таанып-билүү проблемасына болгон кызыкчылыктар өзгөчө курчуду, б.а. өнөр жай жаатындагы революция жана так илимдердин (механика, математика) өсүшү менен шартталды. Көңүл борборунда таанып-билүүнүн **методу** жөнүндөгү маселе турган. Мында рационализм (Р.Декарт) жана сенсуализмдин (Д.Локк) ортосундагы күрөш таанып-билүү процессинде чоң ролө ойногон. Ал эми Фрэнсис Бэкон жаңы мезгилдин материализиминин алгачкы негиз салуучусу болгон. Бэкондун түшүнүгү боюнча философиянын мааниси диндик догмалардын чындыгын

«далилдөөдө» турбастан табиятты таанып-билүүнүн методдорун иштеп чыгууда турат деп белгилеген, анткени, анын пикири боюнча, адамдын күчү билимде турат.

Француздук материалисттер дүйнөнү таанып-билүү мүмкүндүгүнө терең ишенишкен. Алар сезимдик билимдин ролун жогору баалашкан жана Дидронун сөзү боюнча жеке өздөрүнүн жашап турушун жана өздөрүнүн туюуларын чындык деп эсептешкен, башка эч нерсени чындык деп билишпеген идеалисттерди катуу сынга алышкан.

Немец-классикалык философиясында адамдардын таанып-билүү жөндөмдүүлүктөрү жана мүмкүнчүлүктөрү баса белгиленген (И.Кант, Г.Гегель). И. Кант адамдын акылы чектелген жана дүйнөнү таанып-билүүгө жөндөмдүү эмес деп далилдеп, агностицизмдин линиясын жактаган. Таанып-билүүнүн принципиалдуу чегин белгилөө менен Кант иш жүзүндө кандайдыр бир жаратылыштын үстүндөгү, табияттан жогору турган табигый эмес нерсеге ишенүүгө, динге орун калтырган.

Ал эми философиянын өнүгүшүндө орустун революциячыл демократтары (В.Г.Белинский, А.И.Герцен, Н.Г.Чернышевский, Н.А.Добролюбов, Д.И.Писарев) агностицизмге каршы чыгуу менен, дүйнөнү таанып-билүү мүмкүндүгүнө ар кандай шектенүүлөрдү четке кагышкан. Объективдүү түрдө жашап турган нерселерди жана кубулуштарды, алардын сапаттарын, касиеттерин жана катнаштарын, алардын жашашынын жана өнүгүшүнүн объективдүү закондорун биздин ойлообуз туура чагылдырып көрсөтөт, деп айтышкан алар. Орустун революциячыл демократтары табиятты жана коомду диалектикалык жол менен түшүнүүгө жакындап келишкен.

Дүйнөнү таанып-билүү проблемасына арналган философиялык билимдин бөлүгү **таанып-билүүнүн** теориясы же **гносеология** деген аталышка ээ. Дүйнөнү таанып-билүү тууралуу жалпы окуу ***гносеология*** (грекчеден qnosis- билим, тааным, loqos-окуу), ал эми жалпы эмес, жалгыз гана *илимий билимдин теориясы эпистемология* (episteme- билим, loqos-окуу) деп аталат. Гносеология жана эпистемология философиялык билимдин маанилүү,

ал эми айрым философиялык системалардын өзөктүү бөлүгү болуп саналат. Гносеология төмөндөгү суроолорго жооп берүүгө аракеттенет: «Дүйнөнү канчалык деңгээлде таанып билүүгө болот?», «Адам дүйнөнү кандайча таанып билет?», «Акыйкат менен жаңылыштыктын ортосундагы мамилелер кандай?», «Билимдин акыйкаттуулугунун критерийи болуп эмне эсептелет?». Бул проблемалардын комплекси философиялык билимдин структурасында онтология проблемасынан кийинки экинчи орунду ээлейт.

Гносеологиянын негизги проблемасы болуп ***таанып-билүүнүн чеги*** эсептелет б.а. дүйнөнү канчалык деңгээлде таанып билүүгө болот, же реалдуу түрдө жашап жаткан нерселерди жана процесстерди жеткиликтүү таанып-билүүгө мүмкүнбү? Бирок көптөгөн философтор дүйнөнү таанып-билүү - бул адамдардын өзгөчөлүктөрүнө жана кабыл алуусуна байланыштуу экендигин ырасташат. Ошондой эле **материалисттер** дүйнөнү илимдин жардамы менен таанып-билүүгө мүмкүн дешсе, айрым **идеалисттер** дүйнөнү таанып-билүүгө мүмкүн эмес дешет. Аларды ***скептиктер, агностиктер*** деп аташат.

***Скептиктер*** (грекчеден - термелүү, күмөн саноо) – дүйнө тууралуу билимдердин чындыгынан күмөн саноо. Анткени, дүйнө оомалуу-төкмөлүү, оош-кыйыштуу, өзгөрмөлүү келет (көрүнүктүү өкүлү Р.Декарт). Каалагандай нерсе боюнча күмөн санай берсе болот: *сырткы дүйнө чын эле барбы? адамдын денеси чын эле жашап жатабы? илим деген чындыкбы?* Мындан Декарттын «Ойлонуп жатам, демек, жашап жатам» деген атактуу афоризми жаралган. “Күмөн саноолор аркылуу чындыкка жетебиз”, - деген Цицерон.

Философияда *агностиктер* дүйнөнү таанып-билүү мүмкүн экендигин ачыктан-ачык танып келишкен. Алар мындай дешет: биздин билимдерибиз объективдүү дүйнөнү туура сүрөттөп көрсөтө албайт, аны сезим органдарынын жардамы менен да, акыл-эстин жардамы менен да таанып-билүүгө болбойт.

Агностицизмдин бир нече түрү бар. Кайсы бир агностиктер: адамдын билиминин булагы - тажрыйба дегенге негизденишет; ал эми тажрыйба болсо, алардын ою боюнча, биздин туюмдарыбыздын жана кабылдоолорубуздун

жыйындысы гана болуп саналат. Бул көз караштан алганда, нерселер жөнүндөгү өзүбүздүн пикирибиздин туура же туура эмес экендиги жөнүндө ойлонуп көрүү - бул өз пикирибизди өзүбүздүн эле туюмдарыбыз жана кабылдоолорубуз менен салыштыруу болуп саналат. Демек, мындай шартта биз өзүбүздүн туюмдарыбыздан жана кабылдоолорубуздан башка эч нерсе биле албай турган болуп калабыз. Чындыгында адам баласы тажрыйбага, эч нерсеге негизделбеген жөн гана өзүнүн туюмдары жана кабылдоолору аркылуу ээ болбойт. Адам Объективдүү түрдө жашап турган заттарды, алардын касиеттерин туюп жана кабылдайт.

Агностиктердин арасында заттардын адамдын аң сезиминен көз карандысыз эле жашап тургандыгын моюнга алып, бирок ал заттарды таанып-билүү мүмкүн эмес деп эсептегендери да бар (И.Кант жана анын жолун жолдоочулар). Алардын пикири боюнча, заттар биздин сезим органдарыбызга таасир этип, бизде туюуну жана кабылдоону пайда кылса да, баары бир бул сезимдик маалыматтарда заттардын өзүнүн маңызы жөнүндө эч кандай маалымат болбойт. Мына ушундан улам алар: объективдүү түрдө жашап турган заттар, Канттын пикири боюнча “өзүндөгү нерсе” болуп саналат, алардын маңызын адам баласы сезим органдары аркылуу да, теориялык ой жүгүртүүнүн жардамы аркылуу да таанып биле албайт деген жаңылыш корутунду чыгарышат. И.Кант жашап жаткан нерселерди аташ үчүн атайын түшүнүктөрдү киргизген, «заттар өзүндө» деген жана аларды «кубулуш» деп атаган. Мисалы, адам дарактардын жалбырактарын жашыл түстө кабыл алат (бул «кубулуш» деп атаган). Кант адамдар кубулуштарды гана таанып билет, ал эми нерселер өз алдынча таанылып билинбейт деп ырастайт. XIX кылымдын аягы XX кылымдын башында В.И.Ленин “Материализм жана эмприокритицизм” деген эмгегинде И.Канттын пикирин сынга алган, четке каккан, б.а. “биз дүйнөнү тажрыйбанын негизинде таанып биле алабыз” деген.

**Гностицизм** – бул дүйнөнү таанып-билүүгө болот деп эсептеген философиялык окуу. Азыркы учурда бул агым кээде *гносеологиялык оптимизм* деп аталат. Ага ылайык таанып-билүүдө принципиалдуу чек

жашабайт, анткени объективдүү дүйнөнү таанып-билүүгө болот. Азыркы учурдагы гносеологиялык оптимизм практикада ишке ашырылган илимдин жетишкендиктерине таянат. Анткени, илим чөйрөсүнө мурда илимий таанып-билүүдө жеткиликтүү болбогон процесстер пайда болуп, дүйнөнүн илимий картинасы такталып, тереңдетилип жана толукталып турат.

Ал эми гностиктердин пикири боюнча адамдар таанып-билүүнүн өнүгүү процессинде жана практикалык иш-аракеттердин учурунда адам курчап турган дүйнөнү кеңири жана так таанып-билүү жөндөмдүүлүгүнө ээ. Таанып-билүү адамдардын курчап турган дүйнө тууралуу билим алууга багытталган татаал процесс, анын эки жагы бар:

1) таанып-билүүнүн субъектиси;
2) таанып-билүүнүн объектиси;

Субъект – бул таанып-билүү процессине катышкан инсан же топ. Субъект болуп ар адам же коллектив эсептеле бербейт. Бул изилдөөгө же таанып-билүү процессине катышкан гана инсан же коллектив. Мисалы, илимий изилдөө институтунда иштеген коллектив же окумуштуу таанып-билүүнүн субъектиси болот.

Таанып-билүүнүн объектиси – бул дүйнөнүн белгилүү гана субъект менен карым-катышка киришкен гана бөлүкчөсү. Объект – бул изилдөөчү жагынан изилденип бүткөн же азыркы учурда изилденип жаткан дүйнөнүн бөлүкчөсү. Субъект менен объект тыгыз байланышта турушат. Демек, таанып-билүү процесси – бул таанып-билүүнүн объектиси менен субъектинин өз ара байланышы, бири-бирине таасир этүүсү.

## Билимдин структурасы. Рационалдык жана сезимдик таанып-билүү

Таанып-билүү – бул адам же коом тарабынан курчап турган чындыктын мурда белгисиз фактылары менен кубулуштары, белгилери менен мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу жаңы билимдерге ээ болуу процесси. Демек,

таанып-билүүнүн жыйынтыгы болуп **билим** эсептелет. ***Билим*** – бул адамдын эс-тутуму менен маалыматтын кандайдыр бир материалдуу нерсесинде (китептерде, магниттик ленталарда, дискеталарда ж.б.) чагылган тааным процессинин *факт, түшүнүк, пикир, гипотеза, концепция, теория* формасындагы натыйжалары же билим – бул таанып-билүүнүн предмети жөнүндө алынган бардык информациялардын жыйындысы.

Адамдардын курчап турган чөйрөгө болгон ориентациясынын функциясын билим аткарат. Ал адамдын аң сезиминин жардамы аркылуу алынган курчап турган дүйнө жөнүндөгү жогорку деңгээлдеги билдирүүлөрдү өз ичине камтыйт. Билим адамдардын ишмердүүлүгүндө образдар формасында жашап жана белгилер катарында пайдаланылат. Билимсиз дүйнө калыптанышы, сүрөттөлүшү мүмкүн эмес.

Билимдин пайда болушу рационалдуу б.а. адамдын акыл-эси менен тыгыз байланышта, акыл-эссиз эч кандай илимий ачылыштар болушу мүмкүн эмес.

Таанып-билүүнүн төмөнкү формаларын бөлүп кароого болот:

1) сезимдик таанып-билүү;
2) рационалдык таанып-билүү.

Таанып-билүү бизди курчап турган дүйнөнү сезүү органдарыбыз аркылуу чагылдыруудан башталат. Бул бизге чындык жөнүндө маалымат берип турат.

Сезимдик таанып-билүү – бул дүйнөнү сезүү органдарынын жардамы аркылуу таанып-билүү. Бул таанып-билүү аркылуу адам нерселердин сырткы жактарын таанып билет. Сезимдик таанып-билүүнүн формалары болуп: **туюу, кабылдоо, элестөө** эсептелет.

**Туюу** – таанып биле турган кубулштун айрым касиеттерин жана жактарын чагылдырган таанып-билүүнүн алгачкы формасы. Туюу материалдык объекттердин, заттардын сезим органдарына түздөн-түз таасир этишинин натыйжасында пайда болот. Сезүү органдарыбыздын жардамы аркылуу нерсенин сырткы касиети таанылып билинет (өңү-түсүн, формасын,

даамын, жытын). Ар бир сезүү органы дүйнөнүн белгилүү гана жагын чагылдырат (мурун жытты, кулак үндү, тил даамды). Сезүү органдарына заттардын өтө эле ар түрдүү касиеттери таасир этиши мүмкүн. Мисалы, биз нерселердин катуулугун туюп сезе алабыз, үндү угуп, бир нерсенин өңүн же түсүн көрүп кабылдай албайбыз ж.б.

Туюмдар биздин бардык билимдерибиздин булагы болуп саналат. Демек, туюм болбосо биз заттын, кыймылдын формалары жөнүндө биле албайбыз. Ар түркүн туюмдарды өз ара салыштырып жана окшоштуруп көрүп, объекттердин алгачкы касиеттерин аныктоого, алардын түзүлүшү жөнүндө зарыл маалыматтарды алууга болот.

Туюмдар биздин билимдерибиздин *булагы* болуп кызмат кылганынын себеби, *туюмдар объективдүү дүйнөнүн субъективдүү* образы.

Сезимдик таанып-билүүнүн дагы бир формасы **кабылдоо же кабыл алуу** болуп саналат. **Кабылдоо же кабыл алуу –** ар кандай сезүү органдарына предметтин таасири астында пайда болгон предметтин бүтүн образы. Кабыл алуу туюу менен тыгыз байланышта. Кабыл алууда ар кандай туюулар биригет. Кабыл алуунун туюудан айырмасы ал предметти толук чагылдырат. Туюмдар сыяктуу эле кабылдоолор да нерсенин идеалдык образы болуп саналат. Кабылдоолор көбүнчө жекече нерсени алардын тышкы түспөлү жагынан чагылтып көрсөтөт.

Элестөө – бул аң сезимибизде мурда кабыл алынган предметтин же кубулуштун кайрадан чагылып көрсөтүлүшү. Мисалы, биздин тааныштарыбыздын жана жакындарыбыздын образы, жумуш ордубуздун образы, эгин талаасынын образы ж.б. Элестөө кабыл алуу менен туюуга караганда туруктуу өз алдынча мүнөзгө ээ. Элестөө жалпылап корутундулоого мүмкүндүк берет, анткени нерселердин образдарынын эсте сакталып калышы нерселердин типтүү, мүнөздүү белгилерин салыштыруу жана абстракциялоо процесстерин мүмкүн кылат. Ошентип, кабылдоолор нерселердин бардык конкреттүү, кайталанбас касиеттери менен бөлүктөрүн чагылтып көрсөтсө, элестөөлөр алардын жалпы белгилерин көрсөтөт. Жалпы белгилерди бөлүп

көрсөтүү нерселердин маңызын таанып-билүүгө жардам берет. Кандайдыр бир заттын сапаты жөнүндө элестеп түшүнүү менен биз ал заттын өзгөчөлүгүн, эмнеге керек боло тургандыгын тезирээк аныктап биле алабыз.

Адам баласы сезимдик таанып-билүүнүн баскычында токтолуп калбайт. Ал бул баскычтын чегинен өтүп, нерселердин жалпы, зарыл жана олуттуу касиеттери, мамилелери жөнүндө биле алат, алардын түздөн-түз сезимдик баамдоолор аркылуу байкалбай турган закон ченемдүү байланыштарын таанып-биле алат. Буга таанып-билүүнүн рационалдык, же логикалык баскычында ой жүгүртүү аркылуу жетишилет. Мисалы, адам баласы жаратылышта болуп жаткан ар кандай кубулуштарды жана процесстерди (жарык нурунун тездигин, жердеги тиричиликтин пайда болушун) ой жүгүртүү аркылуу аныктап биле алат.

Сезим баскычтары аркылуу нерселердин сырткы касиети жана белгилүү бир буюмдун ачык образын берет. Адам кабылдоо жана элестетүүнү корутундулап, нерселердин ички касиетин, жаратылышын билүүгө тырышат. Бул болсо реалдуу чындыкты таанып-билүүнүн экинчи баскычы болгон абстрактуу ойлообузда б.а. рационалдык таанып-билүүдө ишке ашат.

Р**ационалдык таанып-билүү** аркылуу нерселердин ички жактарын таанып билебиз. Сезимдик таанып-билүү сыяктуу эле рационалдык таанып-билүүнүн белгилүү формалары бар, алар:

1) түшүнүк;

2) ой жүгүртүү;

3) ой корутундулоо эсептелет.

*Түшүнүк* – бул ойлоонун бир формасы, ал нерселердин жана кубулуштардын *жалпы, олуттуу* жана *негизги* белгилерин чагылтып көрсөтөт. Жалпы белгилердин жыйындысы түшүнүктүн мазмунун түзөт. Түшүнүк тил аркылуу берилгенде бир сөз менен же бир топ сөз менен берилет, башкача айтканда, түшүнүктө нерсенин негизги белгиси гана чагылдырылып, ат коюлат (мисалы, жазуучу, китеп, портфель, адам, Жогорку Кеңеш ж.б.).

Түшүнүктүн эки түрү белгилүү: *жеке* жана *жалпы.* Эгерде түшүнүктө жалгыз нерсе же кубулуш ойлонулса *жеке түшүнүк* деп аталат. Ал эми түшүнүктө бир канча нерселер ойлонулса *жалпы түшүнүк* деп аталат.

*Ой жүгүртүү* – бекемдөө же тануу жолу менен нерселердин байланышын, алардын белгилерин же нерселердин ортосундагы мамилелерди тактап, чын же жалган экенин аныктоочу ойдун формасы. Ошондуктан кандай гана ой жүгүртүү болбосун чын же жалган гана болот б.а. реалдуу чындык менен дал келет же дал келбейт. Ой жүгүртүүнүн эки түрү бар: *жөнөкөй* жана *татаал ой жүгүртүү*. Ой жүгүртүү түшүнүктүн мазмунун ачуу үчүн кызмат кылат. Мисалы, металл түшүнүгүнүн мазмунун ачуу үчүн биз бардык металлдар электр тогун өткөрөт деген ой жүгүртүүнү айтабыз.

Ойлонуунун дагы бир формасы – *ой корутундулоо. Ой корутундулоо* – бул белгилүү сандагы ой жүгүртүүлөрдөн корутунду же тыянак чыгаруучу ойлоонун формасы. Ой корутундунун жардамы менен ал же бул жобонун тууралыгы же жалгандыгы аныкталып негизделет (башкача айтканда алар далилделет же төгүндөлөт); аныкталган фактылар менен закондор туюндурулуп түшүндүрүлөт, жаратылыштын жана коомдун таанылып-билинген закон ченемдүүлүктөрүнүн негизинде илимий алдын ала айтуулар жасалат.

Таанып-билүү процессинде таанып-билүүнүн формалары экөө тең колдонулат. Нерселердин сырткы жактарын сезимдик таанып-билүү аркылуу таанып билсе, анын ички жактарын рационалдык таанып билүүнүн жардамында таанып билет. Бирок философтордун арасында аларды бир жактуу кылып караган агымдар кездешет. Алар: эмпиризм жана рационализм.

**Эмпиризм** – бул рационалдык таанып-билүүнү четке кагат да, дүйнөнү таанып-билүүдө сезимдик таанып-билүү жетиштүү деп эсептейт. Негиздөөчүсү Ф.Бэкон.

**Рационализм** – бул сезимдик таанып-билүүнү четке кагат да, дүйнөнү таанып-билүүдө рационалдык таанып-билүү жетиштүү деп эсептейт. Негиздөөчүсү Р.Декарт.

Таанып-билүүнүн процессинде **иррационализм** (лат. irrationalis – акыл-эссиз) түшүнүгү кездешет, б.а. таанымдагы акыл-эстин ролун танган же чектеген философиялык метод болуп эсептелет. Иррационалдык таанып-билүүнүн негизги ыкмалары катары эрк, коркуу, өксүк комплекси ж.б.у.с. психологиялык кубулуштарды атайт. Мисалы, "достукту кырсыкта бил" дешет. Демек, достуктун жүзүн сезим же акыл менен эмес, кандайдыр бир турмуштук жагдайда таанып-билүүгө болот.

Жыйынтыктап айтканда, чындыгында ойлоо, сезим жана анын формалары адамдын практикасына негизделип, мына ошол практикадан келип чыгат. Кубулуштан маңызга карай, сырткы кубулуштан ички кубулушка карай жасалган кыймыл адамдын таанып-билүүсүнүн өнүгүшүнүн мыйзамы болуп саналат.

## Акыйкат түшүнүгү. Акыйкаттын объективдүүлүгү. Абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттар, алардын диалектикасы.

Таанып-билүүнүн негизги максаты – бул акыйкатты табуу. Акыйкат – дүйнөнүн туура чагылып көрсөтүлүшү.

Акыйкаттын маанилүү мүнөздөмөсү болуп анын ***объективдүүлүгү жана конкреттүүлүгү*** саналат. Анын ***объективдүүлүгү практика*** менен шартталып, анын чыныгы мазмуну *адамдардан көз каранды эместиги* саналат. Мисалы, Жер Күндүн тегерегинде айланары тууралуу билим *таанып-билүүнүн субъектиси (адам)* менен эмес, *таанып-билүүнүн объектиси (Жер менен Күндүн өз ара алакаланышуусу)* аркылуу аныкталат. Акыйкаттын конкреттүүлүгү дегенде, ар бир акыйкат конкретүү белгилүү шарттар үчүн гана акыйкат болот. Ал эми ошол эле билим башка шарттар үчүн акыйкат боло албайт. Мисалы, суу 100 градуста кайнайт деген акыйкатты алсак, ал деңиз деңгээлине, басымга жараша өзгөрөт. Акыйкаттын конкреттүүлүгү боюнча да

В.И. Ленин: «Нет абстрактной истины, истина всегда конкретна» (абстрактуу акыйкат болбойт, акыйкат дайыма конкреттүү) деп баса белгилеген.

Демек, акыйкат объектти дароо эле толук, ар тараптан биле коюу *аракети* эмес, ал өтө татаал **процесс** болуп саналат. Акыйкатты процесс катары мүнөздөө үчүн философтор ***абсолюттуу*** жана ***салыштырмалуу*** акыйкаттарды ажыратып карашат.

**Акыйкаттын түрлөрү:**

1) абсолюттуу;

2) салыштырмалуу.

***Абсолюттуу акыйкат*** **–** бул белгилүү учур үчүн курчап турган дүйнөнү ар тараптан, туура чагылдырган эң акыркы, эң толук кандуу билим. Абсолюттук акыйкаттын түрлөрү болуп «түбөлүктүү акыйкат» жана физикалык константтар (туруктуу чоңдуктар эч качан өзгөрбөйт) эсептелет. Абсолюттук акыйкат – бул *билимдин* келечекте эч качан четке кагылбай, канча убакыт өтсө да өзгөрбөй турган *элементи*. Мисалы, бардык адамдар тирүүлүк менен кош айтышат десек.

***Салыштырмалуу акыйкат*** практика менен таанып-билүүнүн өнүгүүсүнүн жүрүшүндө ар бир билимдин өзгөргүчтүгүн, туруксуздугун, анын толукталышын, бурмаланышын, тактальшын, түзөлүшүн туюндурат, б.а. бул өзгөрүп турган, толук эмес акыйкат. Салыштырмалуу акыйкат биздин билимдерибиздин тарыхый шартка жараша болорун, таанып-билүүнүн өнүгүшүнүн белгилүү этабында ал чектелген түрдө болорун көрсөтөт. Салыштырмалуу акыйкат - бул абсолюттук акыйкатка карай бара турган жолдогу баскыч, этап болуп саналат.

Адамдардын билимдеринде абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттар экөө тең болот. Ошондой эле диалектикалык карама-каршылыктардын башка жуптары сыяктуу эле абсолюттуу жана салыштырмлуу акыйкаттар бири-бирисиз жашай алышпайт.

Абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттардын байланышы төмөндөгүдөй:

1) Абсолюттук акыйкат салыштырмалуу акыйкатка айланып турат.
2) Салыштырмалуу акыйкат абсолюттук акыйкат болууга умтулуп турат б.а. толук эмес акыйкат толук болууга умтулат.
3) Ар бир салыштырмалуу акыйкатта абсолюттук акыйкаттын бөлүктөрү бар.
4) Абсолюттук акыйкат салыштырмалуу акыйкаттын суммасына барабар.

Абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттардын диалектикасын түшүнбөө, алардын конкреттүүлүгүн эске албоо бири-бирине карама-каршы эки түрдүү көз карашка – ***догматизмге*** жана ***релятивизмге*** алып келет. Алар абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкатты байланышсыз караган агымдар.

***Релятивизм*** деген агым таанып-билүүдө жалаң гана салыштырмалуу акыйкаттар бар дейт. Адам тапкан билимдердин бардыгы салыштырмалуу убактылуу болот, туруктуу эмес. Бүгүнкү билим эртеңки билим менен четке кагылып турат. Эртеңки билим бүгүнкү билим менен четке кагылат дейт релятивизм. Ал эми ***догматизм*** салыштырмалуу акыйкаттарды четке кагат жана таанып-билүүдө жалаң гана абсолюттук акыйкаттар бар дейт.

Акыйкаттын альтернативалары жалган жана адашуу. **Жалган** – бул дүйнөнүн атайын эле туура эмес чагылуусу. **Адашуу –** бул да туура эмес чагылуу, бирок түшүнбөстүктөн улам келип чыккан туура эмес чагылуу.

Жыйынтыктап айтканда, билимдин өнүгүү жолу дайыма эле бирдей боло бербейт. Таанып-билүүдө акыйкатка карай болгон кыймыл, акыйкатка жетүү көп учурларда пикирлердин жана көз караштардын айыгышкан күрөшү аркылуу ишке ашат.

## Практиканын формалары. Практиканын функциялары.

Акыйкаттын көрсөткүчү – бул анын практикада далилденгендиги. Тажрыйбасыз, практикасыз дүйнөгө көз караш өтө абстрактуу, чындыктан

обочолонгон мүнөзгө ээ болмок. Ошондуктан дүйнө көрүм дайыма тажрыйба, адамдын практикалык ишмердүүлүгү менен коштолот. **Практика** (грекчеден praktikos-ишмердүү, активдүү) деп дүйнөнү өзгөртүп түзүүгө жана өзүн-өзү өзгөртүүгө багытталган ***максаттуу ишмердүүлүк*** аталат. Практика, биринчиден, материалдык өндүрүш процессин, экинчиден, эл массасынын коомдук-саясий иш-аракеттерин, үчүнчүдөн, илимий байкоолорду жана эксперименттерди өз ичине алат.

Практика таанып-билүүнүн *кыймылдаткыч күчү* болуп саналат. Практиканын керектөөлөрү, баарынан мурда, өндүрүштүн керектөөлөрү теорияны, илимди алга жылдырып, өнүктүрүп, анын алдына тиешелүү милдеттерди коет, анын өнүгүшүнүн негизги багытын белгилейт. Демек, мына ушул мааниде алганда практика таанып-билүүнүн максатын аныктап турат.

**Практиканын формалары**

Практика төмөндөгүдөй формаларга ээ:

1. *Материалдык-өндүрүштүк ишмердүүлүк* (бул адамдардын материалдык байлыктарды иштеп чыгуу боюнча ишмердүүлүгү, б.а. тамак-аш, кийим-кече, техника ж.б. материалдык байлыктарды иштеп чыгуу ишмердүүлүгү).

2. *Социалдык ишмердүүлүк* (бул коомдук мамилелерди өзгөртүү боюнча ишмердүүлүк, мисалы, таптык күрөш, ар кандай коомдук уюмдардын ишмердүүлүгү, революция, реформа, согуш).

3. *Илимий эксперимент* (бул болсо ар кандай илимий эксперименттерди жүргүзүү менен байланыштуу).

4. *Байкоо (*курчап турган чөйрөдө болуп жаткан өзгөрүштөрдүн жүрүшүн түшүнүүгө мүмкүндүк бере турган кабыл алуу процесси).

5. *Техникалык ишмердүүлүк* (бул белгилүү техникалык каражаттарды иштеп чыгуу боюнча жана аларды иштетүү, пайдалануу ишмердүүлүгү). Техника деген сөздүн эки мааниси бар:

1) *техника-механизмдер* (машина, компьютер, телевизор, стиральная машина, сотка ж.б.);

2) *техника-эрежелер* (кандайдыр бир ишмердүүлүктү жасоо боюнча эрежелердин жыйындысы, мисалы, машина айдоо техникасы, үтүктөө, жуу, тазалоо).

**Практиканын функциялары:**

1. *Практика – бул билимдин булагы*. Себеби билимди практикадан алабыз (мисалы, Менделеевдин мезгилдик системасы, геометрия, астраномия).

2. *Практика – бул таанып-билүүнүн максаты.* Адамдар билимди практикада пайдаланыш үчүн, б.а. адамдардын иш-аракеттерине багыт берүүдө, жөнгө салууда ошондой эле алардын материалдык жана рухий муктаждыктарын канааттандыруу жана жашоо шартын жогорулатуу максатында билимге умтулушат.

3. *Практика акыйкаттын империясы (көрсөткүчү)*. Кандайдыр бир көз караштын акыйкаттуулугун далилдеш үчүн аны практика аркылуу текшерет. Эгер практика көз караштарды далилдесе, анда ал акыйкат чындык болот.

4. *Интегративдик функция* – практика аркылуу адам дүйнөнү гана эмес өзүн дагы өзгөртөт жана инсан катары калыптанат. Практика аркылуу аң-сезими, көз караштары, тили, ж.б. жактары өнүгөт.

5. *Практика таанып-билүүнүн негизи, кыймылдаткыч күчү*. Практика таанып-билүүнүн негизи болгондугунун себеби, аны техникалык каражаттар, приборлор, жабдуулар менен камсыз кылгандыгында. Ошондой эле практика таанып-билүүнүн бардык жактарын, учурларын, формаларын, баскычтарын өз ичине камтыйт.

Демек, таанып-билүү адамдарга гана тиешелүү касиет. Ошондуктан, таанып-билүү – бул адам, коом тарабынан курчап турган чындыктын мурда белгисиз фактылары менен кубулуштары, белгилери менен мыйзам ченемдүүлүктөрү тууралуу жаңы билимдерге ээ болуу процесси. Демек, таанып-билүүнүн жыйынтыгы болуп **билим** эсептелет. Билимдер адамга турмуш жолунан адашпоого жардам берет.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Объективдүү дүйнөнү таанып-билүүнүн маанисин ачып бергиле.
2. Таанып-билүүнүн формаларын атагыла жана алардын айырмачылыктарын, байланышын аныктагыла.
3. Акыйкатка түшүндүрмө бергиле.
4. Абсолюттук жана салыштырмалуу акыйкаттарды анализдегиле.
5. Практиканын маанисин чечмелегиле.

## Тема: Илимий таанып-билүү. Илимий таанып-билүүнүн методдору

1. Илимий таанып-билүү, анын атайын белгилери.
2. Илим – рухий өндүрүштүн түрү жана социалдык институт катары.
3. Илимий билимдин негизделиши.
4. Метод жана методология түшүнүктөрү.

Илимий таанып-билүүнүн методдору.

**Адабияттар:**

1.Алексеев А.П., Яковлева Л.Е. Философия. -М., 2010.

1. Горбачев В.Г.Основы философии. Курс лекций М.,1998.
2. Губин В.Д.Философия. Учебник для вузов. - М.,2000.

3. Крапивенский В.Г. Философия. Курс лекций.- М., 2003.
4. Кохановский В.П. Философия.-М., 2010.
5. Спиркин А.Г.Философия. Учебник для вузов. -М.,2000.
6. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.
7. Аматова Г.У. Таанып-билүү философиялык анализдин предмети катары. Ош, 2014.

**Илимий таанып-билүү, анын атайын белгилери**

Таанып-билүү төмөндөгүдөй системада жүрөт: субъект – каражат – объект. Таанып-билүүнүн субъектиси 3 деңгээлде мүнөздөлөт:

Биринчи деңгээлде таанып-билүүнүн субъектиси болуп конкреттүү адам, окумуштуу эсептелет.

Экинчи деңгээлде таанып-билүүнүн субъектиси катары илимий коллектив (изилдөө институттары, илим изилдөө академиясы) саналат.

үчүнчү деңгээлде таанып-билүүнүн субъектиси болуп коом эсептелет.

Таанып-билүүнүн каражаттары болуп таанып-билүү процессинде колдонулган материалдык техникалык приборлор, инструменттер, тил (табигый жана жасалма тил) жана усулдар кирет.

Таанып-билүүнүн объектиси – бул субъектиге каршы турган нерсе, б.а. субъектинин таанып-билүү иш аракети багытталган нерсе.

Таанып-билүүнүн ар түрдүү формалары бар: күнүмдүк, көркөм, илимий ж.б. Булардын ичинен эң маанилүү, өзгөчө ролду илимий таанып-билүү ойнойт. Илимий таанып-билүүнүн өзгөчөлүктөрү төмөнкүлөр:

1. Илимий таанып-билүү күнүмдүк таанып-билүүдөн субъектиси боюнча айырмаланат же болбосо илимде атайын даярдалган адис болуш керек, б.а. илимий таанып-билүүнү өткөрүш үчүн адам атайын даярдоодон өтүүсү зарыл (аспирантура, доктарантура).

2. Илимий таанып-билүү күнүмдүк таанып-билүүдөн каражаты боюнча айырмаланат. Илимий таанып-билүүдө өзгөчө усулдар жана тил пайдаланылат. Илимдин тили – бул формула, белги, символдор. Ошондой эле илимий таанып-билүүдө приборлор, инструменттер колдонулат.

3. Илимий таанып-билүү күнүмдүк таанып-билүүдөн объектиси боюнча айырмаланат, б.а. илимий таанып-билүүдө өзүнчө объектини бөлүп алып, ага изилдөө жүргүзөт.

4. Илимий таанып-билүүнүн изилдөө предмети өзгөчө болот. Ал нерселердин жана дүйнөнүн ички жактарын терең изилдейт.

5. Илимий билимдер системалуу түрдө илимий мыйзамдар жана теориялар аркылуу жашайт. Ал теорияларды ар дайым практикалык түрдө далилдеп берүүгө мүмкүн.

6. Илимий таанып-билүү күнүмдүк таанып-билүүдөн жыйынтыгы боюнча айырмаланат. Илимий таанып-билүүнүн жыйынтыгы – илим. Таанып-билүү – бул процесс, ал эми билим – процесстин жыйынтыгы.

Илимий билим эки деңгээлден турат: эмпирикалык жана теориялык. Эмпирикалык – бул практикада, эксперимент аркылуу таанып-билүү, ал эми теориялык – бул ойлоо аркылуу таанып-билүү. Эмпирикалык деңгээлде сезимдик таанып-билүүнүн формалары (туюу, кабылдоо, элестөө) үстөмдүк абалда болот. Ошондой эле рационалдык таанып-билүүнүн формалары да катышат. Теориялык деңгээлде рационалдык таанып-билүүнүн формалары (түшүнүк, ой жүгүртүү, ой корутундулоо) үстөмдүк абалда болот. Ошондой эле сезимдик таанып-билүүнүн формалары да катышат.

Эмпирикалык жана теориялык деңгээлдер бири-биринен төмөндөгүчө айырмаланат:

1. Изилдөө предметинин мүнөзү боюнча, б.а. бул эки деңгээл бир эле объектинин ар кандай жагын изилдешет. Эмпирикалык деңгээлде объектинин ички маңыздык жактары толук чагылдырылып берилбейт. Эмпирикалык изилдөө кубулушту жана алардын көз карандылыгын изилдеп окуп үйрөнөт.

Ал эми теориялык изилдөө кубулуштун маңыздык байланыштарын ачып көрсөтүү менен мыйзамдарды негиздейт.

2. Изилдөө каражаттарын колдонуунун тиби боюнча. Эмпирикаклык деңгээлде изилдөө иш аракети байкоо жана тажрыйбага негизделет. Демек, эмпирикалык изилдөө ар кандай тажрыйбада жана байкоолордо колдонулуучу приборлорду каражаттарды өз ичине камтыйт. Теориялык деңгээлдеги изилдөөлөрдө объект менен менен изилдөөчү түздөн-түз практикалык өз ара аракетте болбойт. Бул деңгээлде объект ойлоо эксперименти аркылуу изилденет да, изилдөөнүн негизги каражаттары теориялык идеалдык объектилер колдонулат. Бир да теория бул идеалдык объектилерди (мисалы, материалдык чекит, идеалдык газ, математикалык маятник) колдонбостон түзүлбөйт.

3. Усулдары боюнча.

***Илимий таанып-билүү*** – бул жаңы билимди алууга багытталган чыгармачыл ишмердүүлүк же дүйнөнүн жана таанып-билүүнүн өзүнүн объективдүү мыйзамдарын ачууга, курчап турган дүйнөнү практиканын жардамы аркылуу кайра өзгөртүп түзүүгө багытталган рухий өндүрүштүн өзгөчө түрү, таанып-билүүнүн эң жогорку формасы.

Илимий таанып-билүү таанып-билүүнүн жогорку формасы болуу менен бүгүнкү күндө коомдо төмөндөгүдөй функцияны аткарат:

а) маданий дүйнө таанымдык функциясы;

б) өндүргүч күч катары функциясы;

в) социалдык күч катары функциясы;

г) келечекти алдын ала айтуучу (прогноздоочу) функциясы.

Илимий таанып-билүүнүн мазмуну эмпирикалык материалдан (байкоодон, тажрыйбадан жана эксперименттен алынган фактылар) жана абстрактуу ой жүгүртүүдөн (гипотеза, жалпылоо, концепция, теория, закондор) турат.

Демек, илимий таанып-билүүнүн максаты – жаратылыш менен коомдун объективдүү мыйзамдарын таанып-билүү, коомдук өндүрүштүн жана коомдук аң сезимдин практикалык талаптарын канааттандыруу.

## Илим-рухий өндүрүштүн түрү жана социалдык институт катары

**Илим** – бул татаал, көп жактуу тарыхый-социалдык кубулуш. Ал конкреттүү билимдин системасын өз ичине камтуу менен өзүнүн формаларына ээ болгон рухий өндүрүштүн өзгөчө формасы жана спецификалык социалдык институт. Социалдык өнүгүүнүн жүрүшүндө илим акырындык менен коомдук аң сезимдин жана адамдык иш-аракеттердин чөйрөсүнүн өзгөчө, салыштырмалуу өз алдынча формасына айланат. Ошону менен бирге ал узак убакыттагы адамдык цивилизациянын өнүгүүсүнүн, рухий маданияттын, адамдардын өз ара мамилелеринин, изилдөөлөрдүн тарыхый продуктысы болуп эсептелет. Жаңы объективдүү тарыхый билимдерди өндүрүү, кайрадан иштеп чыгуу жана аны практикада колдонуу илимдин негизги социалдык функциясы болуп эсептелет. Аларды аткаруу тарыхый шарттарга жана социалдык системанын мүнөзүнө байланыштуу.

Илимдин жардамы менен Жердин бети кубулуп өзгөрүүдө, саздар кургатылууда жана чөлдөр сугарылууда, жогорку өндүрүмдүү машиналар ойлоп чыгарылууда, энергиянын жаңы булактары ачылууда, өсүмдүктөрдүн жаңы түрлөрү менен жаныбарлардын жаңы тукумдары түзүлүүдө. Ушулардын бардыгы илимдин жардамы менен адам үчүн жана анын жыргалчылыгы үчүн иштелип жатат.

Азыркы учурдагы коомубуздун өнүгүүсүнүн негизги белгиси - илим менен техниканын өндүрүштө өнүгүүсү. Илим өнүгүү менен коомдун өндүргүч күчүнө айланат жана коомдун бардык чөйрөлөрү менен тыгыз байланышта болот. Илим өзүнүн өнүгүү жолунда техника, практика менен гана байланышта болбостон адамдын чыгармачыл ой жүгүртүүсү, жөндөмдүүлүгү менен да байланышта болот.

Азыркы учурдагы илимдин алдында теориялык жана практикалык курч тапшырма турат б.а. илимий коллективди, илимий дисциплиналарды өз ара байланыштардын жана өз ара толуктоолордун тиешелүү уюштуруу формалары менен камсыз кылуу. Бул жөн гана техникалык уюштуруу проблемасы эмес, эң башкысы социалдык тапшырма. Бул тапшырма бүгүнкү күндө илимий кадрларды даярдоо процессинин багытын аныктоодо ишке ашат. Илимий институттардын ишинин жакшырышы, эффективдүүлүгү келечектеги окумуштууларды илимдин өзү жөнүндөгү билимдеринин жогорулашын камсыз кылат.

Илим социалдык институт катары өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:

1) билимдүү, квалификациялуу, тажрыйбалуу окумуштууларды;
2) илимий эмгектин бөлүнүшүн;
3) так багытталган, эффективдүү таасир этүүчү илимий информациялардын системасын;
4) илимий уюмдарды, илимий мектептерди жана бирдиктүү иш- аракеттерди;
5) эксперименталдык жана лабораториялык жабдууларды камтыйт.

Илим илимий билимдин, дүйнөнүн илимий картинасынын калыптанышынын негизги каражаты болуп эсептелет. Илимдин социалдык институт катары жашашы, анын коомдогу ролу анын функцияларына байланыштуу.

Демек, *илим* – бул билимдин өнүгүүсүнүн жалпы коомдук формасы, “жалпы тарыхый өнүгүүнүн продуктусы”. Ошону менен бирге илим жаратылыш, коом менен тыгыз байланышта жана тарыхый шарттарга көз каранды. Белгилей кетчү нерсе илим дүйнөнүн илимий картинасынын, илимий билимдин калыптанышынын негизги каражаты.

Жыйынтыктап айтканда, коомдун турмушунда илим эбегейсиз чоң роль ойнойт. Ал өндүргүч күчтөрдү өнүктүрүүгө, материалдык жана рухий байлыктарды түзүүгө жардам берет. Ошондой эле ар түрдүү ырым-жырымдар менен божомолдоолорго каршы күрөшүүгө чакырат. Бирок илимдин социалдык ролу, анын өнүгүшүнүн темптери менен мүнөзү коомдук

түзүлүштүн мүнөзүнө, коомдо болгон экономикалык жана саясий мамилелерге жараша болот.

**Илимий билимдин негизделиши**

Илим коомдук тажрыйбалардагы талаптардан жана муктаждыктардан пайда болуп, коомдук турмуштун материалдык прогресси менен бирге өз кезегинде коомдун өсүп - өнүгүшүнө көмөк берет. Илим - таанып-билүү иш-аракеттеринин негизги формасы. Жаңы мезгилге чейин илимий билимдин системасы, өз алдынча рухий феномен жана социалдык институт катары калыптанышына шарттар болгон эмес. Бир бүтүн органикалык система, таанып-билүүнүн өзгөчөлөнгөн формасы, рухий өндүрүштүн өзгөчө тиби жана социалдык институт катары илим XVI-XVII кылымда Жаңы мезгилде пайда болгон. Ушул мезгилден тартып илим өз алдынча өнүгө баштаган. Бирок илим дайыма практика менен тыгыз байланышта болгон, анткени практика илимдин өнүгүүсүнө шарт түзүп берип турган.

Антикалык философиянын рамкасында "биринчи себептер жана бардык жалпы башаттар", жаратылыштын кубулуштары, адамзаттын тарыхы жана адамдын жашоосу, таанып-билүүнүн өзүнүн процесстери жөнүндөгү билимдер, билдирүүлөр топтолгон жана логикалык (Аристотель) жана математикалык (Эвклид) билимдердин биримдиги калыптанган.

Бул бардык билимдер бир бүтүндүктүн (философиянын) чегинде анын бөлөк аспектилери жана түрлөрү катары жашаган. Чындыгында эле илимдин өбөлгөлөрү Байыркы Чыгыш цивилизациясында - Египетте, Вавилондо, Индияда, Кытайда, Байыркы Грецияда пайда болуп, жаратылыш, коом жөнүндөгү эмпирикалык билимдер астрономиянын, этиканын, логиканын, математиканын бөлөк, өзүнчө элементтери түрүндө берилген.

Жогоруда айтылгандарга таянсак, Жаңы мезгилге чейин Коперник, Галилей, Кеплер, Ньютон ж.б. сыяктуу улуу окумуштуулар болбогондугу байкалат. Ошол учурдагы коомдук-тарыхый, социомаданий факторлор

илимдин өзгөчө билимдин системасы, рухий феномен жана социалдык институт катары калыптанышына объективдүү шарттарды түзгөн эмес.

Демек, Антикалык жана Орто кылым мезгилинде илимдин элементтери, өбөлгөлөрү жашаган, алар диний аң сезимдин чегинен чыга алган эмес. XVIIк. башында Нидерландияда, Европа өлкөлөрүндө буржуазиялык революция жүргөн. Ушул мезгилде коомго толук кандуу, б.а. эң алгач өндүрүштүн өсүүсүнө көмөк көрсөтө турган телолордун физикалык касиетин жана жаратылыш күчтөрүнүн пайда болуу формаларын изилдеген илимий билимдин системасы керек болгон.

Буржуазиялык революция өндүрүштүн, сооданын, курулуштун, аскер иштеринин өнүгүшүнө чоң түрткү берген. Буржуазиялык коом экономикада, саясатта, социалдык мамилелерде гана чоң өзгөрүүлөрдү пайда кылбастан, адамдардын аң сезиминин өзгөрүүсүнө да таасирин тийгизген. Бул өзгөрүүлөрдүн негизги фактору болуп *илим* эсептелген, б.а. эксперименталдык-математикалык табият таануу илимдери (XVII к.). Акырындык менен астрономиялык, механикалык, физикалык, химиялык ж.б билимдердин жана жеке илимдердин өз алдынча тармактары пайда боло баштаган.

Илимдин өнүгүшү үчүн коомдук экономикалык, социомаданий шарттардан башка да, сүрөттөөгө, баяндап жазууга, бир системага салууда жана теоретикалык жалпылоодо билимдин өзүнүн өнүгүү деңгээли, жеткиликтүү фактылардын саны жана «запасы» зарыл болгон. Ошондуктан алгач негизги фактылар камтылган механика, астрономия, математика пайда болгон.

Кайра жаралуу доорунан тартып жеке илимдер жаратылыштын жана коомдун өзүнчө бөлүктөрүнө көңүл бура баштаган. Алар изилдөөнүн эмпирикалык методдоруна таянышкан. Көңүл борборунда адам проблемасы турган, анын улуулугуна, мүмкүнчүлүктөрүнө токтолушкан.

Курчап турган чөйрөнү илимий материалисттик негизде түшүндүрүшкөн (Жердин Күндүн тегерегинде айлануусу). Ошондой эле социалдык проблемаларга, коомго, мамлекетке карата кызыкчылыктар пайда

боло баштаган (Н.Кузанский, Г.Галилей, Л.Валла, М.Лютер, Т.Кампанелла ж.б.).

Ал эми Жаңы мезгилден (XVI-XVII к.) тартып илим эң негизги объектиге айланды:

1) илимий билимдин спецификасы жана анын калыптанышынын өзгөчөлүгү жөнүндөгү маселелер;
2) таанып-билүү жана анын методдору жөнүндөгү проблемалар;
3) илимдин коомдогу орду жана ролу жөнүндөгү маселелер;
4) адамдын жаратылыштын алдында бийиктигин көрсөтүү;
5) коомдук турмушта жаңы дүйнөгө болгон көз караштык түзүлүш калыптана баштады, б.а. дүйнөнүн жаңы образы, ой жүгүртүүнүн жаңы стили пайда болду (мисалы, геометриялык схемалар, теңдемелер);
6) жеке илимдерге эле кызыкчылыктар күчөбөстөн, жалпы теориялык, методологиялык, философиялык проблемаларга кызыкчылыктар өсө баштаган;
7) материализмдин (механикалык жана метафизикалык) принциптери, диалектиканын элементтери өнүгө баштаган.

Адегенде адамдардын билимдери чачыранды, кокус түрдө болуп, али илим болуп түзүлгөн эмес эле, анткени алар кубулуштардын сырткы, кандайдыр бир туруктуу байланыштарын гана сүрөттөп көрсөткөн.

Демек, илимдин келип чыгышы коомдун материалдык турмушунун керектөөлөрү менен шартталган. Мисалы, математика, механика, астрономия боюнча алгачкы маалыматтардын пайда болушу жер аянттарын, идиштердин сыйымдуулугун өлчөө зарылдыгына, кургактыктын жана деңиздин кайсы жеринде тургандыкты аныктоо проблемасына байланыштуу болгон.

Жыйынтыктап айтканда, адамды курчап турган дүйнө коомдук аң сезимдин илим сыяктуу формасынан көрүнөт. Илим адамдардын дүйнө жөнүндө билгендеринин белгилүү бир системасы болуп саналат. Ал табиятты, коомду, ой-пикирди жана алардын өнүгүшүнүн закон ченемдүүлүктөрүн

изилдейт. Илим табияттын үстүнөн адамдын бийлик кылышын арттырат, анын түшүнүгүн (кругозорун) кеңейтет жана коомдук мамилелерди жакшыртуунун жолдорун көрсөтүп берет.

## Метод жана методология түшүнүктөрү

Илимий таанып-билүүнүн деңгээлдери илимий изилдөөдө колдонулган методдору боюнча айырмаланат.

Метод (гр.methodos-жол, ыкма) – белгилүү максатка жетүүнүн усулу, ыкмасы, чындыкты өздөштүрүүдөгү практикалык жана теориялык ыкма, операциялардын жыйындысы.

Метод изилдеп, текшерилип турган процесстердин маңызын ачуунун жолдорун жана ыктарын көрсөтөт. Ал окумуштуу адамга изилдөөнүн туура багытын тандап алууга жардам кылат, теорияда болсун, практикада болсун көп каталыктарды жасоодон алдын-ала эскертет. Философия жана башка илимдер пайда болгон учурдан тартып жемиштүү методду изденүүлөр дайыма жүргүзүлө баштаган.

Методдун негизги функциясы болуп – таанып-билүү процессин жөнгө салуу жана аны уюштуруу же объектини практиканын жардамы аркылуу кайрадан өзгөртүп түзүү эсептелет. Ошондуктан метод (өзүнүн тигил же бул формасында) белгилүү эрежелердин, ыкмалардын, жоболордун, таанып-билүү нормаларынын жана иш-аракеттеринин биримдигине кирет. Метод субъектке конкреттүү тапшырмалары чечүүгө, белгилүү шарттарда акыйкаттуу жыйынтыктарга жетүүгө көмөк көрсөтөт. Кандай гана метод болбосун ал белгилүү теориялардын негизинде иштелип чыгат, ошону менен бирге ал өзү анын зарыл өбөлгөсү болуп эсептелет. Өз учурунда метод билимдин андан ары өнүгүшү, тереңдеши, практикада колдонулуш үчүн пайдаланылат. Методдун эффективдүүлүгү, күчү теориянын маанисине, тереңдигине, негизине шартталат. Методдун акыйкаттуулугу дайыма изилдөө предметинин (объект) мааниси менен шартталат.

*Методология –* универсалдуу, жалпы усулдары, ыкмалары жөнүндөгү окуу. Методология түшүнүгү эки негизги мааниге ээ:

1) тигил же бул иш-аракеттердин чөйрөсүндө колдонулуучу (илимде, саясатта, искусстводо ж.б.) аныкталган, такталган эрежелердин, принциптердин, операциялардын жыйындысы;
2) ушул системалар жөнүндөгү окуу, метод жөнүндөгү жалпы теория.

Методология проблемасы алгачкы жолу Сократ менен Платондун (диалогдук метод), Г.Гегель менен К.Маркстын (диалектикалык метод) окуусунда иштелип чыккан. Ошондуктан методология философия менен тыгыз байланышта (гносеология жана диалектика). Ал эми Жаңы мезгилден тартып (XVI-XVII к.) методология философияда гана иштелип чыкпастан жеке илимдерде б.а. механикада, физикада, химияда өнүгө баштаган.

Демек, методология — илимий изилдөө ишинде ошол ишти жазуу үчүн жол көрсөтө турган, таяныч бере алчу мурда түзүлүп калган илимий билимдердин жыйындысы. Ошондой эле окумуштуу изилдөөгө алып жаткан проблема үчүн ал багыттагы мурда изилденген, жалпыланган теориялык эмгектерди окуп-үйрөнүп, алардан жалпы багыт алат. Бул да изилдөөчүгө методологиялык негиз катары кызмат кылат. Методология илимий таанып-билүү иш-аракеттеринин принциптери, формалары жана жолдору жөнүндөгү окуу катарында эсептелинет.

**Илимий таанып-билүүнүн методдору**

Илимий таанып-билүүнүн структурасында төмөндөгүдөй методдорду бөлүп кароого болот:

1. Таанып-билүүнүн жалпы логикалык методдору.
2. Илимий методдор.

Илимий методдор өзү дагы экиге бөлүнөт:

1. Илимий таанып-билүүнүн эмпирикалык методдору.
2. Илимий таанып-билүүнүн теориялык методдору.

**Таанып- билүүнүн жалпы логикалык методдору**

1. **Анализ** (грек. ἀνάλυσις – ажыратуу, мүчөлөргө бөлүштүрүү) үйрөнүлүүчү предметти (кубулушту, процессти же алардын арасындагы байланыштарды) ага мүнөздүү болгон негизги элементтерге (касиеттерге, белгилерге, катнаштарга) ойдон же реалдуу түрдө ажыратуу процедурасы б.а. бүтүндөй нерсени бөлүктөргө бөлүп кароо. Адамдын жекече өнүгүшүндө анализ адегенде анын конкреттүү практикалык ишинде аткарылат (мисалы, предметтин формасын адегенде бала ал предметти ар кандай абалда кармалап көрүү менен гана анын касиетин ажыратат). Андан кийин бул операцияны көрүүнүн жардамы менен аткарат. Мунун артыкчылыгы – кабыл алуунун тез болушунда гана эмес, мында бир мезгилде предметтин башка да көп касиетин кошо камтый тургандыгында. Таанып-билүү методу катарында анализ көрсөтмөлүү аракеттүүлүктөн көрсөтмөлүү элестөөчүлүккө жана андан акыры сөз формасындагы логикага өсүп-өнүгөт.
2. **Синтез** (грек. synthesis – биригүү, айкашуу, түзүлүү) – тажрыйбалык иш-аракеттерде да, таанып-билүү процессинде да, нерсенин түрдүү жактарынын жана элементтеринин (бөлүктөрүнүн) бир бүтүндүккө биригүүсү. Бөлүнгөн бөлүктөрдү бир бүтүндүккө бириктирүү.
3. **Абстракция** – бул изилдөөчү кубулуштарды кээ бир касиеттерди жана катнаштарды эске албоо аркылуу изилденүүчү ойлоонун ыкмасы. Абстакциялоо процесси эки баскычка ээ: 1) кээ бир касиеттерди жана катнаштарды эске албоо; 2) изилдөөчү кызыктырган касиеттер менен катнаштарда өзгөчө белги менен алмаштыруу.
4. **Аналогия** (грек. - далма-дал келүү, окшошуу) – нерселердин жана кубулуштардын касиеттеринин окшоштугу боюнча изилдөө усулу. Мисалы, самолеттордун, верталеттордун канаттууларга

окшоштурулуп жасалышы аналогия методунун жардамында ишке ашкан.

5. **Дедукция** (лат. deductio – чыгаруу) – жалпы мүнөздүү ой жүгүртүүлөрдөн жеке корутунду чыгаруу усулу. Мисалы, өсүмдүктөр – бул жалпы ой жүгүртүү, ал эми кайың, тал, терек, арчалар ж.б.- жеке ой корутунду.
6. **Индукция** (лат. Inductio – тартипке келтирүү) – жеке ой жүгүртүүлөрдүн негизинде жалпы ой корутунду чыгаруу усулу. Мында ой аркылуу жекеден жалпыга өтөбүз.
7. **Жалпылоо** – каралып жаткан чөйрөдөгү нерселердин жалпы белгилерин (касиеттерин, алакаларын, өнүгүү тенденцияларын ж.б.) изилдөөчү усул. (Мисалы, «жылуулук» түшүнүгүнөн «энергия» түшүнүгүнө, Евклиддин геометриясынан Лобачевскийдин геометриясына өтүү).
8. **Моделдештирүү** (француз тилинен modele – үлгү, өрнөк) – таанып-билүү объектилерин алардын моделдери, көчүрмөсү аркылуу изилдөө, реалдуу жашап турган предметтердин жана кубулуштардын моделдерин түзүү аркылуу изилдөө усулу. Мисалы, Жерди түздөн-түз изилдөөгө болбогондуктан, анын моделин түзүп алабыз мисалы, глобус.

Таанып-билүүнүн жалпы логикалык методдору кабыл алуунун тез болушуна гана эмес, мында изилденип жаткан предметтин түрдүү касиеттерин аныктоого жардам берет. Ошондой эле, объектинин ар кайсы жактарын жана элементтерин бир бүтүндүккө бириктирип, алардын касиеттеринин окшоштугун айырмалоого, ой жүгүртүү менен жыйынтык чыгарууга чоң салым кошот.

**Илимий таанып-билүүнүн эмпирикалык методдору**

Илимий таанып-билүүнүн эмпирикалык методдоруна: **байкоо, эксперимент, салыштыруу, баяндап жазуу, өлчөө** кирет.

**Байкоо** - объективдүү реалдуулуктун кубулуштарынын, предметтеринин сырткы белгилерин, касиеттерин максаттуу түрдө кабылдоо. Дүйнөнү жана нерселерди табигый шартта изилдөө. Байкоонун жүрүшүндө изилденип жаткан объектинин сырткы жактары, касиеттери жана катнаштары жөнүндө билим алабыз. Байкоо процесси төмөндөгү элементтерди өз ичине камтыйт: байкоочу, байкоонун объектиси жана байкоонун каражаттары.

Эксперименттен айырмаланып, байкоо процессинде субъект пассивдүү ролду ойнойт же объектиге түздөн – түз таасирин тийгизе албайт, сыртынан гана байкоо жүргүзөт. Байкоо жүргүзүүнүн жыйынтыктары баяндап жазылат.

Байкоонун түрлөрү:

*1) түздөн-түз байкоо*: изилденип жаткан объект субъект тарабынан түздөн-түз эч кандай приборлорсуз кабыл алынат.

*2) кыйыр түрүндөгү байкоо:* объект менен субъектинин объектини изилдөөдө ар түрдүү приборлордун, инструменттердин колдонулушу. Мисалы, лупа, микроскоп, телескоп ж.б.

**Эксперимент** – нерсени лабораториялык жасалма шарттарда изилдөө. Изилденүүчү объект ар кандай приборлорду жана каражаттарды түздөн-түз колдонуу аркылуу таанып билет.

Эксперименттин түрлөрү:

1) *Түз, натуралдык* – изилденип жаткан объектинин өзү изилденет: Объектиге субъект эксперименталдык материалдардын жардамы аркылуу активдүү таасир этет (инструменттердин, приборлордун, аппараттардын ж.б.)

2) *Моделдүү* – объектинин өзү (оргинал) эмес, анын моделин түзүп алуу аркылуу изилденет. Моделдүү эксперимент түз эксперимент жүргүзүү үчүн шарттар болбогон учурларда жүргүзүлөт: мейкиндикте жана убакытта алыс болуу, өтө чоң же өтө кичине болуу ж.б.

Мында изилдөөчү активдүү ролду ойнойт. Ал эксперимент учурунда процесстин жүрүшүндө активдүү түрдө кийлигишет, өзү каалагандай шарттарды түзө алат.

**Салыштыруу** – объектинин окшош жактарын жана айырмачылыктарын аныктоочу таанып-билүү ыкмасы. Кандайдыр бир нерсени, көрүнүштү, толук жана конкреттүү көрсөтүп берүү үчүн биз аны башка нерсе, көрүнүш менен окшоштурабыз, алардын жалпы белгилерин, окшош жактарын жана айырмачылыктарын көрө билип, салыштырабыз.

**Баяндап жазуу** – изилдөөнүн (байкоонун жана эксперименттин) жыйынтыктарынын негизинде объект жөнүндөгү маалыматтарды табигый жана жасалма тил аркылуу белгилөө. Баяндап жазуунун негизинде маалымат түшүнүк, белги, схема, сүрөт жана таблица түрүнө которулат. Ошондуктан, баяндап жазуу сандык жана сапаттык баяндап жазуу болуп бөлүнөт.

**Өлчөө** – өлчөө каражаттарынын жардамы менен өлчөнүп жаткан чоңдуктун сандык маанисин табуу максатында өлчөөнүн бирдиги иретинде кабыл алынган иш- аракеттердин биримдиги.

Жыйынтыктап айтканда, изилдөөнүн эмпирикалык методдору үстүртөн ишке ашырылбайт, ал теориялык жактан такталган, аныкталган концептуалдык идеялар менен багытталат, б.а. илимий фактыларга, эмпирикалык мыйзамдарга таянат.

### Илимий таанып-билүүнүн теориялык методдору

Теориялык изилдөөдө изилденип жаткан объект, анын кубулушу маңызы – ички байланыштары, мыйзам ченемдүүлүктөрү изилдөөчүнүн информациялык базасындагы бар болгон теориялык мыйзамдар аркылуу изилденет. Анын натыйжасында ошол мыйзамга ылайык келүүсү аныкталат же жокко чыгарылат: жаңы теориялык мыйзам жөнүндө божомол келип чыгат. Теориялык изилдөөнүн этаптары болуп гипотеза, теория, эксперименталдык жана логикалык текшерүү (гипотезанын акыйкат же жалгандыгын текшерүүчү ойлоо түрүндөгү жана реалдуу эксперимент процесстери) эсептелет.

Илимий таанып-билүүнүн теориялык методдору:

**Формалдаштыруу** – белгилер, символдор жана формулалар аркылуу ой жүгүртүү.

Формалдык логика ой-жүгүртүү актысын изилдеген илим (түшүнүк, ой жүгүртүү жана ой корутундулоонун жыйынтыгы). Формалдык логиканын негизги милдети – аныкталган, такталган илимдин мыйзамын, принциптерин формалдаштыруу. Аристотелдин эмгегинин натыйжасында формалдык логика калыптанган.

**Идеалдаштыруу** – бул таанып-билүүдө реалдуулукта жок идеалдык түшүнүктөрдү пайдалануу усулу.

**Математикалык метод** – математикалык операцияларды сандарды пайдалануу.

**Аксиоматикалык метод** – асиомаларды пайдаланууга негизделет. Аксиома – бул бир нече жолу далилденгендигине байланыштуу акыйкаттыгы күмөнсүз далилдөөнү талап кылбаган абал.

**Генетикалык метод** – тигил же бул кубулуштардын, процесстердин келип чыгышын изилдөөгө жардам берет. Мисалы, жердеги тиричиликтин келип чыгышын аныктоо, адамдын келип чыгышын изилдөө ж.б.

**Тарыхый метод** – предметтин процесстин көрүнүштөрүн бардык формасында жана толук түрүндө изилдеп чыгуу. Нерселерди изилдөөдө анын бардык өнүгүү тепкичтерин изилдөө зарыл. Нерселердин тарыхын изилдегенде ошол нерсенин өнүгүүсүнүн мыйзам ченемдүүлүгү жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүнчүлүк түзүлөт жана ошол аркылуу ал нерсенин келечеги жөнүндө алдын ала айтууга жол ачылат.

**Логикалык метод –** предметтин өнүгүүсүнүн жалпы багытталышын жана процесстин карама-каршылыктарын аныктайт. Бул учурда предметтин бардык тарыхы каралбайт же болбосо нерселердин биринчи, экинчи өнүгүү тепкичтери гана изилденип, калган өнүгүү тепкичтери жөнүндө жөн гана ойлонуу аркылуу жыйынтык чыгарылат.

**Абстрактуудан конкреттүүлүккө өтүү** – конкреттүү фактыларды, нерселерди изилдөөдөн жалпы абстрактык мыйзамдарды иштеп чыгуу. Бул методдун жардамында толук эмес (абстрактуу) билүүдөн толук (конкреттүү) билүүгө өтүү ишке ашат. Диалектикалык салтта абстрактуу кең мааниде

билүүнүн бир тараптуулугу, «жардылыгы» ал эми конкреттүү – анын толуктугу, мазмундуулугу катары каралат. Ушундай мааниде абстракттуулук принциби илимий таануу процессинин азыраак мазмундуулуктан көбүрөөк мазмундуу билүүгө өтүү багытын мүнөздөйт. «Абстракттуу» жана «конкреттүү» түшүнүктөрү алгач Гегель тарабынан пикирдин мазмундуулугун, өнүккөндүгүнүн айырмасын мүнөздөө үчүн колдонулган. Гегель конкреттүүнү акыл-эс менен, ал эми абстракттууну – ойлоо, ой жүгүртүү менен байланыштырган.

**Гипотетика-дедуктивдик ыкма** – чыныгы мааниси белгисиз гипотезалардан бүтүм чыгарууга негизделген ой жүгүртүү ыкмасы. Дедуктивдик ой жүгүртүүдө чындыктын мааниси бүтүмгө жүктөлүп, ойлоо гипотеза болгондуктан, гипотетика-дедуктивдүү ыкма бүтүмү бүдөмүк мүнөзгө ээ. Ошондуктан гипотеза-дедуктивдик ой жүгүртүү үч топко бөлүнөт:

1- топко гипотезалар менен эмпирикалык жалпылоолор;

2- топко такталган фактылар же теориялык принциптерге карама-каршы келген гипотетико-дедуктивдик бүтүмдөр;

3-топко кабыл алынган ой-пикир менен ишенимдерге карама-каршы келген гипотетикалык-дедуктивдүү ой жүгүртүүлөр кирет.

Жыйынтыктап айтканда, илим изилдөө процессинде теориялык методдор негизги роль ойнойт, анткени алар көп сандаган далилдердин чогулуусун өз ичине камтыйт жана конкреттүү кубулуштарды жалпы мыйзамдардын негизинде түшүнүүгө жардам берет, адамдын түшүнүктөрүн системага келтирет.

**Бышыктоо үчүн текшерүүчү суроолор:**

1. Илимий таанып-билүүнүн өзгөчө белгилерине токтолгула.
2. Илимдин пайда болуу тарыхын тактагыла.
3. Илимий изилдөөнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдери жөнүндө маалымат бергиле.

4. Илимий таанып-билүүнүн методдорунун байланыштарын жана айырмачылыктарын атагыла.

## Корутунду

Сунуш кылынып жаткан окуу куралында жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандартына ылайык философия предметине тиешелүү негизги категориялар жана түшүнүктөр берүүгө аракет жасалды.

Азыркы ааламдашуу мезгилине көңүл буруу аркылуу философиялык проблемалардын көп кырдуу мазмуну чечмеленип берилди. Философия башка предметтерден универсалдуулугу менен өзгөчөлөнгөндүктөн студенттерге жаратылыш, коом жана адам бытиелерин, алардын байланыштарын, таанып-билүү процессин тереңдеп караганда цивлизациялык, жалпы адамзаттык жана руханий баалулуктардын биримдикте өздөштүрүлүшү эске алынды.

Философия боюнча лекциялар курсу кыргыз тилдүү студенттерине жардам берүү максатын көздөө менен философиянын категориялдык-түшүнүк аппаратын кыргызча түшүндүрүүдө чоң жардамчы боло алат. Студенттердин көңүлүн философиялык проблемаларга бурууда жана кызыктырууда көмөк берет.

## Терминдер

**Абстрактуудан конкреттүүлүккө өтүү** – конкреттүү фактыларды, нерселерди изилдөөдөн жалпы абстрактык мыйзамдарды иштеп чыгуу. Бул методдун жардамында толук эмес (абстрактуу) билүүдөн толук (конкреттүү) билүүгө өтүү ишке ашат.

**Агностиктер** – дүйнөнү таанып-билүү мүмкүн экендигин ачыктан-ачык танып келишкен.

**Абсолюттуу акыйкат** – бул белгилүү учур үчүн курчап турган дүйнөнү ар тараптан, туура чагылдырган эң акыркы, эң толук кандуу билим.

**Адашуу** – бул да туура эмес чагылуу, бирок түшүнбөстүктөн улам келип чыккан туура эмес чагылуу.

**Акыйкат** – дүйнөнүн туура чагылып көрсөтүлүшү.

**Анализ** (гре. ἀνάλυσις – ажыратуу, мүчөлөргө бөлүштүрүү) – үйрөнүлүүчү предметти (кубулушту, процессти же алардын арасындагы байланыштарды) ага мүнөздүү болгон негизги элементтерге (касиеттерге, белгилерге, катнаштарга) ойдон же реалдуу түрдө ажыратуу процедурасы б.а. бүтүндөй нерсени бөлүктөргө бөлүп кароо.

**Аналогия** (грек. - далма-дал келүү, окшошуу) – нерселердин жана кубулуштардын касиеттеринин окшоштугу боюнча изилдөө усулу.

**Антропология** – адам жөнүндөгү окуу.

**Антропоцентризм** – бул философиялык дүйнөгө болгон көз караштын борборунда адам проблемасы турат.

**Антропосоциогенез** проблемасы (грек-антропос-адам, латын социо-коом, генез-келип чыгуу) – адам менен коомдун келип чыгуу проблемасы.

**Аң сезим** – бул адамдын иш аракетинде негизги орунду ээлген, рухийлүүлүктүн жаралышын жана баардык таанып билүүнүн түшүнүктөрүн белгилөөчү философиялык түшүнүк. Объективдүү дүйнөнүн субъективдүү образы.

**Байкоо** – объективдүү реалдуулуктун кубулуштарынын, предметтеринин сырткы белгилерин, касиеттерин максаттуу түрдө кабылдоо.

**Баяндап жазуу –** изилдөөнүн (байкоонун жана эксперименттин) жыйынтыктарынын негизинде Объект жөнүндөгү маалыматтарды табигый жана жасалма тил аркылуу белгилөө.

**Билим –** бул адамдын эс-тутуму менен маалыматтын кандайдыр бир материалдуу нерсесинде (китептерде, магниттик ленталарда, дискеталарда ж.б.) чагылган тааным процессинин *факт, түшүнүк, пикир, гипотеза, концепция, теория* формасындагы натыйжалары.

**Биологизатордук концепция** – адамдын биологиялык жагын жогору коюп, социалдык жагын четке кагат б.а. булар адамдарды жалаң гана биологиялык жандык катары карашат.

**Бытие –** бул реалдуу жашаган, стабилдүү, өз алдынча, Объективдүү, түбөлүк бар болгон нерселердин баарын өз ичине камтыган субстанция.

**Гипотетика-дедуктивдик ыкма –** чыныгы мааниси белгисиз гипотезалардан бүтүм чыгарууга негизделген ой жүгүртүү ыкмасы.

**Гностицизм** – дүйнөнү таанып билүүгө болот, адамдын таанып билүү мүмкүнчүлүктөрүнө чек жок дейт.

**Гносеология** (грекчеден qnosis- билим, тааным, loqos-окуу) – дүйнөнү таанып-билүү тууралуу окуу.

**Дедукция** (лат. deductio – чыгаруу) – жалпы мүнөздүү ой жүгүртүүлөрдөн жеке корутунду чыгаруу усулу.

**Деизм** – булардын көз караштары дуализмдердин көз караштарына окшош болгон, бирок дүйнөнү эң алгач кудай жараткан да, адамдардын андан кийинки турмушуна кийлигишпейт деп түшүндүрүшөт.

**Диалектика** – философиялык изилдөөнүн методу, мында нерсе жана көрүнүштөрдү карама-каршылыкта, өзгөрүүдө, өнүгүүдө, себеп натыйжада деп кароо жана изилдөө жүргүзүлөт.

**Дин** – дүйнөгө болгон көз караштын формасы, ал фантастикалык, табияттан тышкаркы күчтөрдүн адамдардын турмушуна, курчап турган дүйнөгө таасир этүү ишенимине негизделген.

**Догматизм** – курчап турган чөйрөнү догма аркылуу, али такталбаган жогорудан берилген абсолюттук мүнөздөгү ойлор аркылуу кабыл алуу.

**Дуализм** – бул дүйнөнүн негизинде бири-бирине көз каранды болбогон эки башталма материя жана идея жатат деп эсептеген философиялык окуу.

**Дүйнөгө болгон көз караш** – адамдардын дүйнөдө ээлеген орду жана алардын курчап турган дүйнө жөнүндөгү элестөөлөрү, түшүнүктөрү, көз караштарынын жыйындысы.

**Жалган** – бул дүйнөнүн атайын эле туура эмес чагылуусу.

**Жалпылоо** – каралып жаткан чөйрөдөгү нерселердин жалпы белгилерин (касиеттерин, алакаларын, өнүгүү тенденцияларын ж.б.) изилдөөчү усул.

**Жаратылыш** - адамдын жана коомдун жашоосунун табигый шарттарынын жыйындысы.

**Идеалдаштыруу** – реалдуу дүйнөдө болбогон объектилер жөнүндөгү түшүнүктү ойлоо аркылуу түзүү усулу.

**Идеализм** – аң сезимди (духту, идеяны) алгачкы деп эсептешет.

**Илимий таанып-билүү** – бул жаңы билимди алууга багытталган чыгармачыл ишмердүүлүк же дүйнөнүн жана таанып-билүүнүн өзүнүн Объективдүү мыйзамдарын ачууга, курчап турган дүйнөнү практиканын жардамы аркылуу кайра өзгөртүп түзүүгө багытталган рухий өндүрүштүн өзгөчө түрү, таанып-билүүнүн эң жогорку формасы.

**Индукция** (лат. Inductio – киришме) – жеке ой жүгүртүүлөрдүн негизинде жалпы ой корутунду чыгаруу усулу.

**Иррационализм** (лат. irrationalis – акыл-эссиз) таанып-билүүдөгү акыл-эстин ролун танган же чектеген философиялык метод.

**Кабыл алуу** – бул нерселердин бүтүндөй чагылуусу же туюумдардын суммасы. Башкача айтканда ар кандай сезүү органдарына предметтин таасири астында пайда болгон предметтин бүтүн образы.

**Космоцентризм** – философиялык көз караш, анын негизинде курчап турган дүйнөнү жана жаратылыштагы көрүнүштөрдү тышкы күчтөрдүн таасир этүүсү аркылуу түшүндүрүү.

**Кыймыл –** бул ар кандай өзгөрүү, ал эми өнүгүү – белгилүү багытта жүргөн кыймыл.

**Материализм –** материя алгачкы жана дүйнөнү таанып-билүүгө болот деп эсептейт.

**Материя** – бул Объективдүү дүйнөнү чагылдырган философиялык категория, ал дүйнө биздин туюларыбыз аркылуу копияланат, сүрөттөлөт, чагылдырылат жана көз карандысыз жашайт.

**Мейкиндик** – философиялык категория, ал материалдык Объектилердин аралыгын өз ара жайгашкандыгын, алардын элементтерин түзүүчү жашоону жана өз ара аракеттенүүнү мүнөздөйт. б.а. мейкиндик бул – материянын жашоо орду болуп саналат.

**Метафизика** – каралуучу Объект өз алдынча байланышсыз каралат.

**Метод** (гр.methodos-жол, ыкма) – белгилүү максатка жетүүнүн усулу, ыкмасы, чындыкты өздөштүрүүдөгү практикалык жана теориялык ыкма, операциялардын жыйындысы.

**Методология –** универсалдуу, жалпы усулдары, ыкмалары жөнүндөгү окуу.

**Мифология** – бул коомдук аң сезимдин формасы, байыркы коомдук көз караш. Ал өзүнө курчап турган чындыкты фантастикалык же реалистик кабыл алууларды камтыйт.

**Моделдештирүү** (француз тилинен modele – үлгү, өрнөк) – таанып-билүү объектилерин алардын моделдери, көчүрмөсү аркылуу

изилдөө, реалдуу жашап турган предметтердин жана кубулуштардын моделдерин түзүү аркылуу изилдөө усулу.

**Монизм –** бул дүйнөнүн негизин бир гана нерсе түзөт деген философиялык агым.

**Объект** – бул изилдөөчү жагынан изилденип бүткөн же азыркы учурда изилденип жаткан дүйнөнүн бөлүкчөсү.

**Ой жүгүртүү** – бул ойдун бекемделишин же таанылышын белгилөөчү форма. Ал түшүнүктүн мазмунун ачуу үчүн кызмат кылат.

**Ой корутундулоо** – бул белгилүү сандагы ой жүгүртүүлөрдөн корутунду же тыянак чыгаруучу ойлоонун формасы.

**Онтология** – бытие проблемасын изилдеген философиялык борбордук бөлүктөрдүн бири.

**Өлүм** – бул өмүрдүн же жашоонун токтошу.

**Өлчөө –** өлчөө каражаттарынын жардамы менен өлчөнүп жаткан чоңдуктун сандык маанисин табуу максатында өлчөөнүн бирдиги иретинде кабыл алынган иш- аракеттердин биримдиги.

**Практика** (грекчеден praktikos-ишмердүү, активдүү) – бул дүйнөнү өзгөртүп түзүүгө жана өзүн-өзү өзгөртүүгө багытталган максаттуу ишмердүүлүк.

**Расизм** – бул адамдарды терисинин түсүнө карап ажыратышат б.а. бир расаны экинчи расадан жогору коет.

**Рационализм** – бул сезимдик таанып-билүүнү четке кагат да, дүйнөнү таанып-билүүдө рационалдык таанып- билүү жетиштүү деп эсептейт.

**Релятивизм** – таанып-билүүдө жалаң гана салыштырмалуу акыйкаттар бар деп эсептеген агым.

**Салыштырмалуу акыйкат –** практика менен таанып-билүүнүн өнүгүүсүнүн жүрүшүндө ар бир билимдин өзгөргүчтүгүн, туруксуздугун, анын толукталышын, бурмаланышын, такталышын, түзөлүшүн туюндурат, б.а. бул өзгөрүп турган, толук эмес акыйкат.

**Салыштыруу** – объектинин окшош жактарын жана айырмачылыктарын аныктоочу таанып-билүү ыкмасы.

**Синтез** (грек. synthesis – биригүү, айкашуу, түзүлүү) – тажрыйбалык иш-аракеттерде да, таанып-билүү процессинде да, нерсенин түрдүү жактарынын жана элементтеринин (бөлүктөрүнүн) бир бүтүндүккө биригүүсү. Бөлүнгөн бөлүктөрдү бир бүтүндүккө бириктирүү.

**Скептиктер** (грекчеден- термелүү, күмөн саноо) – дүйнө тууралуу билимдердин чындыгынан күмөн саноо.

**Социал-дарвинизм** – коомдо дагы Дарвиндин табигый тандалуу мыйзамы иштеш керек дейт.

**Социологизатордук концепция** – бул концепциянын жактоочулары адамдагы биологиялык жактарды четке кагып, адамдардын социалдык жагын жогору коюшат.

**Субъект –** бул таанып-билүү процессине катышкан инсан же топ.

**Субстанция –** бул өз алдынча жашаган, өзүнүн бар болгондугуна башка нерселерге көз каранды болбогон, бардык заттардын, көрүнүштөрдүн түпкү негизи же маңызы.

**Таанып-билүү –** бул дүйнөнүн чагылуусу, адамдардын ошол дүйнөгө болгон активдүү мамилеси.

**Теоцентризм** – бардык нерселер түшүнүксүз, табияттан тышкаркы жогорку күчкө кудайга көз каранды деп түшүндүрүлөт.

**Туюу** – таанып биле турган кубулуштун айрым касиеттерин, жактарын чагылдырган таанып билүүнүн алгачкы формасы.

**Түшүнүк** – бул предметтин жалпы жана негизги белгилерин чагылдыруучу ой.

**Убакыт** – философиялык категория, ал ар кандай объектилердин жашоосунун узактыгын, алардын абалдарынын алмашуу ырааттулугун билдирет.

**Философия** – жаратылыштын, коомдун жана аң сезимдин жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрүн окутуп үйрөтүүчү илим болуп саналат.

**Философиялык антропология** – адам проблемасын караган философиянын бөлүгү.

**Философиялык методдор** – философиялык изилдөөлөрдү ишке ашырууда колдонулуучу жолдор же каражаттар.

**Формалдаштыруу –** билимдин белги жана символ (формула) түрүндө сүрөттөлүшү же берилиши.

**Чагылуу –** бул материалдык предметтердин баарына тиешелүү болгон касиет же материалдык системалар өз ара катнашта болгон экинчи бир материалдык системалардын касиеттерин өзүндө калыбына келтирүү (копиялоо) жөндөмү.

**Элестөө** – бул биздин аң сезимибизде предметтин же кубулуштун чагылып көрсөтүлүшү же качандыр бир кабыл алынган нерсенин кайрадан чагылып көрсөтүлүшү.

**Эклектика** – мында бөлүнгөн, бирдиктүү чыгармачылык башаты жок фактыларды, түшүнүк категорияларды жасалма түрдө бириктирүү жана үстүртөн чындыкка окшогон жыйынтык чыгаруу.

**Экология –** бул тирүү организмдердин бири-бири менен жана курчап турган айлана чөйрө менен болгон байланышын окутуп үйрөтүүчү илим.

**Эксперимент –** нерсени лабораториялык жасалма шарттарда изилдөө.

**Эмпиризм** – бул рационалдык таанып-билүүнү четке кагат да, дүйнөнү таанып-билүүдө сезимдик таанып-билүү жетиштүү деп эсептейт.

## Колдонулган адабияттар:

1. Абдылдаев Т.А, Жумагулов М.Ж. Причинно-следственные связи во взаимоотношении общества и природы.- Фрунзе: Илим, 1996.-141с
2. Абдылдаев Т.А. Характер взаимоотнощения общество и природа в условиях научно-технической революции.- Фрунзе: Мектеп, 1976.-132с.
3. Абрамзон С.М. Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. -Алма-Ата.: Наука, 1984.-384с.
4. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов.- Бишкек.: Илим, 1998.-268с.
5. Алексеев И.В. Наука и мировоззрение.-М., 1983.
6. Алексеев П.В., Панин А.В. Философия.-М., 2003.
7. Алтмышбаев А. Очерк истории развития общественно – политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии.- Фрунзе: Илим, 1985.-150с.
8. Алтымышбаев А. Октябрь и развитие обшественного сознания кыргызского народа. – Фрунзе : Илим., 1980 – 172с.
9. Асаналиев К. Көркөм нарк. Фрунзе, 1988.
10. Аскаров Т. Эстетическая природа художественной условности. – Фрунзе: Илим, 1966.-157с.
11. Асмус В.Ф. Античная философия.-М., 1976.
12. Аттокуров Т. Коомдун социалдык-саясый проблемалары.-Ош,2006.
13. Бабушкин В.У.О природе философского знания.-М., 1978.
14. Байбосунов А.А. Донаучные представления киргизов о природе.-Ф., Мектеп., 1990.-185с.
15. Байбосунов А.А. Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек: Элпек, 2001.-60с.
16. Барпы. Чыгармалардын 1 томдук жыйнагы. Ф., Кырг., 1970.
17. Боломолов А.С. Античная философия.- М.,1985.
18. В.И. Ленин. Чыгармалар. 38-том, 178-бет.
19. В.И.Ленин. Чыгармалар, 4-басылышы,14-том, 146-147-беттер.

20. Валиханов Ч.Ч. Собр.соч. В 5-ти т. –Алма-Ата.- Каз.сов.энц 1984.
21. Введение в философию: Учеб.пособие для вузов .- М., 2002.
22. В.И.Вернадский В. И.О науке.- М., 1998, Т. 1. С. 464.
23. В.И.Вернадский В.И. Биосфера и ноосфера.- М: Наука, 1989-258с.
24. Герасимов И.П. Экологические проблемы в прощлой, настоящей и будушей географии мира.-М.:Наука, 1985.
25. Горбачев В.Г. Основы философии. Курс лекций.-М., 1998.
26. Джумагулов С., Алиев А. Курс философии.-Ош, 1998, 150-стр.
27. Жаныбеков Ж. Даанышман ойчул. –Б.: Кыргызстан., 1991.-96б.
28. Жаныбеков Ж. Кыргыз рухундагы социалдык философиялык идеялар жана көз караштар.-Ош., 1996.-129б.
29. Жеңижок. Ырлар. Фрунзе, 1982.
30. Жумагулов М. Взаимодействие человека и природной среды: диалектико-логический анализ.-Бишкек.:Илим, 1996.
31. Ильенков Э.В. Философия и культура.- М., 1991.
32. Ильин В. История философии: Учеб.для вузов. СПб., 2003.
33. История философии.-Ростов н/Д .,2002.
34. К. Маркс жана Ф.Энгельс. Чыгармалар 20-том, 545-бет.
35. Каратини Р. Введение в филосрфию.-М.,2003.
36. Кебекова Б. Кыргыз-казак фольклордук байланышы: Фрунзе: Илим, 1992.
37. Кириленко Г.Г., Шевцов Е.В. Краткий философский словарь.- М., 2003.
38. Кожожаш. Бишкек: Шам,1996.
39. Кохановский В.П. Философия.- Ростов н/Д ., 2010.
40. Кохановский В.П. Основы философии науки. -М., 2008.
41. Кохановский В.П. Философия для аспирантов.- Ростов н/Д .,2002.
42. Кохановский В.П. Философия и методология науки.- Ростов н/Д .,1999.
43. Кыргыз поэзиясынын анталогиясы.Бишкек., 1999.

44. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки.-Фрунзе: Илим., 1973.
45. Кыргыз элинин санат-насыят жана терме ырлары. –Фрунзе., Илим., 1973., 340-б.
46. Лешкевич Т.Г.Теория познания и философия науки.- Ростов н/Д .,2002.
47. Манас. Сагымбай Орозбак уулунун варианты боюнча. Фрунзе, Кыргызстан, 1979.
48. Манас. Саякбай Каралаевтин варианты боюнча академиялык басылыш 1-китеп. Бишкек, Кыргызстан, 1995.
49. Моисеева Н.А. Философия.- М., 2006.
50. Мурас. Ф., 1990.
51. Самыгин С.И. История философии.- М., 2011.
52. Скирбек Г., Гилье Н. История философии: Учеб. Пособие для вузов.- М., 2000
53. Смирнов И.Т. Философия: Субъект и объект познания.- М., 2010.
54. Современный философский словарь.- М., 1998.
55. Соколов В.В. Средневековая философия.- М., 1979.
56. Спиркин А.Г. Философия. Учебник для вузов.-М.,2000.
57. Токоева Г.А., Эргешбаева Р.Дж. Философиялык терминдердин жана түшүнүктүрдүн сөздүгү.- Ош, 2012.
58. Токоева Г.А., Аматова Г.У. Философия боюнча лекциялар курсу. Ош, 2017.
59. Уайтхед А. Избранные работы по философии.-М., 1990.С.544.
60. Философский энциклопедический словарь. (гл. ред Л.Ф. Ильичев и др. –М.: Сов. Энциклопедия., 1983.
61. Философский энциклопедический словарь.- М., 1989.
62. Шестов Л. Философия и теория познания.-М., 2012.
63. Элдик мурастын философиясы. |Жооптуу редактор О.Тогусаков|. Бишкек, 2003. 293 б.

64. Энгельс Ф. Диалектика природы.-М.: Госполитиздат, 1955.-328с.
65. Эр Төштүк. Бишкек, “Шам” 1996.
66. Юдахин К.К. Киргизско-русский словарь. -М., Советская энциклопедия. 1965.
67. Юсупов О.К. Азыркы мезгилдеги табият таануунун концепциялары предмети боюнча түшүнүктөрдүн жана терминдердин түшүндүрмө сөздүгү.- Ош, 2013

## Мазмуну

1. **Кириш сөз**……………………………………………3-4

2. Адамдын жана коомдун турмушундагы философиянын ролу…..5-19

3. Дүйнөнү философиялык түшүнүү: бытие, материя баштапкы категория катары..........................................20-42

4.Жаратылыш - философиялык ой жүгүртүүнүн объектиси катары.....................................................................43-76

5.Диалектика жана анын альтернативалары…………77-97

6. Философиядагы адам проблемасы...........................98-116 7.

Аң сезим, анын келип чыгышы жана маңызы.......117-130
8. Таанып-билүү философиялык анализдин предмети катары....................................................131-153
9. Илимий таанып-билүү. Илимий таанып-билүүнүн методдору..........................................................154-175
**Корутунду…………………………………………………..176**
Терминдер....................................................................177-185
Адабияттар...................................................................186-190